Жолдубай Сүйүнбаев



# ТЕҢИРТООЛУК МЕДИКТЕР

ЖОЛДУБАЙ СҮЙҮНБАЕВ

# ТЕҢИРТООЛУК МЕДИКТЕР

*Өмүр баяндар, арноолор*

«Учкун»
Бишкек 2008

УДК 821,51
ББК 84Ки 7-4
С 91

Китептин жарык көрүшүнө демөөрчү болгон жеке ишкер БЕЙШЕНААЛЫ НУРДИНОВго терең ыраазычылыгымды билдиремин.

*Автор.*

**Сүйүнбаев Жолдубай.**

С 91 Теңиртоолук медиктер: Өмүр баяндар, арноолор. – Б.: Учкун, 2008. – 208 б.

ISBN 978-9967-428-78-2

Касиеттүү Теңиртоо жергесинде ары ардактуу да, түйшүктүү да кесипте эмгектенип, өмүр сакчылыгында элдин алкоосуна ээ болгон, терең урмат-сыйга татыктуу кээ бир медицина кызматкерлеринин кыскача өмүр баяндарына токтолуу менен азыноолак ыр саптары арналды.

С 4702300100-08

УДК 821,51
ББК 84Ки 7-4

ISBN 978-9967-428-78-2

© Сүйүнбаев Ж., 2008.

# АВТОРДОН

*«Ден соолукту сактоо медицинанын милдети,*
*оорунун себебин аныктап, аны жоготуунун негизи».*
*Абу Али ибн Сина (АВИЦЕННА)*

*Бекеринен кыргыз элинде «Биринчи байлык ден соолук» деген таамай макал айтылбаса керек.*

*Ааламдан не деген бир даанышман дарыгерлер, тамырын кармап так айткан табып-тамырчылар, келечекти көрө билген олуялар өткөн. Алардын көч башында Гиппократ, Цельс, Улукман акебиз турат эмеспи. Улуу держава СССР чачырап, ар бир мамлекет өз арбайын уруп калган мезгилге туш келген медицина тармагыбыз бүлбүлдөп өчө жаздап эми жанданып келе жаткансыйт. Алла Таалам пендесин жаратканда анын чекесине ажалын кошо жаратат тура.*

*Адамды ажалга бербей арачалаган медиктердин эмгеги ардактуу да, түйшүгү андан да көп.*

*Ардактуусу бейтабы оорусунан айыгып кетсе сый-урматка татыйт, ал эми Кудайдын буйругу менен жашоодон өтүп кетсе атайын өлтүргөнсүп врачтардан көргөн учурлар да болот эмеспи.*

*А бирок тагдырыбызга кандай ажал жазылганын эч кимибиз билбейбиз. Биз ошон үчүн күнөөлүү пендебиз. Баарынан ажал улуктугун билебиз, бирок жарыкчылык жашоого эч тойбойбуз. Медиктерди ажалдан алып калчу олуядай сезебиз.*

*Кыскасы, аларды алкаганыбыз да, каргаганыбыз да бат. Алкышка арзып каргышты көтөрө да билген медиктер. Кесиптеринин түйшүгүнүн ордугуна, айлык маянасынын аздыгына да кайыл болушуп, элдин ден соолугу үчүн эмгектенип келишет.*

*Облустагы жалпы медиктердин иштерин ийгиликтеп, кыйынчылыгы көп кызматтарын урматтап, айрымдарыңыздарга алты саптан арноо тилек ыр арнап же кыскача айтканда, Мидикемди туурап Теңиртоолук медиктерге «Медиктердин маршын» жаздым.*

*Канчалык чарчап турсаңыздар да өзүңүздөргө же таанышыңызга арналган саптарды окуп, жүзүңүздө жылмаюу орноп, аз да болсо моралдык жактан күч-кубат алаарсыздар деген үмүт менен үч жылга чукул аракеттенип келдим. Өзүңүздөр баа бериңиздер. Элден өткөн тараза жок. Кемчилигин кечирип, жакшысын чыгарыш өзүңүздөрдүн эркиңиздерде! Бул тушоо кесүү китепчем! Сиздерге жакса экинчи китебин жазуу жагын аракеттенип көрөбүз. Сиздерге чың ден соолук, үй-бүлөлүк ырыс-ынтымак, ишиңиздерге албан-албан ийгиликтерди каалайм!*

*Сөзүмдүн соңунда китептеги ырлардын көркөмдүк сапаты жогору болбосо да ар бириңиздердин кыял-жорук, кулк -мүнөздөрүңүздөрдү табуууга аракет кылдым.*

*Далай уйкусуз түндөр, түйшүктүү күндөр артта калды. Тушоо кесүү китебиме ак батаңыздарды берет го деп ишенемин.*

*Китептин жарык көрүшүнө жакындан жардам көрсөтүшкөн агаларым Жумабек, Абдыбек, Аскат, Убайдылла, карындаштарым Рахат, Элеонора, жээним Элдияр, инилерим Азис, Рустамдарга чоң ыраазычылык билдиремин.*

*Дайыма бар болуп, эл жүгүн тартып, бөөдө кырсыктан аман-эсен жүрөлү!*

*Кудайым элиме берерин унутпасын!*

*Сөзүмдүн соңун Авиценнанын төрт сап ыры менен аяктайын :*

*«Аалам даңктайт Улукман деп атымды,*
*Табалбайсың, бирок мендей жакырды.*
*Жалган дүйнө сокур тыйын төлөбөйт,*
*Баа жеткис деп бааласа да акынды!»*

# МЕДИЦИНА ИЛИМДЕРИНИН ДОКТОРУ, ПРОФЕССОР



**КАСИЕВ НАКЕН** – 1947-жылы 22-сентябрда Атбашы районунун Акмуз айылында туулган. 1954–1964-жылдары Акмуз орто мектебин бүтүргөн. 1964–1970-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүрүп, 1970–1971-жылдары Ош облустундагы №1 ооруканада врач-терапевт болуп интернатурадан өткөн. 1971–1973-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1973–1975-жылдары №4 Башкы башкармалыктын Ош облустундагы ооруканада врач-терапевт болуп иштеген. 1975–1981-жылдары Майлысуу шаардык ооруканасында башкы врач, 1981–1986-жылдары Токмок шаардык ооруканада башкы врач, 1986–1988-жылдары Нарын облустук Саламаттык сактоонун башчысы, 1988–1999-жылдары Саламаттык сактоо министрлигинин орунбасары, Саламаттык сактоо министри болуп иштеген. 1999–2000-жылдары Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысынын кызматын аткарган. 2000–2005-жылдары Ош облусунун губернатору. Медицина илимдеринин доктору, профессор, «2-класстагы мамлекеттик кеңешчи», Эл Аралык Саламаттык сактоонун алтын медалы, «Ардак белгиси» орденинин, «Даңк» медалынын ээси. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы. «Элет» партиясынын төрагасы. Үй-бүлөлүү, 2 баланын атасы.

Элетте өсүп такшалган
Эл ишине өз өмүрүн арнаган.
Кай кызмат жүгүн алса да
Уятка эч бир калбаган.
Долон сымал сиз бийиксиз агабыз
Абийирине такыр камчы салбаган.
Турмушуң түркүн калчаса
Туура эмес жолго барбаган,
Кыргыз деп күйүп-жанууга
Байкедей даяр барбы адам?!

# МЕДИЦИНА ИЛИМДЕРИНИН КАНДИДАТТАРЫ



**КАДЫРАЛИЕВ КАЙЫПБЕК** – 1948-жылы 1-августта Тяньшань районунун Жыланарык айылында туулган. 1956–1966-жылдары Атбашы районунун Карасуу орто мектебин, 1966–1972-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүрүп, 1972–1973-жылдары Кызылкыя шаардык ооруканада интернату-радан өткөн. 1973-жылдан бери Нарын жергесинде иштеп, 1980-жылдан бери облустук оорукананын М.М. Миррахимов атындагы жүрөк кан-тамыр бөлүмүнүн башчысы. Медицина илимдеринин кандидаты, Саламаттык сактоонун отличниги, шаардык, райондук кеңештердин 2 жолку депутаты. 20дан ашык илимий эмгектердин автору. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Сүйүүдөнбү? Күйүттөнбү?
Жүрөк дүк-дүк согот.
Жеткин эрте Кайыпбекке
Бир паста оңдоп коёт.
Сакадай сары агабыз
Көп керекке жарады.
Элиң сыйлайт, аман жүр
Келип турат баралы.



**АДЫРАНОВ АСЫРАНБЕК** – 1942-жылы 12-майда Атбашы районунун Акталаа айылында туулган. 1958-жылы орто мектепти бүтүп, Фрунзедеги кооперативдик техникумдан окуган. 1960–62-жылдары Атбашы районунда товаровед болуп иштеген. 1962–68-жылдары КММИнин дарылоо факультетин окуган. 1968–72-жылдары врач хирург болуп Фрунзе шаарындагы №2 клиникалык ооруканада, Кыргызстан илимий-изилдөө туберкулез институтунда иштеген. 1974–77-жылдары Москва шаарында борбордук туберкулез илимий изилдөө институтунда өпкө хирургия боюнча аспирантурасын бүтүп,

кандидаттыгын жактаган. 1977–79-жылдары КНИИнин туберкулез боюнча улуу илимий кызматкери, 1977–88-жылдары КНИИнин хирургия кафедрасында ассистент болуп иштеген. 1988-жылдан бери Атбашы аймактык ооруканасынын хирургия бөлүмүнүн башчысы. Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери, КР эмгек сиңирген врачы, ССМинин Ардак грамотасы, облустук, райадминистрациялардын Ардак грамоталарын алган. 18 илимий эмгектери, 3 рационалдык сунушу, 36 медициналык статьялардын автору. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы. Жолдошу Исакунова Турсун– врач-терапевт.

Кышы катуу Атбашыга чыдаган
Кандидатын иштеп жүрүп жактаган.
Касиети бар өңдөнүп колдору
Канча адамды шум ажалдан куткарган.
Көз тийбесин кичине мактай туралы
Эчен жылдар ак ишинен талбаган.
Жубайы врач, уулу да врач болом дейт
Мыкты хирург Адыранов Асыран.



**АБДЫКАДЫРОВА ДАМИРА ЖАПАРОВНА**– 1941-жылы, 6-ноябрда Бишкек шаарында туулган. 1949–59-жылдары Бишкек шаарынан орто мектепти бүткөн. 1959–1965-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүткөн. 1965–68-жылдары Нарын шаарында участкалык врач, 1969–70-жылдары Нарын шаардык бала бакчасынын врач-педиатры, 1970–71-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын практика башчысы, 1971–73-жылдары Нарын облустук саламаттыкты сактоо башкармасынын башкы педиатры, 1973–78-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын завучу, 1978–86-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын директору, 1986–91-жылдары Нарын облустук балдар ооруканасынын башкы врачы, 1991–97-жылдары Нарын облустук балдар ооруканасынын башкы врач-диетологу, 1997-жылдан бери Нарын облустук Кыргыз-түрк лицейинин врачы. 1975-жылы медицина илимдеринин кандидаты болгон. 1998-жылдан бери Нарын мамлекеттик университетинин юриспруденция кафедрасынын доценти. Эл аралык аялдардын «Диамонд», Экологиялык «Алейне» кыймылынын райондук өкүлү, облустук балдардын медико-информатикалык борборунун жетекчиси. Кыргызстандын Кызыл

китебиндеги жаныбарларды жана өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоо боюнча элдик колдоо борборунун Нарын району боюнча жетекчиси. 3 жолку облустук Кеңештин депутаты. КР, СССРдин Саламаттык сактоосунун отличниги. 3 баланын энеси.

Кандидат мыкты дарыгер,
Колу да эмдүү табыпкер.
Канча наристени сакайтты
Кудайдай корот энелер.
Бала, эне, табийгат коргойм деп
Аткарып келет көп иштер.
Ак саамай иштерман эжеге
Айтылсын жакшы тилектер.



**КАЛИЕВ ТУРАРБЕК КАЛИЕВИЧ** – 1952-жылы Кочкор районунун Кумдөбө айылында туулган. 1959–1969-жылдары Кумдөбө орто мектебин бүткөн. 1969–1975-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1975–1976-жылдары республикалык клиникалык больницадан врач-кардиолог кесиби боюнча интернатурадан өткөн. 1976–1986-жылдары Республикалык клиникалык ооруканасында Кыргыз кардиология илим изилдөө институтунда кенже, ага илимий кызматкер, сектор башчы, 1986–2003-жылдары Кочкор аймактык ооруканасында врач - кардиолог, башкы врачтын орунбасары, башкы врач, 2003–2006- жылдары Акталаа аймактык ооруканасынын директору, 2006-жылдан бери Нарын облустук медициналык маалымат борборунун директору. Медицина илимдеринин кандидаты. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач-кардиолог. 25тен ашык илимий эмгектердин автору. Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

Кандидат биздин агабыз
Кардиолог жагын алгансыз,
Жүрөктүн издеп сырларын
Далай жерге баргансыз.
Гиппократ антын бек сактап,
Ак кызматтан талбайсыз.
Агадан үлгү алсак деп
Көбүбүз сизди жандайбыз.



**КАДЫРОВ БЕЛЕК КОЙЧУКЕЕВИЧ** – 1960-жылы 10-сентябрда Нарын районунун Карачий айылында туулган. 1966–76-жылдары Карачий орто мектебин бүтүргөн. 1976–82-жылдары КММИнин дарылоо факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1983-жылы республикалык клиникалык ооруканадан баштаган. 1984–86-жылдары ординатураны кардиология ИИИнун базасында откон. 1986–87-жылдары НОБОнун терапия болүмүнүн болүм башчысы, 1987–90-жылдары ССМинин №4 шаардык ооруканасында болүм башчы, 1990–91-жылдары Нарын шаарынын ардагерлер ооруканасынын болүм башчысы, 1991–93-жылдары Нарын облустук ооруканасынын башкы терапевти, 1993–2000-жылдары Нарын шаарынын Ардагерлер ооруканасынын башкы дарыгери, 2000–2003-жылдары согуш, эмгек Ардагерлер ооруканасынын болүм башчысы. 2002-жылдан бери НМУнун биология кафедрасынын доценти. 2004-жылы 8 орундуу «Аянбай» менчик терапия борборун ачкан. 14 илимий эмгек, 2 окуу-методикалык корсотмонүн автору. 2001-жылы кардиологдордун Бүткүл Россиялык I съездинде (Москва), 2003-жылы I Улуттук конгрессте (Москва, Бишкек) «Дем алуу органдарынын оорусу» боюнча доклад жасаган. Бир нече жолу бийик тоодогу илимий-практикалык экспедицияларга катышкан. Жергиликтүү жана облустук Кеңештин депутаты болгон. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач, медицина илимдеринин кандидаты. Үй-бүлолүү, 3 баланын атасы.

Жашоодо адамдан из калыш керек,
Өлбос болуп каласың кылсаң эмгек.
Өнорүңүз жаштарга орнок болот
Кандидат биздин агай Кадыров Белек!
Лекция окуса тыңшап угат
Нарыны, Москвасы жана Бишкек.
Кудайым өмүрүңүздү узун кылсын
Кыргызга Сиздей жигит абдан керек!



**САТАРОВ АБДЫБЕК** – 1936-жылы 14-сентябрда Нарын облусунун Атбашы районуна караштуу Карасуу айылында туулган. 1958-жылы Карасуу орто мектебин, 1958–1964-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргөн. 1964-жылы эмгек жолун Тяньшань райондук ооруканасында балдар дарыгери жана ошол эле убакта райондук балдар дарыгеринин милдетин аткаруу менен баштаган. 1966–1976-жылдары Тяньшань жана Нарын облустук ооруканаларында башкы дарыгердин уюштуруучулук иштери боюнча орун басары болуп иштеген. 1976–1979-жылдары жана 1984–1987-жылдары Нарын облустук Саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1979–1984, 1987–1991-жылдары жана 1991–1993-жылдары Тяньшань райондук борбордук жана Нарын облустук ооруканаларында башкы дарыгер болуп үзүрлүү эмгектенген. 1993–1997-жылдары Нарын облустук ден соолукту чыңдоо борборунун башкы дарыгери, 1997-жылдан бери борбордо дарыгер болуп иштеп, калк арасында гигиеналык окууларды жүргүзүү жана ден соолукта жашоонун үлгүлүү жүрүм-турумдарын жайылтууга, Улуттук жана мамлекеттик «Манас», «Иммунопрофилактика», «Аялзат», «Кыз бала», «Туберкуллез–1, 2», «СПИД жана ЖЖЖО ооруларын алдын алуу», «Жаш муун жана Манас таалими» программаларын ишке ашырууга көптөгөн эмгектерин жумшап келет. Сатаров Абдыбек өзүнүн дарыгерлик жана уюштуруучулук билимин өркүндөтүү үчүн Москва, Киев, Ташкент, Алмата, Бишкек шаарларында билимин жогорулатып, Чехословакия жана Кытай Эл Республикаларында тажрыйба алмашуу боюнча болуп келген. Калктын ден соолугун коргоодо жана медициналык жардамды уюштурууда көп жылдык эмгектери үчүн «Эмгекке каармандык», «В.И. Лениндин туулганынын 100 жылдыгына карата Эмгектеги каармандыгы үчүн», «Эмгек ветераны» медалдары менен сыйланган. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин, Кызыл Крест коомунун Борбордук жана медицина кызматкерлеринин профсоюзунун Республикалык комитеттеринин Ардак грамоталарына татыктуу болгон. «СССРдин Саламаттык сактоонун отличниги» жана «Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген врач», «Нарын облусунун ардактуу атуулу» деген наамдары

ыйгарылган. Бүгүнкү күндө ал «Кыргыз Республикасынын алдында өзгөчө эмгеги үчүн» персоналдык пенсиясынын ээси. Үй-бүлөлүү. 4 баланын атасы, 13 неберенин чоң атасы.

Ак кызматын элге арнаган жагынан
Абдыбектей абалар бар таанылган.
Ардактуу атуул медицина мыктысы
Ала элеги «Эл баатыры» наам калган.
Жетимишке келсе дагы абабыз
Жигит сындуу келбетинен тайбаган,
Элим үчүн дагы иштей берем дейт
Эмне артык элден алган батадан.

# НАРЫН ЖЕРГЕСИ



Ак моңгү мол булактан башат алган,
Агымы Азияны аралаган.
Казак, өзбек, башкасы да жанын багат,
Кадимки карт дарыя Нарынымдан.
Мекениң кайсы болот дегендерге,
Нарындан боломун деп сыймыктанам.

Кызматын кылып элине,
Кыргыз бай азыр ГЭСтерге.
Кадырың бийик Нарыным,
Кымбатсың ар бир кишиге.
Керемет кооз Соңкөлүм,
Бүткөн бейм биздин энчиге.

Күн чыгышта Хан Теңир,
Булуттар менен сырдашат.
Молдотоо, Кошойтоолордун,
Ичинде далай сыр жатат.
Каракужур, Соңкөл, Жетимтоо,
Солтонсары, Арпасы чалкаят.

Тарыхта калган нагыз бек,
Эл башкарган тегиздеп.

Акылга ченеп иш кылган,
Кыйын киши Ниязбек.
Калк бийлеп тегиз балдары,
Журт бийлеген сегиз бек.

Адамдан чыккан булбул деп,
Айтышкан буга тең жок деп.
Казактан бери жеңиптир.
Айтылуу акын Арстанбек.

Айтылган сөзү өгөөдөй,
Бай-манап көргөн борүдөй.
Калемпир мурчтуу сөздөрү,
Көзү өткөн чечен Кокотой.

Кудайдын берген таланты,
Манас, Семетей бүт айтчу.
Урпактар кантип унутсун,
Иса, Тыныбек, Актанды.

Тең заман деп күрөшкөн,
Сүргүндө өмүр өткөргөн.
Жукеев Таабалды-Пудовкин,
Аты өчпөс дейм жүрөктөн.

Каада-салт салып күүсүнө,
Көч келет тартылып көзүңө.
Кыдырназар уулу Асанбек,
«Кыргыз көчүн» черткен өзгөчө.

Таңшыган үнү керемет,
Кылымда мындай бир келет.
Сагыйпа өңдүү ырчыдан,
Айрылып калдык жер тиктеп.

Эл-журтка калган таанылып,
Энциклопедиядай эмгек жаратып.
Эртерээк кетти жалгандан,
Элине Таабалдиев бой салып.

Орошон ойлуу таланты,
Жаратып «Акын, ажалды».

Акындын гүлү эле го,
Кадырбай бизден узады.

Нарынга келип жашашып,
Нарында кызмат аткарып.
Накта хирург болгон дейт,
Шуллер деп элге даңкталып.
Өзү немис болсо да,
Кыргызча сүйлөп так айтып.
Артында барктуу иш калды,
Ар кими даңктап сөз айтып.

Калемпир мурчтуу ырлары,
Калкына жеткен кадыры.
Кантели эми таппайбыз,
Эсенгул Ибраев акынды.

Актриса, ырчы, жакшы эне,
Таланты ташкан өзгөчө.
Элине кызмат аз кылды,
Таң булбул үндүү жан эле.
Кара жер алды бооруна,
Сахнадан ойноп ырдабайт.
Тамара аттуу бир эже.

Тоо-талааң далай бастырдым.
Өзүңдөн дем, күч ала алдым,
Кызматым кылдым элиме.
Тойлордо намыс талаштым,
Тарбия берип өстүргөн,
Туулган жер сага карызмын.

Туш-тарабың тоолор менен курчалган,
Таманында улуу дайра чамынган.
Ак мөңгү тооң, Соңкөл, Чатыркөлдөрүң,
Төрт түлүк мол Нарын сенин кутуңдан.

# ОБЛУСТУК ҮЙ-БҮЛӨЛҮК МЕДИЦИНАЛЫК БОРБОРУ



**МАМБЕТАЛИЕВ КЫЯЛ ЖУМАМҮДҮНОВИЧ** – 1965-жылы 16-майда Нарын шаарында туулган. 1972–1982-жылдары Тяньшань районунун Оттук орто мектебин, 1983–1989-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргөн. 1991-жылы анестезиология-реаниматология боюнча клиникалык ординатураны бүткөн. Институтта окуп жүргөндө эле көкүрөк хирургия бөлүмүндө медбрат, ал эми клиникалык ординатура окуу мезгилинде №4 шаардык ооруканада врач-анестезиолог реаниматолог болуп иштеп, эмгек жолун баштаган. 1991–1993-жылдары Нарын облустук ооруканасынын анестезиология, реанимация бөлүмүндө врач болуп иштеген. 1993-жылы аскерге врач катарында чакырылып, Нарын шаарындагы 43546 аскер бөлүгүндө медициналык кызматтын начальниги болуп дайындалган. Бир жыл кызмат өтөгөндөн кийин, Ош шаарындагы аскердик бригадага медициналык кызматтын начальниги болуп жогорулатылып которулган. 1995-жылы июнь айында кызмат өтөө мөөнөтү аяктагандан кийин, Нарын шаарына келип, облустук оорукананын реанимация бөлүмүндө врач болуп иштеген. 1995-жылдын октябрь айында Нарын райондук ооруканасына башкы дарыгердин дарылоо иштери боюнча орунбасары болуп дайындалган. 1996-жылы Бишкек шаарында Саламаттык сактоону уюштуруу боюнча билимди өркүндөтүп, курстук даярдыктан өткөн. 1996-жылы декабрь айында облустук оорукананын башкы дарыгеринин уюштуруу-методикалык иштери боюнча орунбасары болуп дайындалып, 1997-жылдын февраль айынан баштап, Саламаттык сактоо башкармасынын акиминин орунбасары, статистика-информатика бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. 1997-жылдын сентябрь айынан бери Ат-башы райондук борборлоштурулган ооруканасында башкы дарыгер болуп иштеп, 2003-жылдан бери Нарын облустук үй-бүлөлүк медициналык борбордун директору, облустук Саламаттык сактоонун координатору. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Ашыкча сүйлөп эзбеген,
Алыптыр билим кепкенен.
Арабызда оору жок,

Акылы анын жетпеген.
Жетпесе дагы дарысы,
Апаптап коёт кеп менен.
Теңиртоодон теминип,
Борборго качып кетпеген.
Кыялдай биздин жигитке,
Кызыгып кыздар дегдеген.



**БЕКТУРСУНОВА АЙНАГҮЛ МАКИЛОВНА** – 1960-жылы 10-июнда Кочкор районунун Кумдобо айылында туулган. 1967–1977-жылдары Кумдобо орто мектебин, 1977–1983-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1983–1984-жылдары Нарын облустук бейтапканасында участкалык дарыгер болуп иштеп баштаган. 1994–1999-жылдары Нарын райондук ооруканасынын №1 бейтапканасынын аймактык дарыгери, 1999–2001-жылдары Нарын шаардык №1 бейтапкананын аймактык дарыгери, 2001–2004-жылдары Нарын шаардык бейтапкананын башкы дарыгеринин орунбасары, 2004-жылдан бери облустук үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун директорунун орунбасары болуп иштеп келе жатат. Нарын облустук АГСВнын мүчөсү. Нарын облустук профсоюз комитетинин мүчөсү. Жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоонун отличниги, Саламаттык сактоо министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Профсоюз комитетинин федерациясынын, АГСВнын, облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Кесибинде мыкты терапевт такшалган,
Кызматында замдиректор таанылган.
Камын көрөт ден соолуктун тынымсыз
Кандай айтсак бул эжеге жарашкан.
Калкым аман ден соолукта болсо деп
Эл-жерине ак кызматын арнаган.
Ден соолукта адал иштеп жүрүңүз,
Жакшы тилек өзүңүзгө арналган.



**БЕРДИКОЖОЕВА АНАРА** – 1970-жылы 28-майда Бишкек шаарында туулган. 1977–1987-жылдары борбордогу №64 орто мектепти бүтүргөн. 1987–1989-жылдары Борбордогу медициналык окуу жайын, 1989–1995-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1995–1997-жылдары клиникалык ординатураны КУК жана ТБдан өткөн. 1998–1999-жылдары Нарын райондук аймактык ооруканасында врач-кардиолог, 1999–2002-жылдары Нарын ТУ ФОМС – башкы адис, 2002–2004-жылдары Нарын ТУ ФОМС – эксперт бөлүмүнүн башчысы, 2004-жылдан бери Нарын облустук ҮДБнун директорунун орунбасары болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоонун отличниги, 1-категориядагы врач, Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Таңынан келсе жумушка,
Кызматтан кетет маалында.
Тыкылдап басса кочодон,
Тиктешет көбү кыйлага.
Уюштургуч, ишке так,
Чыйрак кыз биздин Анара.
Ишенбесеңиз барыңыз,
Сулуулар биздин Нарында.

48986 чз



**ШАКЕЕВ АБДЫБЕК СУЛТАНМАМЫТОВИЧ** – 1946-жылы 29-октябрда Нарын районунун Ийрисуу айылында туулган. 1964-жылы Миңкуш орто мектебин, 1964–1971-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1971–1972-жылдары Бишкектен тери оорулары боюнча интернатурадан өткөн. 1972–1975-жылдары Атбашы районунун Акмуз айылдык ооруканасынын башкы дарыгери, 1975-жылдан бери НОБОдо тери оорулар боюнча дарыгер, бөлүм башчы, башкы дарыгердин орунбасары болуп иштеп келген. 2004-жылдан бери Нарын облустук ҮДБнун

тери оорулар боюнча дарыгери болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. КР Президентинин «Өзгөчө эмгек сиңиргендиги үчүн» Ардак белгиси, Саламаттык сактоо министрлигинин, Кыргызсовпрофтун, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарын бир нече жолу алган. КР ардактуу донору. Ленинград, Алмата, Бишкек шаарларынан билимин өркүндөткөн. Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

Ашыкча сөздү эч айтпайт
Аста басып аярлайт.
Кычыткы, экзема болсоңуз
Абдыбек агай дарылайт.
Этикадан айтып бир шиңгил
Үйүнө такыр шашылбайт.
Эмгеги сиңген врач деп
Эли-журту кадырлайт.



**ТАЗАБЕКОВ АСАНБЕК** – 1948-жылы 27-январда Акталаа районунун Үгүт айылында туулган. 1955–1965-жылдары Коңорчок орто мектебин бүтүргөн. 1965–1967-жылдары Бишкектеги ДОЗ-3 мекемесинде жыгач уста болуп иштеген. 1967–1973-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1973–1974-жылдары Ахунбаев атындагы клиникада хирург болуп интернатурадан өткөн. 1974–1975-жылдары НОБ кан алып куюу борборунун башчысы, 1975–1978-жылдары Атбашы районунун Акмуз айылдык оорукананын башкы врачы, 1978–1980-жылдары Акталаа райондук ооруканасында врач-анестезиолог, 1982–1985-жылдары НОБ директордун орунбасары, 1985–1989-жылдары НОБОдо травма бөлүмүндө врач-травматолог, 1989–1994-жылдары профсоюз уюмунун төрагасы, 1994–1998-жылдары травма бөлүмүнүн бөлүм башчысы, 1998–2002-жылдары травма бөлүмүндө врач-травматолог болуп иштеп келген. 2002-жылдан бери облустук ҮДБнун врач-хирург-травматологу болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач, КР ардактуу донору. Саламаттык сактоо

министрлигинин, облустук, шаардык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Тазабектин Асанбек,
Айтышат анык адис деп.
Анан дагы кеп кылат,
Академикке жетмек дейт.
Агай өзүн карманып,
«А»лардан оолак болсо деп.
Калк айтса кээде калп айтпайт,
Чындыкка, балким, жакындайт.
Агайым ага терикпейт,
«А» тамгадан болом дейт.



**БАПАЕВ ӨМҮРБЕК** – 1949-жылы 26-октябрда Акталаа районунун Баетов айылында туулган. 1956–1966-жылдары Ломоносов атындагы орто мектебин күмүш медалы менен, 1966–1972-жылдары КММИнин дарылоо факультетин кызыл диплом менен бүтүргөн. 1972–1973-жылдары КММИнин ЛОР кафедрасында интернатураны өтөгөн. 1973–1975-жылдары СССРдин Куралдуу күчтөрүндө полктун медпунктунун начальниги болуп иштеген. 1975–1984-жылдары Нарын райондук ооруканасынын ЛОР врачы, башкы врачтын орунбасары болуп иштеген. 1984–1997-жылдары НОБОнун башкы врачынын дарылоо иштери боюнча орунбасары, амбулаториялык поликлиниканын бөлүм боюнча орунбасары, 1997–2000-жылдары поликлиниканын бөлүм башчысы болуп иштеген. 2000-жылдан бери НОБОдо областтык ҮДБда эндоскопист, УЗИ, ЛОР врачы болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, ФОМС, облустук, шаардык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

Коп эшитем элдерден жакшы кепти
Кыйын билет дешет доктор Бапаевди.
Күмүш медаль мектеби, кызыл диплом
Кычырата бүтүргон институтту.
Кандидатка талпынса жакшы болмок
Армиядан баштабай начальникти,
Отуз үч жыл тынымсыз иштесе да
Ак үй жакты сыйлык бер деп демитпеди.
Кузгун сымал жутунбайт бул агабыз
Элим берген наамдар жетет дейби?



**БИЛАЛОВА ЗУЛАЙКА** – 1948-жылы 8-ноябрда Нарын шаарында туулган. 1955–1963-жылдары №1 Токтогул орто мектебинин 8-классын бүткон. 1963–1966-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын сестралык болүмүн кызыл диплом менен, 1966–1972-жылдары КММИнин дарылоо факультетин аяктаган. 1972–1973-жылдары Бишкектеги №3 торот үйүндө интернатураны өтөгөн. 1973–1976-жылдары НОБОдо торот болүмүндо врач-акушер-гинеколог, 1976–1993-жылдары №2 торот болүмүнүн болүм башчысы, 1993–2002-жылдары облустук оорукананын торот болүмүнүн болүм башчысы болуп иштеген. 2002-жылдан бери №1 ҮДБнун дарыгери, клиникалык жетекчи, үй-бүлөлүк дарыгери болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, Жогорку категориядагы врач. ССМинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Абысындан жашырган ички сырын
Көп эшитем эжеге айткандарын.
Ар бирине өз-өзүнчө кеңеш айтат
Тажрыйбасынын кобүнө таң каламын.
Анан дагы Аман абам мактанат дейт
Теңиртоолук сизди таап алган жагын.
Айкалышып кармашкан колуңуздар
Тилек кылам Кудайдан айырбашын.



**АЛАШЕВА ТУРСУНБҮБҮ МАМАЕВНА** –1954-жылы 1-январда Акталаа районунун Баетов айылында туулган. 1960–70-жылдары Ломоносов атындагы орто мектебин, 1970–77-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүткон. 1977–78-жылдары Бишкектеги эне жана баланы коргоо институтунда, 1978–82-жылдары Нарын райондук больницасынын балдар врачы, 1982–97-жылдары Нарын облустук тез жардам болүмүндо врач, болүм башчы, 1998-2000-жылдары Нарын облустук поликлиникасында балдар врачы. 2001–03-жылдары Нарын районунун Ленин айылынын ооруканасынын башкы врачы. 2003–06-жылдары Нарын районунун үй-бүлолүк дарыгерлер тобунун, үй-бүлолүк врачы. 2007-жылдан бери Нарын облустук ҮДБнун үй-бүлолүк врачы. Жогорку категориядагы врач. Облустук, шаардык, райондук администрациялардын грамоталары бар. Ардак тактага сүротү илинген. Үй-бүлолүү, 5 баласы бар. 1 уулу врач. Жолдошу Бапаев Өмүрбек.

Тың десе эже ал да чын
Тыкандап кылат кызматын.
Талыкпай иштеп коп жылы
Тайтору сымал чуркадың.
Эмгектин корүп үзүрүн
Бир топ сыйга татыдың.
Элиңден алып алкышты
Мыкты дарыгер аталдың.

**ДҮЙШЕЕВА ЖАРКЫН БУЛАРКИЕВНА** – 1949-жылы 25-февралда Кемин районунун Самансур айылында туулган. 1956–1966-жылдары Самансур орто мектебин аяктаган. 1966–1968-жылдары Кыргызстан БК ВЛКСМдин алдында балдар консультанты, 1968–1973-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргон. 1973–1974-жылдары Каракол шаардык ооруканада интернатурадан откон. 1974–1977-жылдары Жумгал районунун Кызарт айылында балдар дарыгери, 1977–2002-жылдары Нарын шаардык балдар ооруканасынын балдар дарыгери болуп иштеген. 2002-жылдан бери №1 үй-бүлолүк дарыгерлер борборунун дарыгери болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоонун



отличниги, жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. 2 баланын энеси.

Өз ишин мыкты билгенден
Дүйшеева Жаркын деп келем.
Жан дилден карайт адамды
Арылтсам деп кеселден.
Арнап жаздым төрт сап ыр
Алтындай эжем эшитсең,
Ар дайым жаркып жүрүңүз
Анык врач дедирткен.



**ТЫНЫМСЕИТОВА АСБҮБҮ** – 1949-жылы, 28- мартта Тяньшань районунун Каракужур айылында туулган. 1955–63-жылдары Лахол 8 жылдык мектебин бүткөн. 1963–66-жылдары Чолпон орто мектебин, 1966–72-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргөн. 1972–73-жылдары НООБдон интернатурадан өткөн. 1973–82-жылдары НООБдо участкалык врач, 1997–2000-жылдары НООБдо башкы педиатр. 2000-жылдан бери Нарын облустук ҮДБнун клиникалык жетекчиси. Областтык, райондук, шаардык администрациялардын Ардак грамоталары бар. Саламаттык сактоонун отличниги . Жогорку категориядагы врач . Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Акылга калчап иш жасап,
Арбын жыл жетекчиликти аркалайт.
Туура эмес отчет жазылса,
Параласаң да түк албайт.
Так иштейт деп көптөрү,
Эженин кирпик-кашын байкашат.
Жашы өткөнсүп калса да,
Аскен эже тактыгынан эч жанбайт.



**ЖАПАРОВА НУРБҮБҮ ОРОЗБЕКОВНА** – 1960-жылы 1-октябрда Нарын шаарында туулган. 1967–1977-жылдары Киров атындагы орто мектебин, 1977–1979-жылдары НМУнун балдар бөлүмүн артыкчылык дипломy менен бүткөн. 1979–1982-жылдары Тяньшань райондук ооруканасынын балдар бөлүмүндө медайым болуп иштеген. 1982–1988-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргөн. 1988-жылдан тартып Нарын облустук балдар поликлиникасында балдар дарыгери, 2002-жылы №3 ҮДТнун клиникалык жетекчиси, 2006-жылдан бери үй-бүлөлүк дарыгер болуп иштеп келе жатат. 1-категориядагы адис. Саламаттык сактоо министрлигинин, АГСВнын, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын алууга жетишкен. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Кошуна-колоң,чөлком баары таанышып,
Кандайсыз деп саламдарын айтышып:
– Ооруп жатат жардамыңыз берсеңиз?
Мына азыр, жөнөйт эже шашылып
Милдети анык «Жок» деген сөз билбейсиз.
Оңой эмес элге жагып бата алыш,
Алкышка арзып дайым аман жүрүңүз!



**ТӨЛӨГӨНОВА АСЫЛГҮЛ ТӨЛӨГӨНОВНА** – 1958-жылы 15-августта Нарын шаарында туулган. 1966–1976-жылдары №1 Токтогул орто мектебин, 1976–1982-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүткөн. 1982–1985-жылдары НОБдо төрөт бөлүмүндө врач-неонтолог, 1985–2000-жылдары Нарын облустук психо-наркология диспансеринде врач-психиатр, бөлүм башчы, башкы врачтын орунбасары. 2000-жылдан бери облустук ҮДБнун врач-психиатры, облус боюнча координатор. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Облустук, шаардык,

жергиликтүү администрациялардын грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Ымыркай жарык дүйнө келгенинде
Затына жарашсын деп атын коёт.
Чандасы койгон атын булгабаса
Көптөрү сыймык менен жашап келет.
Аты–Асыл, аман болуп кызмат кылаар
Этек-жеңи жайылып тукум улаар.
Аталар берип кеткен ак батасын
Абийир менен улаган бир эже бар.



**НИЯЗОВА САЙКАЛ НИЯЗОВНА** – 1953-жылы Акталаа районунун Актал айылында туулган. 1961–1971-жылдары Акталаа орто мектебин, 1972–1978-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1978–1979-жылдары НОБОдо интернатурадан өткөн. 1979–2003-жылдары НОБОдо врач, тез жардам бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келген. 2003-жылдан бери №4 ҮДБнун үй-бүлөлүк дарыгери болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. Облустук, шаардык администрациялардын Ардак грамоталарын алган. Үй- бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Жайдары жүргөн мүнөз бар,
Жакшы иштеп келген баркы бар.
Жүзүнөн күлкү кетпеген,
Жароокер Сайкал эжем бар.
Талыкпай иштеп отуз жыл,
Элине берген кызматын.
Алкыштан башка айтпайсың.
Ак куудай эжем басат тың.

**АСЕНОВА ЖАҢЫЛКАН** – 1954-жылы Нарын районунун Миңбулак айылында туулган. 1961–1971-жылдары Миңбулак орто мектебин, 1971–1977-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргөн. 1977–1978-жылдары Бишкек шаарынын клиникалык инфекционисттик



дарыканасында бир жылдык интернатураны бүтүрүп, врач-инфекционист адистигине ээ болгон. 1978–1986-жылдары Нарын облустук ооруканасынын жугуштуу оорулар болумүндо врач-инфекционист болуп иштеген. 1983–1986-жылдары Нарын облустук саламаттык сактоо болумүндо штаттан сырткары башкы балдар инфекционисти кызматын аткарган. 1986–1988-жылдары Нарын облустук балдар ооруканасында балдар инфекционисти, 1988–1989-жылдары Акталаа райондук ооруканасында инфекционист дарыгери, 1989–1990-жылдары Акталаа ЦРБнын балдар болүмүнүн башчысы, аялдар кеңешинин мүчосү, 1990–1993-жылдары Тяньшань ЦРБ, Онарча СВАда башчы, 1993–1994-жылдары Тяньшань ЦРБда врач-реаниматолог, 1995--1996-жылдары облустук балдар ооруканасында врач-реаниматолог, 1996–2000-жылдары Нарын облустук балдар ооруканасында директордун орунбасары, 2000-жылы балдар ооруканасы жоюлгандыгына байланыштуу Бириктирилген ооруканасынын ара жана оорулуу торолгон балдар болүмүндо болүм башчы, 2002-жылы реструктризация жүргондүгүно байланыштуу Нарын шаардык үй-бүлолүк медицина борборунда врач-инфекционист болуп иштеп жатат. КР ардактуу донору, Жогорку категориядагы врач, Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери, Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялар тарабынан грамоталары бар. Үй-бүлолүү, 3 баланын энеси.

Таалим алып атактуу врачтардан,
Талапты да озүно коё алган.
Талыкпаган эмгегин элге арнады,
Түндорү коп уйкусуз таң атырган.
Тяньшань, Акталаада коп иштеди,
Тоо-ташы аз го эжебиз кыдырбаган.
Тайторудай дагы деле иштеп келет,
Тана элек жаш кездеги калыбынан.



**ЖУМАЛИЕВА ГҮЛМИРА ҮСӨН-КАДЫРОВНА** – 1960-жылы 16-февралда Нарын шаарында туулган. 1967–1977-жылдары Ленин атындагы орто мектебин, 1977–1983-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1983–1984-жылдары Республикалык ооруканада интернатурадан өткөн. 1984–1999-жылдары Нарын шаарында аймактык дарыгер болуп иштеген. 1999–2003-жылдары Нарын шаардык бейтапканасынын жетекчиси болуп иштеп келген. 2003-жылдан бери Нарын шаарындагы №2 «Өмүр булагы» ҮДТнун клиникалык жетекчиси болуп иштеп келет. Облустук «Намыс» программасы боюнча жылдын мыкты дарыгери, Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамотасын, баалуу сыйлыктарын алган. 3 баланын энеси.

Алды-артын көп байкайт
Аярлык менен иш жасайт.
Аябай чарчап турса да,
Атадай балага каралайт.
Алгалап иши турса да
Айкырык салып мактанбайт,
Алтындай ушул эжени
Аймагы менен кадырлайт.
Аярлай басып кээ бирлер
Аста гана сук артат.



**МААДАНБЕКОВА ГҮЛЖАН БИЛАЛОВНА** – 1962-жылы 12-июлда Акталаа районунун Үгүт айылында туулган. 1969–1979-жылдары Үгүт орто мектебин бүткөн. 1979–1981-жылдары Бишкек шаарында фабрикада тигүүчү болуп иштеген. 1981–1987-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүрүп, 1987–1988-жылдары НОБОдо интернатурадан өткөн. 1988–2003-жылдары балдар бөлүмүндө врач болуп иштеген. 2003-жылдан бери Нарын шаардык ҮДБнун №4 бөлүмүнүн клиникалык жетекчиси болуп иштеп келет. 1-категориядагы врач, АГСВнын, облустук,

шаардык, жергиликтүү администрацияларынын Ардак грамоталарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

РТСтин жалпы жамааты
Умай энедей сыйлашат,
Катуураак ооруп калганды
Түн болсо да кыдырат.
Татына биздин эжебиз
Талабын элдин аткарат.
Тар болсо да кабинет
Тыкандап ишти алпарат.



**ТОЙГОНБАЕВА ЗИНА МУКАМАЛИЕВНА**– 1956-жылы Ысыккөл облусунун Тоң районунун Аксай айылында туулган. Ж. Турусбеков атындагы орто мектебин 1973-жылы бүтүп, ошол эле жылы КММИнин педиатрия факультетине тапшырып, 1979-жылы бүткөн, Бишкектеги акушердик жана педиатрия институтунан интернатураны бүтүп, 1980-жылдан баштап Фрунзедеги №3 балдар поликлиникасында участкалык педиатр болуп 1985-жылдын сентябрына чейин иштеген. 1985–1986-жылдары Бишкек шаарындагы №5 поликлиникасында участкалык терапевт, 1986-жылдан Кочкор райондук ооруканасында участкалык терапевт, 1998–2003-жылдары ушул райондо ҮДТда клиникалык жетекчи, 2003–2006-жылдары Акталаа райондук ҮМБда үй-бүлөлүк дарыгер, СПИД лабораториясында бөлүм башчы, 2006-жылдан бери Нарын шаардык №2 «Өмүр булагы» ҮМБда үй-бүлөлүк дарыгер болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы дарыгер, облустук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Аял жакшы, эр жакшы
Улуу сөз бар калкымда.
Ушул сөзгө нак татыр
Урматтуу эжем бар Зина
Таптап, барктап келатат
Турар агамды дайыма.
Ынтымакта бирге иштешет
Небере жетелешип жанына.



**КАДЫРОВА БУРУЛСУН АЯНБАЕВНА** – 1969-жылы 21-январда Тяньшань районуна караштуу Жаңыталап айылында туулган. 1975–1985-жылдары Эмгекталаа айылында орто мектепти аяктап, 1986–1987-жылдары Бишкектеги 6 айлык бухгалтердик курсту бүтүргөн. 1987-жылы Достук шаарчасынын айылдык советинин башкы эсепчиси болуп иштей баштаган. Ушул эле жылы ФЭТдун сырттан окуу болүмүно тапшырып, 1990-жылы аяктаган. 1994-жылы август айында Нарын облустук балдар ооруканасында кассир болуп иштеген. 2000-жылы балдар ооруканасы облустук бириктирилген ооруканасына кошулгандыгына байланыштуу спецсчет боюнча эсепчи болуп иштеген. 2002-жылы Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борборуна экономист болуп которулган. 2004-жылы май айынан бери башкы эсепчи болуп иштеп келе жатат. Нарын шаардык башкармасынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Саламаттык сактоонун өнүктүрүү борборунан окуп сертификатка ээ болгон. Үй- бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Кемтиксиз ишин иштеген
Кериле басып келишкен,
Кызматын кынтыксыз алпарып
Кыйын бухгалтер дегизген.
Калыбы дайым бир оңчой
Бурул көп күлбөйт неликтен,
Калк алкышын ала бил
Ката кетпей ишиңден.

**ӨМҮРАЛИЕВА ГҮЛИРА АРПАЧИЕВНА** – 1962-жылы 26-майда Атбашы районунун Акжар айылында туулган. 1969–1979-жылдары Акжар орто мектебин, 1980–1987-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1987–2003-жылдары НОБОдо дарылоо-амбулатордук бейтапканасында врач болуп иштеп, 2003-жылдан бери Нарын облустук ҮДБнун үй-бүлөлүк дарыгери болуп иштеп келет. 1-категориядагы врач-акушер-гинеколог. АГСВнын, Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү



администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарын алган. Үй- бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Жароокер врач Гулира
Жанымда болчу бир азга,
Ооруган жерим басылып
Оңолуп калдым заматта.
Элиме тийсин коп пайдам
Ооругус кылып дубала.
Жактыргандар коп окшойт
Жансакчы алчы жаныңа.
Тамаша ырды мен жаздым
Катуураак кетсем таарынба.



**КАЛМАМБЕТОВА БАГЫМБҮБҮ** – 1958-жылы 19-сентябрда Жумгал районунун Чаек айылында туулган. 1966–1976-жылдары Ленин атындагы орто мектебин, 1976–1982-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүрүп, 1982–1983-жылдары Нарын облустук ооруканада интернатурадан откон. 1983–2004-жылдары НОБОдо врач-гинеколог болуп иштеп, 2004-жылдан бери Нарын шаардык №2 «Өмүр булагы» ҮДТнун үй-бүлөлүк врачы болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. АГСВнын, облустук, шаардык, жергиликтүү администрация-лардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Таттыбүбүнүн сиңдиси
Тяньшандын келини,
Чейрек кылым иштеди
Колтуктап Замир байкемди.
Өз ишин мыкты билгенден
Багымдай эжем бар дешти.
Сыйларын корүп балдардын
Небере күткон кездери.



**КАДЫРОВА БАКТЫГҮЛ АЯНБАЕВНА** – 1967-жылы 18-сентябрда Нарын районунун Жергетал айылында туулган. 1973–1983-жылдары А. Таабалдиев атындагы орто мектебин, 1983–1989-жылдары КММИнин фармацевтика факультетин бүтүргөн. 1989–1990-жылдары Нарын шаарындагы №11 аптекада интернатураны өтөгөн. 1990–1996-жылдары №11 аптекадан аптекарь, 1996–2003-жылдары Нарын райондук борборлоштурулган ооруканасынын химик-аналитиги болуп иштеп, 2003-жылдан бери Нарын шаардык №1 ҮДБнун провизору болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, врач-провизор. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 3 баласы бар.

Кылдат иштейт кылтың жагын билбедим,
Дарысы көп атына сынат тилдериң.
Баарысын тең көзүн жуумп таба алат
Жарыгы жок караңгы түндө издеткин.
Ачуу сөз жок сылык-сыпаа сүйлөшөт
Ак халаттай аздектеген милдетин.
Ар убакта алкышка арзып жүрө бер
Арнадым ыр ар жагын өзүң билерсиң.



**БАЯМАНОВА БУРУЛ ЭСЕНОВНА**– 1965-жылы 31-мартта Нарын районунун Миңбулак айылында туулган. 1972–1982-жылдары Миңбулак орто мектебин, 1983–1986-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик-фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1986–2002-жылдары НОБОнун балдар консультация бөлүмүндө медайым, 2002-жылдан бери Нарын облустук үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунда медайым болуп иштеп келет. Профсоюз уюмунун төрайымы. Жогорку категориядагы эмчи айым. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү

администрациялардын Ардак грамоталарынын, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Жаркылдап жүрсө өзү тың
Жаны тынбайт, бул да чын.
Жаштарды сүйрөп бир топ жыл
Азыр тейлейт профком жагын,
Жаратам дейт аз күндө
Бурул кыз бизге жакшы ыр.
Бир азга чыдай туралы
Жүрөктөн чыгат сонун ыр.



**ДАЛБАЕВА ЖЫЛДЫЗ ДАЛБАЕВНА** – 1979-жылы Жумгал районундагы Байзак айылында туулган. 1986–1996-жылдары Байзак атындагы орто мектептен окуган. 1996–2003-жылдары КММИнин дарылоо факультетин аяктаган.2003–2005-жылдары Республикалык онкологиялык институттан клиникалык ординатураны аяктаган. 2005-жылдын сентябрынан бери Нарын областтык үй-бүлөлүк медициналык борборунун врач-рентгенологу. I класстагы врач. Шаардык, жергиликтүү администрациялардын грамоталары бар.

Аста басып сылык жүргөн
Арабызда сулуу кыз бар.
Ачуу сөзүн эч айтпаган
Сылык-сыпаа жайы да бар.
Көктө жанган жылдыздардан
Жерде жүргөн бирөө бар,
Ак ниеттен ыр арнадык
Ишинде болсун жылыштар.

**БАЙСЫНОВА АЙГҮЛ БАКТЫГУЛОВНА** – 1967-жылы 10-январда Нарын районунун Онарча айылында туулган. 1974–1984-жылдары Эмгекчил орто мектебин, 1984–1990-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1990–1991-жылдары НОБОдо интернатурада акушер-гинекология боюнча өткөн. 1991–2002-жылдары Нарын райондук ооруканасынын аялдар бөлүмүндө врач-акушер-



гинеколог болуп иштеп, 2002-жылдан бери Нарын шаардык №4 ҮДТнун үй-бүлөлүк дарыгери болуп иштеп келет. 1-категориядагы адис. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Айгүлдү апасындай сүйгөнү бар,
Аялуу арман муңун айтканы бар.
Айланайын мени такыр унутпа деп
Алдынан чай кайнаткан кемпир-чал бар.
Аттигиң, менин теңим болсочу деп
Астыртан көз май токкон далайы бар.
Алардын эч кимисин карап койбойт
Айгүл деген өмүрлөшүн сыйлаган жар.
Айтылуу РТС деген шаарчанын
Атына заты окшошкон врачы бар.



**ТИЛЕНБАЕВА АСЫЛ ЖАКШЫЛЫКОВНА**– 1959-жылы 26-майда Нарын шаарында туулган. 1966–1976-жылдары Токтогул атындагы №1 орто мектебинен окуп билим алган. 1977–1980-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1980-жылдан бери Нарын облустук тери-венерикалык диспансерде, 2003-жылдан бери №1 ҮДБнун медайымы болуп эмгектенип келет. Жогорку категориядагы адис, Саламаттык сактоонун отличниги, Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Иштесе да чейрек кылым бир жерде
Иши үчүн сыйлык сурап барбады.
Агайы экөө ушул жылдар ичинде
Сан жетпеген оору мизин кайтарды.
Алган алкыш, иштин көрүп үзүрүн
Эжекебиз отличник жаңы алды.
Аскар байкем теңтуштарын чакырып
Наамды жууп, майлашканы жатабы?



**РЫСАЛИЕВА НУРГҮЛ** – 1964-жылы 21-июнда Кемин районуна караштуу Кемин шаарчасында туулган. 1972–1982-жылдары Кичикемин орто мектебин, 1982–1984-жылдары Карабалта медициналык окуу жайынын жалпы дарылоо бөлүмүн бүтүргөн. 1984–1990-жылдары Бишкек, Боролдой, Военно-Антоновка ооруканаларында медайым болуп иштеген. 1990–1996-жылдары Атбашы аймактык ооруканасында медайым, 1996–2003-жылдары Нарын шаарында участкалык медайым, 2003-жылдан бери №2 «Өмүр булагы» ҮДТнун улуу эмчиайымы болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы адис. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын алган. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Карт Нарынга чыдаган
Кең Чүйдөн келген бир кыз бар.
Орустар менен иштешип
Честный жагы дагы бар.
Тыңдыгын абдан жактырып,
Калыбек агам кылган жар.
Көргүңөр келсе баргыла
ҮДТ – 2де Нургүл бар.



**ИСМАИЛОВА ЖИБЕКЧАЧ ҮСӨНАКУНОВНА** – 1961-жылы 22-июнда Нарын районунун Миңбулак айылында туулган. 1968–1978-жылдары Миңбулак орто мектебин бүтүргөн. 1979–1986-жылдары Нарын шаардык тез жардам бөлүмүндө эмчиайым болуп иштеген. 1986–1989-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүткөн. 1989–2003-жылдары НОБО балдар бейтапканасында эмчиайым болуп иштеген. 2003-жылдан бери Нарын облустук ҮДБнун үй-бүлөлүк эмчиайымы. Жогорку категориядагы адис. Облустук, шаардык,

жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Кароосынактардын катышуучусу. 3 баланын энеси.

Кыз Жибектей созулган кымбат келин,
Кичинеден чымчылап айтам кебин.
Кылдыратып медицина арабасын
Как положено сен иштеп баратасың,
Ата ордуна балдарга ата болуп,
Эки жумуш бир жасап келатасың.
Калжаң баскан издериң эч көрүнбөй
Кер мурут жигиттерди тамшантасың.



**ШЕЙШЕНАЛИЕВА ОРОСКАН** – 1959-жылы 23-мартта Тяньшань районундагы Учкун айылында туулган. 1976-жылы Учкун орто мектебин, 1980-жылы НМУнун фельдшердик бөлүмүн бүткөн. 1982–1990-жылдары НОБдо медайым, 1990-жылдары Судмедэкспертиза бөлүмүндө лаборант болуп иштеген. 1992-жылы билимин жогорулатып, Бишкек шаарында эки айлык курста окуп келген. Судмедэкспертиза кыскартылгандыгына байланыштуу, 1993-жылы «Нике жана үй-бүлө» кеңешмесине эмчиайым болуп которулган. Ошол жылдан баштап үй-бүлөнү ыраатташтыруу бөлүмүндө медсестра болуп иштеп келет. 30 жылдык стажысы бар, жогорку категориядагы адис. 2 баланын энеси. Эки баланын чоң энеси. Саламаттык сактоонун, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар.

Ыраатты менен иш жасап
Ырастап кызматын аткарган,
Ыйманга үндөп жаштарды
Ынтымак сүйүүгө чакырган.
Жан кишиге айтпас сырларын
Ушул эмчи эжеге айтышкан.
Үй-бүлө сырын бек сактайт
Ороскан айым жакшы адам.



**НИЯЗАЛИЕВА ГҮЛЗАТ АЖИЕВНА** – 1969-жылы 6-июнда Нарын районунун Жалгызтерек айылында туулган. 1986-жылы Быстровка орто мектебин, 1986–1988-жылдары Токмок шаардык медициналык окуу жайынын балдардын эмчиайымы бөлүмүн бүтүргөн. 1988–1991-жылдары Атбашы районунун Акмуз айылында медайым, 1991–2002-жылдары Нарын шаарынын балдар бейтапканасында эмчиайым, 2002-жылдан бери үй-бүлөлүк эмчиайым болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы адис. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баласы бар.

Гүлзаттын сырын билбей жүргөнү бар,
Сыртынан сүйүп жүргөн фанаты бар.
Оорулууга заматта жетип барат
Киши көрбөс бул кыздын канаты бар.
Пациентке мамилеси сылык-сыпаа
Жакшы эне, алганына сүйүктүү жар.
Түз иштеп ушул темптен жазбайм деген
Өзүнүн алга койгон максаты бар.



**АРТЫКБАЕВА СВЕТА МУСАЕВНА** – 1964-жылы 8-ноябрда Акталаа районунун Ак-чий айылында туулган 1971–1980-жылдары Акчий орто мектебинин 8-классын бүтүрүп, 1980–1983-жылдары НМУнун профилактикалык бөлүмүн аяктаган. 1983–1987-жылдары Нарын облустук балдардын ооруканасында балдар медсестрасы, 1987–2000-жылдары балдардын реанимация бөлүмүндө, реабилитация бөлүмүндө медайым болуп эмгектенген. 2000-жылдан бери Нарын облустук үй-бүлөлүк медициналык борборунда физиодарылоо кабинетинин медайымы болуп үзгүлтүксүз иштеп келе жатат. Билимин жогорулатуу

максатында 2–3 жолу атайын курстардан окуп келген. Жогорку категориядагы медайым. Жергиликтүү, шаардык, облустук администрациялардын Ардак грамота, баалуу сыйлыктарынын ээси. 3 баланын энеси.

Света келет ишине
Суйкая басып кериле.
Светке кактап, массаждап
Сергитет жанды тимеле.
Сыркоолор турат алкашып
«Ырахмат», – деп эжеке,
Бироо келет көп эле
Бетаарчы берчи белекке.



**ОРУНТАЕВА КЫЗЫЛГҮЛ ТОКТОНОВНА** – 1961-жылы 1-декабрда Кочкор районунун Туз айылында туулган. 1968–1978-жылдары Туз орто мектебин бүткөн. 1978–1980-жылдары Нарын шаарындагы мектепте машинистка болуп иштеген. 1980–1983-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик бөлүмүн бүтүргөн. 1984–1993-жылдары «Кыргыз автовнештранстын» Торугарт постунда фельдшер, 1993–2003-жылдары Нарын шаардык бейтапканада медайым, 2003-жылдан бери үй-бүлөлүк медайым болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы медайым. АГСВнын, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Үй- бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Татаал жерде, Торугартта такшалган,
Так диагноз адамдарга коё алган.
Кызмат жүгүн артып азыр Нарында,
Аз үйлөр бар эже буту баспаган.
Медайымдын мыктысы деп макташат,
Чөлкөмүндө кары-жашы жашаган.
Калк сыйына арзып аман жүрүңүз,
Атыңыздай ырларды Сизге арнагам.



**КАСМАЛИЕВА ЖЫЛДЫЗ АКИНАЛИЕВНА**– 1969-жылы 19-июлда Нарын районунун Карачий айылында туулган. 1976–1986-жылдары Карачий орто мектебин, 1986–1989-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик бөлүмүн бүтүргөн. 1989–1992-жылдары НОБОдо реанимация бөлүмүнүн анестезисти, 1992–2002-жылдары Нарын райондук ооруканасынын анестезисти, 2002–2003-жылдары НОБОдо реанимация бөлүмүнүн анестезисти, 2004-жылдан бери Нарын шаардык №2 «Өмүр булагы» ҮДБнун эмдөө жана процедура кабинетинин эмчи айымы болуп иштеп келет. 1-категориядагы эмчиайым. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Кызматы менен таанылган
Кынтыксыз ишин алпарган.
Кынаптап сайып ийнесин
Милдетин туура аткарган.
Көптөрү сугун артышат
Кызыга карап артынан,
Кара көз ушул медайым
Кандай сөз айтсак жарашкан.



**МОЛДОЕВА ГҮЛИНА ШАРАПОВНА** – 1958-жылы Нарын районунун Кеңеш айылында туулган. 1965–1975-жылдары Кеңеш орто мектебин бүткөн. 1975–1978-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик бөлүмүн бүтүргөн. 1978–2003-жылдары НОБОнун акушердик бөлүмүндө медайым болуп иштеген. 2003-жылдан бери Нарын облустук ҮДБнун үй-бүлөлүк медайымы болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы адис. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Кеп кылышат көп келин
Гүлина кыйын акушер,
Керсейбейт, бирок бул эже
Баарын толук билем деп.
Өлбөсүн деп билимим
Бишкектен окуп көп келет.
Азыраак эле мактайлы
Бөөдө менмин деп кетет.



**КАДЫРАЛИЕВА БАКТЫГҮЛ НУРМАМБЕТОВНА** – 1980-жылы 26-апрелде Атбашы районунун Терексуу айылында туулган. 1987–1997-жылдары Терексуу орто мектебин, 1998–2001-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик бөлүмүн кызыл диплом менен аяктаган. 2001–2005-жылдары Акталаа районунун Кошдөбө айылдык ооруканасында акушер, 2005-жылдан бери Нарын облусттук ҮДБнун директордун эмчиайымдар боюнча орунбасары болуп иштеп келе жатат. Облустук «Боорукер эмчиайым» конкурсунун жеңүүчүсү. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Сакадай бойлуу сары кызды
Иши ЦСМге алып барды.
Өзүнө түшкөн милдетти
Кыйналбай таптак аткарды.
«Жаш келсе ишке» деген бар
Азыраак мактай туралы,
Замдиректор бул кезде
Тескеп айым кыздарды.

**НАЗАРКУЛОВ ЖУМГАЛБЕК** – 1957-жылы Жумгал районунун Түгөлсай айылында туулган. 1965–75-жылдары Чаек орто мектебин, 1975–78-жылдары Фрунзедеги медициналык окуу жайында фельдшердик бөлүмдү бүткөн. 1979–80-жылдары Акталаа райондук ооруканасында тез жардам бөлүмүндө, 1980–86-жылдары Акталаа санэпидстанциясында санбрат, 1986–2001-жылдары Нарын облустук



больницасында рентген-лаборант, 2003-жылдан бери №1 ҮДБсында рентген-лаборант болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы рентген-лаборант. Шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Физкультурага кызыгат. Үй-бүлөлүү, 5 баласы бар.

Жыйырма жылы рентген кармап
Өпкө-боор, сынык тартып
Назаркулов эч чарчабайт.
Аппараттар эскирди деп
Анда-санда арман кылат.
Рентгенолог зыяндуу иш деп
Айран, сүт, май сурай калат.
Азыраак кээде кылт дедирсе
Армандары унут калып
Саякмын деп төшүн кагат.



**АШЫМОВА АЙЫМКАН** – 1958-жылы 21-июнда Тяньшань районунун 8-Март айылында туулган. 1965–75-жылдары 8-Март орто мектебин бүтүрүп, 1975–76-жылдары «Барчын» комсомолдук жаштар бригадасында иштеп, 1977–80-жылдары НМУ акушердик бөлүмүн бүткөн. 1980–81-жылдары Жергетал ооруканасында акушерка, 1982–2003-жылдары Нарын шаарында аялдар консультациясында акушерка, 2003-жылдан бери Нарын шаарынын №2 «Өмүр булагы» үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медайымы. Жогорку категориядагы медайым. Жергиликтүү администрациянын грамоталары бар. Үй- бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Жаман айткан кеби жок
Жашынан ушак сөзгө жок.
Жайбаракат жүрсө да
Жумушу дайым бүтөт төп.
Жайдары жүргөн эжебиз
Тамаша сөзгө бир топ шок
Ишиңиз жүрсүн илгери
Жумушта күлкү, ыр коштоп.



**ДОСАЛИЕВА САЛИМА УСЕЕВНА** – 1964-жылдын 4-июнунда Нарын районунун Ташбашат айылында туулган. 1971–81-жылдары Ташбашат орто мектебин аяктап, эмгек жолун 1981-жылы кенже мед кызматкер болуп баштаган. 1989–91-жылдары НМУнун жалпы бөлүмүн бүткөн. 1992–2005-жылдары НОБОдо медайым, 2005-жылдан бери облустук ҮДБда медайым. Райондук шаардык, областтык, жергиликтүү администрациялардын грамота, баалуу сыйлыктарын алган. Жогорку категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Салима сулуу тызылдап
Өз ишин ырас алпарат.
Жаш кыздардай ийкемдүү
Жеңил-желпи тез басат.
Бул темп менен иштесе
Көп кыздарды карытат.
Жаман-жакшы сөзү жок
Жүрө бер иштеп саламат.



**БУЙЛАШОВА ГҮЛЖЫПАР ЭСЕНКАНОВНА** – 1962-жылы 3-январда Жумгал районунун Кызылтуу айылында туулган. 1970–1978-жылдары Кызылтуу орто мектебинин 8-классын, 1978–1980-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын сестралык бөлүмүн бүткөн. 1980-жылы НОБОнун инфекция бөлүмүндө медайым, 1981–1983-жылдары Нарын районунун Миңбулак айылында участкалык медайым болуп иштеген. 1984–1987-жылдары НОБОнун инфекция бөлүмүнүн медайымы, 1988–2003-жылдары Нарын облустук бейтапканада участкалык медайым, 2003-жылдан бери Нарын облустук ҮДТнун үй-бүлөлүк медайымы болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы

адис. Облустук, шаардык, райондук, жергиликтүү администрацconfigлардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Атына заты жарашкан,
Ачуу соз такыр айтпаган.
Аздектеп алган жары да,
Утурлай басат алдынан.
Ак ниет эмгек сиңирип,
Алкышка нечен арзыган.
Аккоргон эли макташат,
Гүлжыпар эже жакшы адам.



**ИСМАИЛОВА САЙРАГҮЛ ТОКОНОВНА** – 1965-жылы 18-январда Тяньшань районунун Жаңыталап айылында туулган. 1972–82-жылдары Жергетал орто мектебин, 1983–86-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик болүмүн бүтүргөн. 1986-жылдан 2002-жылга чейин Аялдар кеңешканасында акушерка болуп иштеген. 2002-жылдан бери Нарын шаарынын № 2 «Өмүр булагы» ҮДБда медайым болуп эмгектенип келет. Жергиликтүү, райондук, шаардык администрациялардын Ардак грамоталарын алган. Жогорку категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 2 баласы бар.

Жумушуна жасап аяр мамиле
Жыйырма эки жыл тажрыйба мол эле.
Колу жеңил, жакшы акушер дешет го
Жакшы сөздор айтылат сен жонүндө.
Эл эмдеген эмчи айым эжеке,
Кыйынсынып менменсинип коп кетпе.
Алды жакта коп белести ашыңыз
Жалгыз жүрбөй бир-экоону жетеле.



**АБДЫЛДАЕВА БУРУЛСУН АБДИЕВНА** – 1961-жылы 19-февралда Тяньшань районунун Жергетал айылында туулган. 1968–78-жылдары Жергетал орто мектебин, 1979–82-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик бөлүмүн бүтүргөн. 1982-жылдан бери Нарын райондук ооруканасынын балдар бөлүмүндө медайым, 2004-жылдан бери Нарын шаардык №2 «Өмүр булагы» ҮДТнун медайымы болуп эмгектенип келет. Жергиликтүү, шаардык, облустук администрациялардын Ардак грамоталары бар. Жогорку категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, үч баласы бар.

Чейрек кылым бөбөк менен иштеген
Бир топ тың дейт өз кызматын билгенден.
Дарак сымал иштеп талбай бир жерде
Грамота, сыйлыктарга жетишкен.
Аста сүйлөйт, ачуу кыялы көрүнбөйт
Жаш кадрга насаатынан бөлүшкөн.
Сыпаа эжеге төрт сап ырдан арнайлы
Жакшы сөздөр жүрсүн арттан ээрчиген.

# НАРЫН ОБЛУСТУК ДЕН СООЛУКТУ ЧЫҢДОО, ОКУТУУ БОРБОРУ ЖАНА ЖЕТЕКЧИЛИКТЕР



**АЖЫБАЕВА ЖЕҢИШ ТОКТОГОНОВНА**– 1946-жылы 23-майда Кемин районунун Жаңыжол айылында туулган. 1954–1964-жылдары Кичикемин орто мектебин, 1964–1970-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүрүп, 1970–1971-жылдары республикалык клиникалык ооруканада интернатурадан өткөн. 1972–1975-жылдары Атбашы районунун Акмуз айылдык ооруканасында участкалык врач, 1976–1981-жылдары НОБОнун терапия бөлүмүнүн башчысы, 1981–1993-жылдары облустук башкы врачтын эксперт боюнча орунбасары, 1993–1996-жылдары облустук башкы врачтын уюштуруу-усулдук иштер боюнча орунбасары, 1996-жылдан бери Нарын облустук медициналык маалымат борборунун врач-статисти болуп иштеп келе жатат. СССР, КР Саламаттык сактоосунун отличниги, жогорку категориядагы врач. ССМнин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Тайторудай талбай иштеп эжебиз,
Так иштеген кадыр-барктуу иштесиз.
Таалим берип татынакай балдарга,
Үйдүн куту, мээрими күч энесиз.
Мактоо сөздүн гүлүн терип айтсак да,
Мен кыйын деп бой көтөрбөй келесиз.
Башканы билбейм улгайды деп айтышса,
Агабызга кыз кездегидей элесиз.

**ИСМАИЛОВА ТОКОН ТОБОКЕЛОВНА** – 1947-жылы 27-июлда Нарын шаарында туулган. 1954–1964-жылдары Нарын шаарындагы Чкалов орто мектебин, 1964–1970-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1970–1978-жылдары Каракол шаардык ооруканасында участкалык дарыгери, 1978–1979-жылдары Нарын облустук ооруканасынын кардиология бөлүмүнүн врачы, 1979–1985-жылдары №4 башкы башкармалыктын Нарын облустук ооруканасынын



башкы врачы, 1985–1991-жылдары Талас райондук ооруканасынын башкы врачтын орунбасары, 1991–1993-жылдары Кочкор райондук ооруканада врач-статист, 1993–1995-жылдары медициналык статистика бюросунун Ысыккөл облусу боюнча башчысы, 1995–2000-жылдары Караколдогу «Ден соолук реформасынын» техникалык адиси болуп иштеген. 2000-жылдан бери үй-бүлөлүк дарыгерлер Ассоциациясынын Нарындагы филиалынын административдик директору болуп иштеп келе жатат. Нарын шаардык Кеңештин 2 жолку депутаты, Саламаттык сактоонун отличниги, СССРдин 70 жылдык юбилейинин медалы, Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, райондук, шаардык администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Адам бол деп өстүрүшкөн жашынан,
Ата-эненин эмгектерин актаган.
Алыс-жакын жерлерде көп иштеди,
Айтылган жок жаман сөздөр артынан.
Жаштарыбыз үлгүсүн алса болчудай
Ачык сүйлөп так иштеген жагынан
Алтымышка келсе дагы эжебиз
Жазбай келет бир калыпта басыктан.



**АБДРАИМАКУНОВА АНАРА ТУРГУНБЕКОВНА** – 1963-жылы 3-февралда Нарын шаарында туулган. 1970–1980-жылдары Нарын шаарындагы Чкалов орто мектебин, 1980–1986-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1986–1987-жылдары Борбордогу №2 ШКБда интернатурадан өткөн. 1988–1992-жылдары Бишкек шаарындагы №6 клиникалык ооруканада участкалык дарыгер, 1992–1995-жылдары Кочкор аймактык оорукананын терапия бөлүмүнүн бөлүм башчысы, 1996–1998-жылдары Нарын шаарынын Ардагерлер ооруканасынын бөлүм башчысы, 1998–2003-

жылдары облустук МСЭКте эксперт-терапевт, 2003-жылдан бери облустук МСЭКтин торайымы болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач, облустук «Намыс» программасынын, «Жылдын мыкты дарыгери» конкурстарынын жеңүүчүсү. ССМинин, облустук, шаардык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлолүү, 2 баланын энеси.

Кыз кездеги орун алып тилеги
Коп жылдары врач болуп иштеди.
Кичи пейил, ишке тыкан бул кызды
Майыптардын ал-абалын бил дешти.
Талдап карап таамай баасын беришет
Эл ыраазы бул кызматка келгени.
Алкыштардын кобүн алып жүрүңүз
Ошол болот эл эмгекти билгени.



**АХМЕДАКУНОВА ЧЫНАРА АБДЫКАДЫРОВНА** – 1967-жылы 3-июнда Нарын шаарында туулган. 1974–1984-жылдары Чкалов орто мектебин, 1985–1987-жылдары Фрунзедеги медициналык окуу жайынын балдар болүмүн бүтүрүп, 1987–1993-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткон. 1993–1994-жылдары Нарын облустук балдар ооруканасында интернатурадан откон. 1994–1998-жылдары Нарын шаарынын РТС чолкомүнүн участкалык врачы, 1998–1999-жылдары балдар бейтапканасынын башкы педиатры, 1999–2000-жылдары облустук саламаттык сактоо болүмүндо башкы педиатр, 2000–2001-жылдары Бишкек шаарында үй-бүлолүк медицина боюнча клиникалык ординатурада, 2001-жылдан бери Нарын облустук үй-бүлолүк медициналык окутуу борборунун жетекчиси болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоонун отличниги, 1-категориядагы врач. ССМинин, облустук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар.

Чыйрак кыз биздин Чынара
Чын мугалим чынында.
Орусча таптак сүйлөсө
Жолобойт жигит жанына.
Чыңалып жылда баратат
Үй-бүлө дарыгери калкымда.
Иш деп жүрүп Чынаржан
Үй-бүлө керектигин да унутпа.



**АБДЫРАХМАНОВА ЖЫЛДЫЗ ИШЕНБЕКОВНА** – 1965-жылы 5-мартта Кочкор районунун Кочкор айылында туулган. 1973–1983-жылдары ВЛКСМдин 40 жылдыгы атындагы орто мектебин, 1983–1989-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1989–1990-жылдары НОБОдо акушердик жана гинекология боюнча интернатурадан өткөн. 1990–1992-жылдары НОБОнун реанимация бөлүмүндө врач-акушер-гинеколог болуп иштеген. 2001–2002-жылдары Бишкек шаарында үй-бүлөлүк дарыгерлер боюнча клиникалык ординатурадан окуган. 2002-жылдан бери Нарын облустук үй-бүлөлүк дарыгерлердин окутуу борборунун мугалими, ошол эле мезгилде түнкү дежурстводо иштейт. Саламаттык сактоонун отличниги, 1-категориядагы врач. 2000-жылдын облус боюнча эң мыкты врачы. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. 3 баланын энеси.

Жылмайыңкы шайдоот Жылдыз мүнөзүң,
Жумушуңду тың, тарс иштеп жүрөсүң.
Жаштык жигер кайратыңа таянып,
Элиң үчүн иштейсиң кээде түнкүсүн.
Жүктү алып үй-бүлөдө мойнуңа,
Балдарыңды атасындай сүйөсүң.
Өмүр берип киндик кескен балдарың,
Сыйлап келсе эмгегиңди сезесиң.



**ИБРАЕВА ЧЫНАРА ЖОЛОМАНОВНА** – 1970-жылы 22 -августта Атбашы айылында туулган. 1977–87-жылы №2 Ленин орто мектебин, 1987–1990-жылдары Нарын медициналык окуу жайынан жалпы сестралык бөлүмүн аяктаган. Нарын облустук ооруканасынын жугуштуу оорулар бөлүмүндө 13 жыл эмчиайым, улуу эмчиайым болуп эмгектенген. Нарын мамлекеттик университетинин биология факультетин сырттан окуп бүтүргөн. Учурда Нарын медициналык окуу жайында мугалим болуп эмгектенет. Билими жогорку. Жогорку категориядагы медайым. Көптөгөн грамота жана сыйлыктардын ээси. Комсомол комитетинде да эмгектенип, сыйлыктарга ээ болгон. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Чыйрак иштеп чарчоону көп билбеди,
Иштеп жүрүп билимге да жетишти.
Иш тажрыйба, китептерге үңүлүп
Сабак берип окутат студентти.
Кызматка тың уюштургуч карындаш
Дагы деле бүтүрөт көп нерсени.
Эмгегинин көрө берсин үзүрүн
Амандыкта эли менен болсун дейли.



**СЕЙИТМАМБЕТОВ КАЗЫБЕК БАЙЫШОВИЧ** – 1969-жылы 1-августта Тяньшань районунун Жалгызтерек айылында туулган. 1976–1986-жылдары Жалгызтерек орто мектебин, 1986–1994-жылдары КММИнин стоматология факультетин бүтүргөн. 1988–1990-жылдары Советтик Армиянын катарында жоокер болуп кызмат өтөгөн. 1994–1995-жылдары Нарын облустук стоматология поликлиникасында интернатурадан өткөн. 1995–1996-жылдары Воронцовкадагы курортология жана илим изилдөө институтунда иштеген. 1996–1999-жылдары Нарын облустук ички иштер

башкармасынын тиш догдуру болуп эмгектенип, 1999-жылдан бери ушул жерде медициналык кызматтын начальниги болуп иштеп келет. 1-категориядагы адис. Милициянын майору. ИИМдин, облустук ИИБсынын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Айылдан өсүп такшалган
Устав менен жашаган.
Ишинин көрүп үзүрүн
Көп кишилер алкаган.
Казыбек мыкты врач деп,
Тиш салдыргандар мактаган.
Тартипсиз ишти эч кылбайт
Чекист – биздин таанылган.



**ЖУМАКАНОВА АЙГҮЛ БЕЙШЕБАЕВНА** – 1969 - жылы 19- сентябрда Нарын шаарында туулган. 1976–86-жылдары Чкалов орто мектебин күмүш медаль менен бүтүрүп, 1986–91-жылдары КМУнун биология факультетин аяктаган. КМЮАнын юриспруденция факультетин сырттан окуган. 1991–97-жылдары Нарын облустук санитардык эпидемиологиялык станцияда врач-вирусолог, 1997–2002-жылдары ушул эле мекемеде санитардык-гигиеналык лабораториянын башчысы. 2002-жылдан бери облустук Кызылай коомунун төрайымы. Бир нече илимий сунуштарды киргизип, иш жүзүнө ашырган. Азыркы жумушу боюнча Орто Азия мамлекеттеринде, Швейцария, Белоруссия, Турция, Голландия мамлекеттеринде болгон. Саламаттык сактоо министрлигинин, областтык, шаардык жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын алган. Жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоонун отличниги. Үй- бүлөлүү, 2 баласы бар.

Теңиртоо ичин аралап
Айланат дайым ак Нива.
Арып-ачкан элине
Айгүл жөнөйт ашыга
Ак Үйдөн келбес жардамды

Алып келет бул кыз калкына.
Айгүлдүн Кызылай коому
Коп жардам берди чынында.



**КАЙКИЕВА МЫРЗАГҮЛ** – 1965-жылы 21-июлда Нарын шаарында туулган. 1972–1982-жылдары Атбашы айылындагы № 2 Ленин орто мектебинде окуган. 1982–1984-жылдары НМУнун фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1985–1998-жылдары Нарын облустук ооруканасында медайым болуп эмгектенген. 1999-жылдан бери Нарын шаарындагы СИЗО-4 мекемесинде медициналык пункттун башчысы болуп эмгектенип келет. Ички кызматтын ага лейтенанты, ИИМдин, ГУИНдин жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын алган. Нарын мамлекеттик университетинин биология факультетин сырттан окуп бүтүргөн. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Мойнундагы милдетин так аркалап
Медиктикти аткарган лейтенант.
Форма кийип олуттуу сүйлөгөндө
Мырзалардын көптөрү тайсалдашат.
Дарак сымал бир жерден көктөп келет
Бул сулууну мактасак куп жарашат.
Байбичемди неге мынча мактады деп
Жекшен чалы жүрбөсүн тишин кайрап.
Кымбатчылык мезгилде күлөлү деп
Аяшыма ыр арнадым тамашалап.

# МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ФОНДУНУН НАРЫН АЙМАКТЫК БАШКАРМАЛЫГЫ

*«Өзү жакшы адам болбосо ал эч качан жакшы дарыгер боло албайт».*
*В. Беганский.*



**КУДАЙБЕРГЕНОВ НАРЫНБЕК НУРСЕИТОВИЧ** – 1964-жылы 17-мартта Нарын шаарында туулган. 1971–1981-жылдары Чкалов орто мектебин аяктаган. 1981–1987-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүрүп, 1987–1988-жылдары Нарын облустук ооруканада интернатурадан өткөн. 1988–1989-жылдары врач-интенсивист, 1990–1996-жылдары Нарын облустук балдар ооруканасынын башкы дарыгердин дарылоо иштери боюнча орунбасары, 1996–1999-жылдары Нарын облустук ооруканасынын башкы врачтын орунбасары болуп иштеген. 1999–2001-жылдары Нарын облустук бириктирилген оорукананын башкы врачы, 2001-жылдан бери Нарын ТУ ФОМСта директор болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы адис. ССМинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын атасы.

Анча-мынча улуу элем
Айбыгып кетем сен дештен.
Кичүүнү да сен дебейт
Абдан сылык мамилең.
Кичипейил жетекчи
Нарында да бар экен.
Аркалайт жүгүн дубандын
Азамат экен келишкен.
Ашыкча мактап жиберсем
Ай, Наке, мени кечирсең.

**СТАМКУЛОВА АЛЫМБҮБҮ ШЕКАЛИЕВНА** – 1957-жылы 27-апрелде Нарын районунун Оттук айылында туулган. 1964–1974-жылдары Оттук орто мектебин бүткөн. 1974–1976-жылдары Бишкектеги соода



техникумунун бухгалтердик бөлүмүн, Карагандадагы кооперативдик институттун бухгалтердик-экономисттик факультетин бүтүргөн. 1976–92-жылдары Нарын шаардык соода мекемесинде бухгалтер, бөлүм башчы, 1992–1998-жылдары Нарын шаарындагы «Сайкал» соода борборунун башкы бухгалтери болуп иштеген. 1998–2002-жылдары Милдеттүү медицина камсыздоо фондунун Нарын аймактык башкармалыгынын башкы бухгалтери болуп иштеп келген. 2002-жылдан бери директордун экономика боюнча орунбасары болуп иштеп келет. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. «Үлгүлүү үй-бүлө, дөөлөт» республикалык конкурсунун жеңүүчүсү. Үй- бүлөлүү, 2 баланын энеси, 2 неберенин чоң энеси. КР Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери.

Бир туугандай акылын аябаган
Билем-билем Алым эже эң жакшы адам.
Бухгалтердик жооптуу иште иштесе да
Бир да жолу кылтың иш жасабаган.
Далай жолу кеңешин уксам деле
Эженин сөзүнөн мен тажабагам.
Иште ийгилик, аман-эсен болуңузчу
Жарыңыз, балдарыңыз болуп аман.



**МАМЫТКОЖОЕВ ТЕҢИРБЕРДИ** – 1948-жылы 10-майда Нарын облусунун Акталаа районунун Үгүт айылында туулган. 1972-жылы КММИнин дарылоо факультетин бүтүрүп, алгач врач-хирург кесиби менен Акталаа районунун Ленин участкалык ооруканасында, кийин райондук ооруканасынын хирургия бөлүмүндө хирург, бөлүм башчы болуп иштеп, эмгек жолун баштаган. 1981–1984-жылдары Нарын облусунун башкы онколог-врачы, Нарын облустук оорукананын башкы врачынын орунбасары, 1984–1986-жылдары Жумгал райондук борборлоштурулган ооруканасынын

башкы врачы, 1986–1997-жылдары НМУнун директорунун орунбасары жана мугалим, 1997–1999-жылдары ММК фондунун Нарын аймактык башкармалыгынын директору, 1999-жылдын август айынан бери ММК фондунун Нарын аймактык башкармалыгынын башкы адиси, врач-эксперт болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоонун отличниги, Саламаттык сактоо министрлигинин жана Профсоюздар комитетинин, ММК фондунун Ардак грамоталары областтык, шаардык райондук администрациялардын грамоталары менен сыйланган. Бактылуу үй-бүлөнүн ээси, 5 баланын атасы.

Тактыгы менен таанылган,
Талабын коюп аткарган.
Тамыр ДОС кээде таарынып,
Далысын салып тултуйган.
Дүбүртү бар бараандуу,
Темикебиз жакшы адам.
Тыянактуу иш жазап,
Тайбайм дейт ушул калыптан.



**КОЧЕНОВА ЧОЛПОН ЖУМАКМАТОВНА** – 1956-жылы 5-декабрда Нарын шаарында туулган. 1964–1974-жылдары Токтогул орто мектебин бүтүргөн. 1974-жылы облустук керек-жарак союзунда улуу лаборант, экономист, ага эсепчи болуп иштеген. 1999-жылы ММК фондунун Нарын аймактык башкармалыгынын экономисти, учурда башкы эсепчи, бөлүм башчы болуп иштейт. Фрунзедеги кооперативдик техникумун, Карагандадагы кооперативдик институтун сырттан окуп бүтүргөн. «Отличник потребкооперация» ММК фондунун Ардак грамотасы менен сыйланган. Үй-бүлөлүү.

Чырымтал кезден иштеген
Чоң бухгалтерликке жетишкен.
Чыр-чатак жок ишинен
Чолпон эже тың экен.
Чейрек кылым чот кагып
Чаташпайт сандан бир совсем.
Чүроктөй эжем жаңы эле
Бактыны табам дейт жездемен.



**ШАМЕЕВА СЫЙНАГҮЛ АСЕКОВНА** – 1964-жылы 11-апрелде Атбашы айылында туулган. 1971–1981-жылдары Атбашы айылында №1 Ленин орто мектебин, 1981–1987-жылдары КММИнин педиатрия бөлүмүн, 1987–1989-жылдары балдар инфекциялык кафедрасынан ординатураны бүтүргөн. 1989-жылы Нарын облустук балдар ооруканасында жугуштуу оорулар бөлүмүндө врач-ординатор, 1989–2002-жылдары облус боюнча башкы инфек-ционист, ошол эле мезгилде бул бөлүмдө 2000-жылдан баштап бөлүм башчы, 2002-жылдан бери ММК фондунун Нарын аймактык башкармалыгынын бөлүм башчысы (калк жана дарылоо мекемелери менен иштоо бөлүмү) кызматын аткарып келет. 2004-жылы Республикалык ММК фондунун, областтык, жергиликтүү администрациялары тарабынан Ардак грамоталарын алган. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы адис. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Зинабыз биздин тызылдап
Өз ишин ырас алпарат.
Жаш кыздардай ийкемдүү
Жеңил-желпи түз басат.
Тамаша сөздү, куйкумду
Тартиби менен айта алат.
Аман болуп иштеп жүр
Алты ооз сөз сизге арналат .

# НАРЫН ОБЛУСТУК САНИТАРДЫК ЭПИДЕМИОЛОГИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛДӨӨ БОРБОРУ



**САЗАНОВ ЗАЙНИДИН ТАШМАТОВИЧ** – 1968-жылы 21-январда Жумгал районунун Кызылтуу айылында туулган. 1975–1985-жылдары Кызылтуу орто мектебин бүтүргөн. 1986–1988-жылдары Советтик Армиянын катарында Германияда кызмат өтөгөн. 1988–1989-жылдары Кызылтуу айылында колхозчу болуп иштеген. 1989–1996-жылдары КММИнин санитардык-гигиеналык факультетин бүтүрүп, 1996–1997-жылдары Жумгал райондук СЭС санитар-врач болуп иштеген. 1997–1998-жылдары Нарын облустук СЭСте санитардык врач, 1998–2003-жылдары Жумгал райондук СЭСте башкы врачтын кызматын аткарган. 2003-жылдын мартынан бери Нарын облустук СЭКБнун башкы врачы болуп иштеп келе жатат. 1-категориядагы врач. ССМинин, облустук, райондук, жергиликтүү администра-циялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Саксактап алдын илдеттин
Сан китепчеден киресиң.
Тазалыкты сактаткан
Сазандын уулу Зайнидин.
Солкулдак ушул заманда
Жугуштуу ылаң келбесин.
Сасыксыз облус кылам деп
Түшүнө кирет кээлердин.
Талабын койсун, сындасын
Таза бололу ылайым.

**СЫРДЫБАЕВА СЫЯПАТ СААДАБАЕВНА** – 1966-жылы 1-августта Нарын шаарында туулган. 1973–1983-жылдары Нарын шаарындагы орто мектепти, 1983–1989-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргөн. 1989–2002-жылдары Нарын шаарындагы балдар жана бириктирилген ооруканаларда врач болуп иштеген. 2002–2004-жылдары Нарын облустук СЭСтин «Иммунопрофилактика» бөлүмүнүн



башчысы, 2004-жылдан бери ушул мекемеде башкы врачтын орунбасары болуп иштеп келет. 1999-жылы «Эң мыкты дарыгер» дипломунун ээси, Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын алган. 2 баланын энеси.

Сиз, биз деген сөз айтат
Сыйлуу кыз биздин Сыяпат.
Саламат элим болсо деп
Санитария жагын акмалайт.
Сыпаттап төрт сап ыр жаздым
Болсо деп карындаш саламат,
Сизди да сүйгөн көптөр бар,
Жүрө көр сулуу абайлап.



**БАЯЛИЕВА САЙРА МОҢОЛДОРОВНА**– 1956-жылы туулган. 1980-жылы КММИнин санитардык-гигиеналык факультетин бүткөн. 1980–1985-жылдары Фрунзе шаарында «Общепит» бирикмесинде врач-диетолог болуп иштеген. 1985-жылдан баштап Нарын облустук санэпидемстанциясында уюштуруу бөлүмүнүн врачы, 1989-жылы СПИД борбору жаңы уюшулганда СПИД лабораториясын жетектеген. 1989–2003-жылдары Тяньшань райондук санэпидемстанциясында санитардык бөлүмдүн башчысы, 2004-жылдан бери облСЭКБда иштеп келе жатат. Калкты медициналык жактан тейлөөнү уюштурууда сиңирген эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын «Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери» төш белгиси менен сыйланган, жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 3 баланын апасы.

Кыйла жыл иштеп талбаган,
Кынтыксыз кызматын алпарган.
Кадырлап баары сыйлашат
Эжебиз Сайра жакшы адам.

Насаатын айтат жаштарга
Эжекелеп сыйлайт алдынан,
Эң жакшы сыйлык ушул дейт
Эл сыйлап турса туш-туштан.



**БОРУКЧИЕВА АНИПА БАКИРОВНА** – 1960-жылы 4-январда Нарын районунун 8-Март айылында туулган. 1967–77-жылдары 8-Март орто мектебин, 1977–83-жылдары КММИнин санитардык-гигиеналык факультетин бүтүргөн. 1983–96-жылдары Нарын райсанэпидстанция санитардык врач, 1996–2004-жылдары Нарын райсанэпидстанцияда бөлүм башчы, 2004-жылдан бери Нарын облустук санэпид көзөмөл борборунда санитардык бөлүмдүн башчысы, санврач. Облустук, шаардык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Бишкектен билимин жогорулаткан. Анемия жана йод жетишсиздиги боюнча Бүткүл дүйнөлүк жана Азия өнүктүрүү банкынын сертификатын алган. Жогорку категориядагы врач. Үй– бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Базарчылар турбаса да сагына
Биздин эже иштеп келет татына.
Бактерия, вирустарды чечмелеп
Гезитке да жаза коёт макала.
Бир топтордон өйдө билет өз ишин
Билим кенин казып келген Бишкекте,
Бөлүмдөгү ишин билет беш колдой
Бой көтөрбөй иштеп жүрөт тим эле.

**ШАРШЕНБАЕВ КЫЛЫЧБЕК КЕРИМБЕКОВИЧ** – 1958-жылы 28-декабрда Нарын шаарында туулган. 1966–1976-жылдары №1 Токтогул орто мектебин, 1977–1979-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1979–1985-жылдары КММИнин санитардык-гигиеналык факультетин бүтүргөн. 1985–1986-жылдары Атбашы СЭСинде врач-эпидемиолог болуп интернатурадан өткөн. 1986–1997-жылдары Кочкор СЭСинде санитардык бөлүмдүн башчысы, 1997–2003-жылдары Акталаа СЭСинде башкы врач, 2003–2004-жылдары Нарын облустук СЭСинде башкы врачтын орунбасары болуп иштеп келген. 2004-жылдан бери



Нарын облустук СЭСинде санитардык врач болуп иштеп келет. 1-категориядагы врач, Саламаттык сактоонун отличниги. Үй-бүлөлүү, 4 баласы бар.

Кыйла жыл иштеп талбаган
Жетекчи кызмат аткарган.
Кынтыксыз ишти жасабайт
Кылычбек агам мыкты адам.
Санитар жагын бек карап,
Сан жеткис жумуш аткарат,
Отличник болсом деп
Ар жылы кылат далалат.



**МАКЕЕВА АЙЖАН КАСЫМОВНА** – 1970-жылы 5-мартта Тяньшань районунун 8-Март айылында туулган. 1977–1987-жылдары 8-Март орто мектебин бүткөн. 1987–1989-жылдары Тяньшань райондук ооруканада кенже медицина кызматкери болуп иштеген. 1989–1992-жылдары Нарын медицина окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1992-жылдын апрелинен бери Нарын облустук СЭСинде санитардык врачтын жардамчысы болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы адис. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарын алган. Ыр кеселердин активдүү катышуучусу. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Алды-артын көп байкап
Аныктап ишин алпарат.
Аккуудай болуп керилип
Абанын созо ыр ырдайт.
Алтынга теңеп бул кызын
Ардактап көбү сыйлашат.
Айжан, Айжан, Айжан, – деп
Кары-жашы урматтайт.



**АЗИСОВА ЖАРКЫН** – 1981-жылдын 29-ноябрында Атбашы айылында туулган. 1989–1999-жылдары Атбашы айылында Ж.Шералиев атындагы орто мектебин, 1999–2002-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын эмчилик иш бөлүмүн аяктаган. 2005-жылдан бери Нарын облустук санитардык көзөмөлдөө борборунда санитардык врачтын жардамчысы кесибинде эмгектенет. 2008-жылы Кыргыз мамлекеттик кайра даярдоо жана адистикти жогорулатуу медициналык институтун эң жакшы баага аяктаган. Поэзияга кызыгат. Ырлары мезгилдүү басма сөздөргө жарыяланып турат. Үй -бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Толкундап жазса чоң акын
Жаркылдап жүрсө иште тың,
Достук азил, шарждардын
Каалаадың элге далайын.
Көрө албайм такыр бул кыздын
Түнөргөн ойлуу кабагын.
Дилгирлүү иштеген сулууга
Дабдырап жаздым төрт сабым.



**МАЙЛЫБАШЕВ ЖЫРГАЛБЕК** – 1951-жылы 9-январда Акталаа районунун Тоголок Молдо айылында туулган. 1968-жылы №2 Ленин орто мектебин, 1968–1971-жылы Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүткөн. 1971–1973-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1973–1974-жылдары Акталаа районунун Ленин атындагы колхоздо участкалык фельдшер, 1974–1982-жылдары Нарын облустук санитардык эпидемиялогиялык станцияда, 7412-аскер бөлүгүндө санинструктор болуп иштеген. 1982-жылдан бери Нарын облустук санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунда

жардамчы эпидемиолог болуп эмгектенип келет. Жогорку категориядагы адис. Саламаттык сактоо министрлигинин, областтык, райондук, шаардык жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 6 баланын атасы.

Отуз үч жыл бир кызматты аркалап,
Ойдогудай өз ишин так алпарат.
Орду менен иштеп келе жаткандар
Облуста ондоп, жүздөп саналат.
Отуз жылчып парадчылар ичинде
Ортосунда Жыргал ага баратат.
Кырк жыл иштеп эс алам деп буюрса
Отурса да, басса-турса кеп кылат.



**ЖАПАРКУЛОВА ТУРДУБҮБҮ ЭСЕНАКУНОВНА** – 1958-жылы 18-сентябрда Нарын шаарында туулган. 1965–1975-жылдары Атбашы айлындагы №2 Ленин орто мектебин, 1975–1981-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1981–1986-жылдары Нарын областтык ооруканасынын терапия бөлүмүндө врач-терапевт, 1986–2004-жылдары Нарын областтык бейтапканасында участкалык терапевт. 2004-жылдан бери Нарын областык үй-бүлөлүк медицина борборунун үй-бүлөлүк дарыгери. Жергиликтүү, шаардык, областтык администрациялардын Ардак грамоталарын алган. 2004-жылдан бери шаардык Ардак тактада сүрөтү илинүү. Жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоонун отличниги. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Өз ишин сүйгөн эжем бар
Жактырып байкем кылган жар.
Көп адамдан кеп уктум
Чындыгы мыкты дарыгер.
Калк деген кыйын тараза
Калыстап карайт баарына.
Урматка арзып жүрүңүз
Түшпөстөн Ардак тактада.

# НАРЫН ОБЛУСТУК БИРИКТИРИЛГЕН ООРУКАНАСЫ



**АТБАЕВ МУРАТБЕК АТБАЕВИЧ** – 1953-жылы 15-мартта Нарын районунун Жанбулак айылында туулган. 1960–1970-жылдары Жанбулак орто мектебин, 1970–1976-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1976–1977-жылдары Бишкектеги №2 ооруканада интернатурадан өткөн. 1977–1981-жылдары Бишкектеги №2 клиникалык ооруканада врач-хирург. 1981–1984-жылдары НОБдо врач-хирург болуп иштеген. 1984–1985-жылдары хирургия бөлүмүнүн башчысы, 1991–1996-жылдары Нарын райондук ооруканасынын башкы дарыгери, 1996–1999-жылдары хирургия бөлүмүнүн башчысы, 1999–2001-жылдары Нарын райондук ооруканасынын башкы дарыгери болуп иштеп келген. 2001-жылдан бери НОБОнун директору болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, КР эмгек сиңирген врачы, жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамота жана баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы. Аялы, 2 кызы, 1 уулу врачтык кесипти аркалашат.

Жетекчидей керсейбейт,
Илбериңки кыймылы.
Айыгышты дартынан,
Алты миң ашуун оорулуу.
Алкышка арзып жүрө бер,
Дубандын мыкты хирургу.

**КАЛМАНБЕТОВА АНАРА КЫДЫКОВНА** – 1963-жылы 17-июнда Нарын шаарында туулган. 1970–80-жылдары Киров атындагы орто мектебин, 1980–87-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1987–88-жылдары Нарын облустук ооруканасында интернатурадан өткөн. 1988–89-жылдары Нарын облустук ооруканасында участкалык терапевт, 1993–95-жылдар Нарын облустук саламаттык сактоо башкармалыгында облустун башкы терапевти, 1995–2000-жылдары облустук оорукананын башкы дарыгеринин дарылоо иштери боюнча орунбасары, 2000-жылдын 10-февралынан бери НОБОнун директорунун дарылоо иштери боюнча орунбасары. Саламаттык



Сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. ССМинин, областтык, жергиликтүү, шаардык администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Демократиянын шартында,
Жетекчи болуш кыйын да.
Жакшы иштеп келатат,
Врач эжебиз Анара.
Дарылоо жагын жетектеп,
Жумушу көп чынында.
Ушул калыбынан жазбаса,
Жетекчи болоор алдыда.



**ЖУМАБЕКОВ АРТИСБЕК** – 1950-жылы Акталаа районунун Карой айылында туулган. 1956–1964-жылдары Карой 8 жылдык орто мектебин, 1964–1968-жылдары Нарын медицина окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1968–1971-жылдары Акталаа районунун Ленин айылдык бейтапканасында фельдшер болуп иштеген. 1971–1977-жылдары КММИнин стоматология факультетин бүткөн. 1977–1985-жылдары Нарын облустук стомполиклиникада врач-стоматолог болуп иштеген. 1985–1989-жылдары бөлүм башчы, 1989–2000-жылдары стоматалогия поликлиниканын башкы врачы болуп иштеп келген. 2000-жылдан бери НОБОдо стат бөлүмүнүн башчысы, директордун орунбасары болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. ССМинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

Убакыт-саатын так карап
Ишин таптак алпарат.
Жакшылык көп болсо деп,
Күн-түнү жасайт далалат.
Жогортон келген текшерүү
Ишинен кынтык таба албайт.
Иштемчил жагы билинет
Ийри ишти такыр жазабайт.



**КУРМАНКОЖОЕВ АЛЫКАДЫР** – 1940-жылы 19-декабрда Атбашы районунун Акмоюн айылында туулган. 1949–1959-жылдары Акмоюн орто мектебин аяктап, 1959–1965-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1965-жылдан бери облустук кургак учукка каршы диспансердин врач-фтизиатору болуп иштеп келет. «В.И. Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалы», ССМинин, Кызыл Жарымай коомунун, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын алган. Саламаттык сактоонун отличниги, 1-категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

Эс тарткандан кызмат кылып элине
Эч кынтыксыз иштеп келди бир жерде.
Карт Нарындын төрт мезгили өзгөчө
Ден соолуктун көбүн алып коёт ээ.
Кырк жыл ашуун иштесе да абабыз
Карылыкка моюн бербейт дагы эле.
Кайрат-күчү, баарысы эле жигиттей
Кубанамын келиндерге тийиишсе.



**ХАКИМОВ МАРС ХАЗИЕВИЧ** – 1931-жылы Татарстанда туулган. 1947-жылы Фрунзеге келген. 1947–1950-жылдары Фрунзедеги медициналык окуу жайын, 1950–1956-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1956-жылдын 20-августунан бери Нарын облустук ооруканада үзгүлтүксүз иштеп келет. КР эмгек сиңирген врачы, СССР Саламаттык сактоонун отличниги, «Эмгек Кызыл Туу» ордени, «Эмгектеги каармандыгы» медалдары менен сыйланган. СССРдин, КР ардактуу донору, Граждандык коргонуунун отличниги, ССМинин облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси, жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 3 баласы бар.

Жарым кылым иштеген
Жерим Нарын деп келген.
Тили, дили бүт кыргыз
Фамилия бөлөк дебесең.
Кыргыздын Сибирине чыдаган
Марс тагам мыкты киши экен.
Юбилей кылып той берет
Тизмеде деги бар бекем?



**ИДИРИСОВ АМАН ИДИРИСОВИЧ** – 1947-жылы 22-ноябрда Ысыккөл облусунун Чолпоната шаарында туулган. 1955–1965-жылдары Чолпонатадан Киров атындагы орто мектепти аяктап, Аламүдүн тех-комбинатында жумушчу болуп иштеп, аны менен бирге кечки даярдоо курсунда билим алган. 1966–1972-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүрүп, 1972–1973-жылдары НОБдо интернатурада иштеген. 1974-жылдан бери Нарын облустук ооруканасында үзгүлтүксүз урология бөлүмүнүн врачы, бөлүм башчысы болуп иштеп келе жатат. Москва, Киев, Ленинград, Минск, Ереван, Ташкент, Алматыдан билимин өркүндөтүп, окуп келген. СССРдин Саламаттык сактоонун отличниги, КР эмгек сиңирген врачы, СССРдин Кызыл Крест коомунун, ССМинин 2 жолку, облустук, шаардык администрацияларднн Ардак грамоталары, акчалай сыйлыктарын алган. Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 3 баласы бар. Балдары да медицина тармагында иштешет.

Бөйрөгүм ооруйт, бөйрөгүм
Бөйрөктөн бөөдө өлбөгүн.
Алеки саатта дарылайт
Амандай кыйын көрбөдүм.
Мактоого арзып жүрө бер.
Жаштарга тийип өрнөгүң.
Жездебиз жакшы инсан деп,
Ушул ырды чүргөдүм.



**АСАНБЕКОВ ДҮЙШӨНААЛЫ** – 1940-жылы Атбашы районунун Акжар айылында туулган. 1958-жылы Фрунзедеги №5 орто мектебин, 1958–1964-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1964-жылы Нарын шаарында терапевт болуп эмгек жолун баштаган. 1965-жылы атайын невропатологдун окуусун окуп келгенден бери Нарын шаарындагы ооруканада бөлүм башчы, невропатолог дарыгери болуп үзгүлтүксүз иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. «Манас–1000» эстелик медалы, Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы. Жолдошу, 1 кызы врач болуп иштешет.

Сайга сиңген суулар бар,
Санда жок өткөн өмүр бар.
Сайып кетсең беш терек
Саамалык кылып айткан бар.
Сактайм деп элин илдеттен
Сакалдуу врач Дүйшөн бар.
Сан жылдар болуп шериги
Саал-паал басат жай,
Саламат элим болсо деп,
Сары оору болгон жагы бар.

**ЧОКМОРОВА ҮМҮТКАН ЖУСУПОВНА** – 1958-жылы 24-октябрда Ысыккөл облусунун Тоң районунун Бөкөнбаев айылында туулган. 1965–1975-жылдары М. Горький атындагы орто мектебин, 1975–1982-жылдары КММИнин санитардык факультетин бүтүргөн. 1982–1984-жылдары Тяньшань райондук санэпидстанциясында санитардык врач, 1984–1988-жылдары облустук санэпидстанцияда врач-вирусолог, 1988–1998-жылдары Атбашы районунун Акмуз айылдык ооруканасында врач-лаборант, 1998-жылдан бери облустук СПИДге каршы борбордо врач-эпидемиолог, эпидемиология бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы



врач, ССМинин, облустук, райондук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 5 баласы бар.

Калк үчүн иштеп талыкпай
Кызматын кылган эже бар.
Кай кызмат жүгү артылса
Как положено бүтөт шар.
Кесибин улап эженин
Келин-уулу кесиби врачтар.
Кылымдап өмүр сүрүңүз
Кут болсун айткан алкыштар.



**АБДРАЕВА НАРЫНКҮЛ** – 1958-жылы 9-майда Нарын шаарында туулган. 1965–1975-жылдары Чкалов атындагы орто мектебин, 1978–1983-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1983–1984-жылдары Республикалык психо-наркологиялык диспансерде врач-психиатр болуп интернатурадан өткөн. 1985–1996-жылдары НОБОнун психо-наркология бөлүмүндө бөлүм башчы, 1996-жылдан бери психо-наркологиялык диспансердин бөлүм башчысы болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. ССМинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Эженин бейтаптары башкачараак
Эби менен бирден көрөт абдан карап.
Турмуштун соккусунан жабыр тарткан
Эжеден акыл сурап кайрылышат.
Эң аяр баарысын тең шашпай угуп
Эгерим жакшы сөзүн эч аябайт.
Эсен-соо болуп, иштеп жүрсүнчү деп,
Эки сап ушул ырды жаздым арнап.



5-383



**ДҮЙШӨНАЛИЕВ АКЫЛБЕК** – 1957-жылы 30-августта Акталаа районунун Карабүргөн айылында туулган. 1964–74 жылдары Жеңиш орто мектебин бүткөн. 1974–75-жылдары колхоздо колхозчу болуп иштеген. 1975–81-жылдары КММИнин дарылоо факультетин, 1981–82-жылдары интернатураны республикалык больницадан терапевт адистиги боюнча өткөн. 1982–88-жылдары Нарын медициналык окуу жайында дарыгер мугалим, 1988–98-жылдары Атбашы районунун Акмуз айылдык ооруканасынын башкы врачы,1998–2002-жылдары Нарын облустук тери-венерикалык диспансердин башкы врачы, 2002–2004-жылдары НОБОнун тери-венерикалык бөлүмүнүн бөлүм башчысы, 2004–2007-жылдары Нарын облустук ден соолукту чыңдоо борборунун директору, 2007-жылдан бери облустук кургак учукка каршы күрөшүү борборунун директору. ССМинин, областтык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамота жана баалуу сыйлыктарынын ээси. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү. 5 баласы бар.

Кынаптап ишин алпарат
Ар адам менен тил табат.
Акылбек агайдай жетекчи
Көп эле жерде табылбайт.
Талыкпай жазып проект
Акча, дары таба алат.
Айыгып чыккан оорулуу
Ак кардай алкышын кайталайт.

**КУКЕЕВА АЙЖАН ШЕЙШЕЕВНА** – 1956-жылы 17-февралда Ысыккөл облусунун Тоң районунун Караталаа айылында туулган. 1963–1973-жылдары Караталаа орто мектебин бүткөн. 1973–1980-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1980–1981-жылдары НОБОдо интернатурада акушер-гинеколог болуп иштеген. 1981-жылдан бери төрөт бөлүмүндө, нике жана үй-бүлө кеңешканасында, аялдар консультациясында врач, бөлүм башчы болуп иштеп келген. 2000-жылдан бери НОБОнун төрөт бөлүмүнүн бөлүм башчысы болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач.



Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрацялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары менен сыйланган. 2006-жылы облустун эң мыкты акушер-гинекологу наамын алган. Идеал туткан адамы – Социалисттик Эмгектин Баатыры, врач-акушер-гинеколог Үмүткор Ырысмамбетова. Үй-бүлөлүү, 4 баланын апасы.

Наристеге жарык дүйнө тартуулаш
Нары түйшүк, анан дагы ырахат.
Нечен-нечен уйкусуз түндөр өтөт
Эне-бала болсо экен деп саламат.
Кудай колдоп баары болсо оюндай
Врач өзү төрөгөндөй кубанат.
Жентек тойлор болсо экен деп көбүрөөк
Жараткандан Айжан эже суранат.



**ЖУЗУЕВА ГҮЛҮКАН НУРГАЗИЕВНА** – 1959-жылы 16-мартта Акталаа районунун Куртка айылында туулган. 1966–1976-жылдары Нарын шаарынын Ленин атындагы орто мектебин, 1976–1983-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргөн. 1983–1984-жылдары КММИнин неврология кафедрасында интернатурадан өткөн. 1984–2000-жылдары Нарын облустук балдар ооруканасынын бөлүм башчысы, 2000–2002-жылдары НОБОдо врач-невролог, 2002-жылдан бери облуста биринчи менчик оорукана ачып иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач-невропатолог. ССМинин, облустук, шаардык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын апасы.

Ойлогон максаты орундап
Медцентр ачты кынаптап.
Гүлүканга барам деп

Сыркоолор сизге ыкташат
Жанынан чыкпай бейтаптын,
Эки-үч күн үйдү унутат,
Түшүнгөн эже түйшүгүн
Байкебиз абдан азамат.



**АЛИЕВ ЖЫРГАЛ** – 1964-жылы 24-майда Нарын шаарында туулган. 1971–1981-жылдары Нарын шаарындагы Чкалов орто мектебин, 1982–1989-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1989–1990-жылдары Бишкектеги №1 ооруканада интернатурадан өткөн. 1990-жылдан бери НОБОдо врач-анестезиолог-реаниматолог, реанимация бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы врач. «Манас 1000» медалынан ээси. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын алган.

Алдыда бизде үмүт бар,
Ак иштеп жүргөн жаштар бар.
Аруу тилек кылалы,
Оорубастан адамдар.
Арачалап ажалдан
Алып калчу врач бар,
Ал ким деп көпкө ойлонбо
Алиев Жыргал баатыр бар!

**ИСМАИЛОВ БЕЙШЕНБЕК БАЙДЫЛДАЕВИЧ** – 1965-жылы 27-июлда Атбашы районунун Өзгөрүш айылында туулган. 1972–1980-жылдары Өзгөрүш 8 жылдык мектебинен окуп, 1980–1982-жылдары Бишкектеги №5 орто мектебинен 10-классын бүткөн. 1982–1983-жылдары Атбашы районунун 1-Май колхозунда колхозчу болуп иштеген. 1983–1989-жылдары Ташкенттеги Орто Азиялык медициналык педиатриялык институттун педиатрия факультетин бүтүргөн. 1989–1990-жылдары Бишкектеги №3 ооруканада анестезиология жана реанимация боюнча интернатурадан өткөн. 1990–1993-жылдары НОБОдо врач-реаниматолог-анестезиолог, 1993–1995-жылдары



НОБОдо реанимация бөлүмүнүн бөлүм башчысы, 1995–1997-жылдары НОБОдо балдар бөлүмүнүн врач-хирургу болуп иштеп келген. 1997-жылдан бери НОБОнун хирургия бөлүмүндө хирург, бөлүмдүн башчысы болуп иштеп келет. 1999-жылдары Баткен коогалаңынын катышуучусу, облус боюнча штаттан тышкаркы башкы хирургу, Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери, жогорку категориядагы адис. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

Өз ишине өтө тың
Мыкты хирург – ал да чын.
Алдыга өсөм десеңиз
Алган багыттан талбагын.
Бейпилде элим болсун деп
Баткенде кызмат аткардың,
Кичи пейил Бейшенге
Ушул саптарды арнадым.



**КАДЫРКАНОВА МИРА ӨМҮРБЕКОВНА**– 1964-жылы 13-февралда Ысыккөл облусунун Түп районунун Талдысуу айылында туулган. 1971–1981-жылдары Талдысуу орто мектебин, 1981–1987-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргөн. 1987–1989-жылдары КММИнин алдындагы көз оорулар кафедрасында ординатурадан өткөн. 1990-жылдан тартып, Нарын облустук ооруканасынын көз оорулар бөлүмүндө врач болуп иштеген. 1994-жылдан бери көз оорулар бөлүмүнүн бөлүм башчысы болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач-окулист. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү адми-

нистрациялардын Ардак грамота, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Күн, Жер, Ай, Суу, жарыктыктан ажырап
Корбой калуу бардыгынан чоң азап.
Караңгылык дүйносүнон куткарып,
Карыптарга корүү багын тартуулайт.
Алган билим иши менен айкашып
Кадырканова алкыш алып келатат.
Козүңорду омүр бою сакта деп
Кеңештерин, билгендерин аянбайт.



**АБДЫЛАСОВА СААДАТ АСАНБЕКОВНА**– 1962-жылы 13-мартта Нарын шаарында туулган. 1969–1979-жылдары №1 Токтогул орто мектебин, 1979–1986-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткон. 1986–1987-жылдары Бишкектеги №4 ооруканада интернатурадан откон. 1987–2001-жылдары НОБОнун терапия бөлүмүндө, ардагерлер ооруканасында, наркологияда башкы врачтын орунбасары, 8-Март айылдык ооруканасынын башкы врачы, 2001-жылдан бери терапия бөлүмүнүн бөлүм башчысы болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, ФОМС, облустук, шаардык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Ким билбейт сулуу Саадатты
Ыргыткан алыс ыланды.
Сахнага чыгып ырдаса
Кээ бирлер абдан таң калат,
Сагыйпа келип калганбы?
Кыйын келин чынында
Эки онорду бир бакты.

**МАМАТБЕКОВ ЖУМАБЕК** – 1955-жылы 10-октябрда Нарын районунун Эки Нарын айылында туулган. 1961–1971-жылдары орто мектепти, 1971–1978-жылдары КММИнин дарылоо факультетин



бүтүргөн. 1978–1979-жылдары НОБОдо травма бөлүмүндө врач-травматолог болуп интернатурадан өткөн. 1984–1991-жылдары НОБОдо травма бөлүмүнүн башчысы, 1991–1993-жылдары НОБОнун башкармалыгынын башкы хирургу, 1993–1996-жылдары башкарманын орунбасары, 1996–1998-жылдары Нарын райондук ооруканасынын башкы дарыгери, 1998–2001-жылдары Нарын облустук ФОМСтун директору, 2001–2006-жылдары НОБОнун травма бөлүмүнүн бөлүм башчысы, врач травматолог болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 4 баласы бар.

Жаракаты жабышып, сыныгы да айыкты
Жараткан бизге бериптир
Жукедей мыкты адисти.
Артка таштайт кээ кезде
Таза жүргөн жагынан
Кээ бир жүдөө аялды.
Аман соо иштеп жүрүңүз
Айыктырып дагы далайды.



**МУКАШЕВА МАРИПА МУКАШЕВНА** – 1953-жылы 7-ноябрда Нарын районунун Четнура айылында туулган. 1961–1971-жылдары Эмгекчил орто мектебин, 1971–1977-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргөн. 1977–1978-жылдары Бишкектеги энени жана баланы коргоо институтунда интернатурадан өткөн. 1978–1981-жылдары Нарын облустук оорукананын төрөт бөлүмүндө микропедиатр, 1981–1986-жылдары Нарын шаардык балдар консультациясы ооруканасында участкалык дарыгер, 1986–1994-жылдары Нарын шаардык

балдар консультациясы ооруканасынын башкы врачтын орунбасары, 1994–1997-жылдары Бишкекте Саламаттык сактоо министрлигинин алдында «Манас» программасын түзүүдө иштеген. 1997–1998-жылдары Нарын райондук, шаардык ооруканада башкы дарыгер, 1998–2003-жылдары НОБОдо балдар бөлүмүнүн бөлүм башчысы, врач-неонтолог, 2003–2004-жылдары Нарын облусунун башкы дарыгери, 2005–2006-жылдары НОБОнун балдар бөлүмүндө врач-неонтолог, 2006-жылдан бери балдар бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. 2 баланын энеси.

Ымыркай деп жашаган
Бүт өмүрүн байлаган.
Билимге иши айкашып,
Алдына киши салбаган.
Мыктынын бири бул врач
Менмин деп төшүн какпаган.
Эли барктап сыйлашат,
Эч нерсе жок ашкан элдин сыйынан.



**КОШУМБАЕВ КУДАБАЙ САГЫНБЕКОВИЧ**– 1958-жылы 2-октябрда Тяньшань районунун Ташбашат айылында туулган. 1964–74-жылдары Ташбашат орто мектебин бүткөн. 1974–76-жылдары Нарын шаарында тегирменде жумушчу болуп иштеген, 1976–82-жылдары КММИнин дарылоо факультетин, 1982–83-жылдары НООБдо интернатурадан өткөн . 1983–93-жылдары НООБдо врач-анестезиолог, реаниматолог. 1993–2001-жылдары врач невролог, 2001-жылдан бери неврология бөлүмүнүн башчысы, Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, областтык, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын атасы.

Кастарлаган калың эл
Кадырлуу бир топ врач бар.

Жалыйна менен жан баккан
Жөн эле жүргөн дагы бар.
Кадырлууга кошулат
Кошумбаев Кудабай,
Стресс, нервден куткарган
Бул агайда сыйкыр бар.



**ЖУМАБАЕВ ЗАМИРБЕК САРБАЕВИЧ–** 1958-жылы Тяньшань районунун Ленин айылында туулган. 1966–1976-жылдары Ленин орто мектебин, 1977–1983-жылдары КММИнин стоматология факультетин бүтүргөн. 1983–1984-жылдары Республикалык стоматологиялык поликлиникада врач-стоматолог, 1984-жылдан бери Нарын шаарында врач-стоматолог болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Профсоюз уюмунун мүчөсү. Үй- бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Тамаша сөз бар элимде:
«Тиш врач болуу оңой», – деп
Жана дагы бир кеп бар
«Катуудан тиш оору» – деп.
Замир байкем көп иштейт
Оозун ачып күлсө деп,
Мыкты адистей сеземин
Качан барсаң очеред.
Азыраак мактай турайын
Антпесе бөөдө сөз кетет.

**АБДЫЛДАЕВ ЖЫРГАЛБЕК ЖАРКЫНБАЕВИЧ** – 1966-жылы 16-августта Атбашы айылында туулган. 1973–1983-жылдары Атбашы айылындагы №2 Ленин орто мектебин, 1983–1990-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1990–1991-жылдары НОБОдо интернатурадан өткөн. 1991-жылдан бери облустук ооруканада урология



бөлүмүндө врач-уролог болуп иштеп келе жатат. «КР Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери», шаардык советтин депутаты, Баткен коогалаңынын катышуучусу, 1-категориядагы врач. КР Коргоо министринин, Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 1 баланын атасы.

Эркектерде жайылды ушул илдет
Эп келишпейт тилибиз просто-ит.
Эркек бойдон сактасам мужикти деп
Эринбестен дарылайт врач Жыргалбек.
Эрдикти да азыраак кылып келди
Эсирген батек сакалды кубалайм деп.
Шаар Кеңеш депутаты болсо деле
Бой көтөрбөй бир калыпта иштеп келет.



**АБДЫКАСЫМОВ ЖООМАРТ РАКЫМБЕРГЕНОВИЧ** – 1966-жылы 29-февралда Нарын шаарында туулган. 1973–1983-жылдары Чкалов атындагы орто мектебинен окуп, 1983–1989-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1989–1990-жылдары Ахунбаевдин клиникасында интернатураны өтөгөн. 1990-жылдан бери НОБОдо врач-хирург болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы адис. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын алган. 2006-жылдын облус боюнча мыкты хирургу наамын алган. Үй-бүлөлүү, 1 баланын атасы.

Кадырлап турса адамдар
Каргышын айтат көр ажал.
Алкышын айтса адамдар
Ачуу заар айтат ач ажал.

Ажалга бербей адамды
Алып калган Жоомарт бар.
Жыл мыкты хирургу аталган
Ардакталчу даңкы бар.
Арымың дагы арбысын
Ардана берсин ажалдар.
Айкашып иши илимге
Кандидат болуу максат бар.



**ТАЛИПОВА МИРГҮЛ КАПАРОВНА** – 1962-жылы 26-октябрда Нарын шаарында туулган. 1970–1980-жылдары Чкалов орто мектебинде окуп, 1980–86-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүткөн. 1986–1987-жылдары Нарын облустук балдар ооруканасынан интернатураны өтөгөн. 1987–1989-жылдары участкалык педиатр, 1989–91-жылдары бөлүм башчы, 1991–1993-жылдары Кыргыз илим изилдөө институтунан «Акушердик жана педиатрия» адистиги боюнча клиникалык ординатураны аяктаган. 1993–1994-жылдары ушул институтта врач нефролог, 1994–1996-жылдары институттун нефрология бөлүмүнүн бөлүм башчысы, 1996–1997-жылдары Нарын райондук больницасында балдар бөлүмүнүн башчысы, 1997–2001-жылдары облустук балдар ооруканасында бөйрөк бөлүмүнүн башчысы, 2001-жылдан бери НОБОдо балдар бүлүмүнүн бөлүм башчысы. КР Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери, жогорку категориядагы врач. ССМнин областтык, шаардык, жергиликтүү администрацaverage-циялардан Ардак грамоталарын алган. Үй-бүлөлүү, 1 баланын энеси.

Канаат алып наристенин күлкүсүнөн
Келет ишке Мира эже таң эртеден.
Атасынын таалимин алса керек
Таза сакта врачтык атты деген.
Так айта алат диагнозду көп учурда
Борбор шаардан тажрыйба топтоп келген.
Көп ата-эне сыйлашат эжебизди
Иштеп келет чарчоосуз сыймык менен.



**БОРСОКЕЕВ КУБАН** – 1966-жылы 1-майда Нарын районунун Ташбашат айылында туулган. 1973–1983-жылдары Ташбашат орто мектебин, 1983–1986-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик факультетин бүтүргөн. 1986–1988-жылдары Куралдуу күчтөрдүн жоокери болуп Германияда кызмат өтөгөн. 1988–1989-жылдары КММИнин даярдоо курсун окуп, 1989–1995-жылдары КММИнин дарылоо факультетин аяктаган. 1995–1996-жылдары НОБОдо интернатурадан өткөн. 1997–2001-жылдары НОБОдо травма бөлүмүнүн башчысы, 2001–2006-жылдары врач ординатор болуп иштеген. 2006-жылдан бери травма бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. 1- категориядагы врач, Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

Шыңга бой сулуу Кубанды
Азыраак мактай туралы.
Ишинен келет көрүнүп
Мыкты адис болоор турпаты.
Бейтапты карайт күнү-түн
Ойлобой кафе кыздарды.
Ушу калыптан жазбайм дейт
Кандидат болуу максаты!



**АКМАТАЛИЕВ КЕҢЕШБЕК** – 1940-жылы 19-апрелде Акталаа районуна караштуу Карабүргөн айылында туулган. 1947–1957-жылдары Баетов айылындагы орто мектебин, 1957–1963-жылдары КММИнин санитардык факультетин бүтүргөн. 1963–1971-жылдары Нарын шаардык санэпидстанциясында врач-эпидемиолог, 1971–1973-жылдары Нарын облустук санэпидстанциясынын бөлүм башчысынын орунбасары, 1973–1997-жылдары Нарын облустук санэпидстанциясынын башкы врачы болуп иштеген. 1997-жылдан бери

облустук СПИД борборунун башкы врачы болуп иштеп келе жатат. «Элдердин достугу» орденин, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин 3 жолку Ардак грамотасын, «Манас – 1000» юбилейлик медалын алган. СССРдин Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач, облустук, шаардык администрациялардын Ардак грамоталарын алган. Үй-бүлөлүү, 6 баланын атасы.

Акматалиев Кеңеш агай
Арышын керет чарчабай.
Кырк үч жыл талбай иштеген
Грамота, медаль бир далай.
Он жылдан бери келет
СПИДди оолак кубалай.
Жаштар дагы, карылар да
Лекциясын уккула тажабай.
Оорусу жок дубан болсок
Өзүбүз үчүн бул кандай?



**МОЛДОКАДЫРОВ АСЫРАНКУЛ** – 1953-жылы Тяньшань районунун Эмгекталаа айылында туулган. 1960–1970-жылдары Эмгекталаа орто мектебин бүткөн. 1970–1976-жылдары КММИнин стоматология факуьтетин аяктаган. 1976–1987-жылдары Нарын шаарында тиш дарыгери. 1987–1993-жылдары Тяньшань райондук ооруканасынын профсоюз уюмунун төрагасы. 1993-жылдан бери Нарын облустук Саламаттык сактоо кызматкерлеринин профсоюз уюмунун төрагасы. Саламаттык сактоонун отличниги. КР Профсоюз федерациясынын ССМинин облустук администрациясынын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын атасы.

Профсоюз жумушу оор
Коомдогу салмагы зор.
Жыйырма жылдай төрага болгон
Асыран агадай түз адам бол.
Ашык күлбөйт, аста сүйлөйт

Алкап элге дайым Ак жол.
Аман жүрсүн байкебиз деп,
Арнап жаздым ушул собол.



**АБДРАИМОВ АБДРАСУЛ** – 1939-жылы 23-февралда Атбашы айылында туулган. 1948–1958-жылдары Атбашы орто мектебин аяктаган. 1959–1964-жылдары КММИнин стоматология факультетинин биринчи бүтүрүүчүсү болгон. 1964–1967-жылдары Шуллер менен бирге иштешкен. 1967–1984-жылдары тиш оорулар бөлүмүнүн бөлүм башчысы, 1984-жылдан бери Нарын облустук стоматология бейтапканасында врач болуп эмгектенет. «В.И. Лениндин 100 жылдык юбилейлик», СССРдин, «Кызыл Крест» коомунун медалдарын алган, КР Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач, Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамота, баалуу сыйлыктарынын ээси. Нарында биринчилерден болуп стоматология бейтапканасын ачкан. Үй-бүлөлүү, 7 баланын атасы.

Тиш врачтын пионери
Абдрасул Абдраимов акем.
Көп тиш сууруп чарчаган го
Кээде туруп аяп кетем.
Жаштарга орун берсемби деп
Айтып калат жакшы кептен,
Байбичеси иштегин дейт
Кыйын окшойт напси деген.
Тамашалап жазып койдум
Пионер акем терикпесең!

**АЙДАРАЛИЕВ УРМАТ САБЫРОВИЧ** – 1973-жылы Нарын районунун Жергетал айылында туулган. 1980–1990-жылдары А. Таабалдиев атындагы орто мектебин күмүш медаль менен аяктаган. 1990–1995-жылдары КММИнин стоматология факультетин бүтүргөн. 1995-жылдан бери Нарын облустук стоматология поликлиникасында хирург-стоматолог болуп эмгектенип келет. Саламаттык сактоо



министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Нарын шаардык Кеңештин депутаты. 1-категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 2 баланын атасы.

Урматты урматтаган элдери бар,
Уялыңкы сүйүп жүргөн кыздары бар.
Ушул жигит бизге жардам көрсөтөт деп,
Шаар кеңешке депутат кылганы бар.
Эл ишенип үмүтүн артып турса
Уят болбой иштеп койчу кубаты бар.
Ушул сый-урматыңдан тайыбагын
Улууга урмат, кичүүгө ызаатың бар.



**АБДРАЕВ ТЕМИРБЕК** – 1957 - жылы 24-июлда Тяньшань районунун Кызыл-жылдыз айылында туулган. 1964–1974-жылдары Жергетал орто мектебин бүткөн. 1974–1975-жылдары КММИнин даярдоо курсун окуп, 1975–1980-жылдары КММИнин стоматология факультетин бүткөн. 1980–1982-жылдары клиникалык ординатураны Волгоград шаарынын медициналык институттун стоматология кафедрасынан өткөн. 1982-жылдын сентябрынан бери Нарын облустук стоматологиялык поликлиникасында врач болуп иштейт. Саламаттык сактоо министрлиги, областтык, шаардык, жергиликтүү администрациялар тарабынан грамоталары бар. Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери, биринчи категориядагы адис. Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

Көз,тиши көркү адамдын,
Көркүнөн айрылып калбасын.
Тишиңди сактап берем деп,
Темирбек кылат кызматын.
Эмгектин көрүп үзүрүн,
Ардак грамота жаңы алдың.
Азыраак калды агажан,
Ардактуу наамды аларың.



**СЫДЫКОВА БУРУЛ АРПАЧИЕВНА** – 1965-жылы 20-мартта Атбашы районунун Талдысуу айылында туулган. 1973–1983-жылдары Талдысуу орто мектебин, 1983–1989-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1989–1990-жылдары НОБО интернатурадан өткөн. 1990-жылдан бери НОБОдо врач-неонотолог болуп иштеп келет. 1-категориядагы врач. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрация-лардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. 2 баланын энеси.

Чарк айланып алы саал ымыркайга
Күнү-түнү жанынан жылбай карайт.
Адам болуп кетсе экен деп кибиреги
Ажалды кууп айланып басып турат.
Ымыркайдын өмүрүн сактаганга
Неонтолог болгонуна сыймыктанат.
Жарык маанай жайдары биздин Бурул
Эне-балага талыкпай кызмат кылат.
Ашык сый жок эл берген батадан деп
Аста гана кудайына тобо кылат.



**ЖАКЫБАЛИЕВА НУРАЙЫМ ТӨӨБАЕВ-НА**– 1972-жылы Атбашы районунун Акмоюн айылында туулган. 1979–89-жылдары Апыш Койчуманов атындагы орто мектебин аяктаган. 1989–93-жылдары Украинанын Львов шаарынын Медициналык институтунда окуп, 1993–95-жылдары КММИ дарылоо факультетин аяктаган. 1996-жылы Бишкектеги №6 больницадан интернатурадан өткөн. 1998–1999-жылдары тез жардам бөлүмүндө, 1999-жылдан бери кардиология бөлүмүнүн врачы. 1-категориядагы врач. Шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Кардиологияга берди Кудай
Кылдат иштеп врач Нурай.

Жакшы врач келгенине
Агайы кубанат эч байкатпай.
Тың, тарс ишин иштеп келет,
Алкашат оорулуулар далай-далай.
Жакшы врач болоор жөнү
Көз тийбесин түкүр, Нурай!



**ЖУСУПОВ АЙДАРКАН БАЙЫМКУЛОВИЧ** – 1963-жылы 20-мартта Тяньшань районунун Учкун айылында туулган. 1970–80-жылдары Учкун орто мектебин бүткөн. 1980–81-жылдары айылда колхозчу болуп эмгектенген. 1981–83-жылдары Советтик Армияда Москва шаарында кызмат өтөгөн. 1983–88-жылдары КММИнин стоматология факультетин бүтүп, стоматолог-ортопед болуп, 1988–89-жылдары Нарын облустук стоматологиялык поликлиникада бир жылдык интернатурадан өткөн. 1989–93-жылдары Нарын мамлекеттик медициналык училищада тиш техниктер бөлүмүнө окутуучу болуп эмгектенген. 1993–2000-жылдары Нарын облустук стоматологиялык поликлиникада врач-стоматолог-ортопед, 2000–01-жылдары башкы дарыгердин орунбасары, бөлүм башчы, 2002-жылдан бери Нарын облустук стоматологиялык поликлиникада, врач-стоматолог-терапевт болуп эмгектенүү менен бирге НМУнун тиш дарыгер бөлүмүнө сабак берет. Ыр-күүгө шыктуу. Өздүк көркөм чыгармачылыкка катышат. 2007-жылы Кыргызстандын стоматология ассоциациясынын, жергиликтүү, шаардык, облустук администрациялардын Ардак грамоталарын алган. Жогорку категориядагы врач. Комуз чертет, ыр жазат. Үй- бүлөлүү. 3 баласы бар.

Комузда кол ойнотуп ырын жазган,
Конкурста сыздап ырдап байге алган.
Врачтык кесибине эриш-аркак
Студенттерге дайыма дарс окуган.
Сыйынын аста көрүп үзүрлөрүн
Сүрөтү Ардак тактада орун алган.
Жаман сөздү артынан укканым жок,
Айдаркан негизинде ырас адам.



**ТУРСУНАЛИЕВ ЭРМЕК ТУРДАЛИЕВИЧ**– 1963-жылы 10-сентябрда Атбашы районунун Пограничник айылында туулган. 1970–80-жылдары Пограничник орто мектебин, 1980–87-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1987–88-жылдары интернатураны Бишкек шаардык №1 ооруканасынан урология боюнча өткөн. 1988–94-жылдары Нарын областтык ооруканасында врач-уролог, хирург. 1999–2004-жылдары Нарын шаардык үй-бүлөлүк медицина борборунун директору, 2004–2007-жылдары Атбашы аймактык ооруканасынын директору, 2007-жылдан бери Нарын райондук тез жардам станциясынын башкы дарыгери. Облустук жана шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Облустук, шаардык кеңештердин депутаты. Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Сиз деп турат кайрылсаң,
Сын айтыштан айбыгам.
Оорулууга эң аяр
Турсуналиев жакшы адам.
Кудай берген таланты бар,
Бала кезден ырын жазган.
Кыскартайын мен ырымды,
Корком ушул акындан!



**МӨНДҮРБАЕВА ТОКТОР** – 1957-жылы 27-январда Кочкор районунун Кумдөбө айылында туулган. 1964–74-жылдары Кумдөбө орто мектебин, 1974–80-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткөн, 1980–81-жылдары интернатураны Нарын облустук ооруканасынан өткөн. 1981–86-жылдары Нарын областтык ИИМ амбулаториясынын участкалык врачы, 1986–91-жылдары Акталаа ЦРБнун участкалык врачы, 1991-жылдан бери НОБОнун кардиология бөлүмүндө врач-кардиолог. Жогорку

категориядагы врач. Саламаттык сактоонун отличниги. Облустук, жергиликтүү, шаардык администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй- бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Тотукуштай таранып,
Күзгүгө улам каранып,
Таңынан келет жумушка
Саат, минутун так алып.
Сагынып турат пациенти
Саксактап жолун карашып,
Саламат эсен жүрүңүз
Жакшы врач аталып.



**АКМАТАЛИЕВА КАЛИЛА** – 1958-жылы Жумгал районунун Куйручук айылында туулган. 1965–1975-жылдары Куйручук орто мектебин, 1977–1983-жылдары К.С. Скрябин атындагы кыргыз айыл чарба институтунун бухгалтердик-учет факультетин бүтүргөн. 1983–1991-жылдары Бишкектеги долбоорлоо институтунда бухгалтер болуп иштеген. 1991–1993-жылдары НОБОдо бухгалтер, 1993–1999-жылдары башкы бухгалтердин орун басары, 1999–2004-жылдары Нарын облустук ҮДБнун башкы бухгалтери болуп иштеген. 2004-жылдан бери НОБОнун башкы бухгалтери болуп иштеп келе жатат. ССМинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, акчалай сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Ашык кетпейт бир тыйын
Калила эжем ишке тың.
Жыйырма жыл ашык стаж бар,
Жасаган жок бир кылтың.
Жайдары мүнөз бул эжем
Ишинен болбойт эч шылдың.
Оорубай эсен жүрүңүз
Алкыштын алып далайын.



**АРЗЫГУЛОВА ЖЫЛДЫЗ** – 1968-жылы 29-майда Нарын шаарында врачтын үй-бүлөсүндө туулган. 1976–1986-жылдары Нарын шаарынан орто мектепти бүтүргөндөн кийин 1986–1992-жылдары КММИнин педиатрия факультетин аяктаган. 1992–1993-жылдары Бишкек шаарынан ординатураны бүтүргөндөн кийин 1993-жылдан бери НОБОдо патология бөлүмүндө врач, бөлүм башчы болуп үзгүлтүксүз эмгектенип келет. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. 2-категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Улантып жолун атанын
Эл үчүн кызмат кыласың.
Ар дайым тың бол ишиңе
Айчырай Жылдыз карагым.
Токон аке бүт өнөрү
Сага келип турак алсын.
Ишиңдин ийгилиги көп болсо деп
Алты сап ушул ырды багыштадым.



**КАСМАЛИЕВА КАЛБҮБҮ КЕМЕЛОВНА** – 1958-жылы 7-декабрда Нарын шаарында туулган. 1966–1976-жылдары Ленин атындагы орто мектебин, 1976–1982-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1982–1983-жылдары Нарын облустук ооруканада интернатурадан өткөн. 1983–2001-жылдары Нарын райондук аймактык ооруканасында врач-инфекционист, бөлүмдүн башчысы, башкы врачтын дарылоо иштери боюнча орунбасары, 2001-жылдан бери облустук оорукананын инфекция бөлүмүнүн бөлүм башчысы болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы врач, Саламаттык Сактоонун

отличниги. Облустук, шаардык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Облустук саламаттык сактоонун Ардак тактасына сүрөтү 2 жолу илинген. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Кайдан келди кокуйлатып ушул оору
Кашайгыр ай, маземди алчу болду.
Кыймылдабай шал болуп калаарымда
Калбүбү эже өмүрүмө себеп болду.
Канчаларды мен өңдүү айыктырды
Касиеттүү эженин ушул колу.
Картайбастан ден соолукта иштесин деп
Калоо-тилек иниңиз арнап койду.



**ОМОРОВА НУРШАПИСА АРСЫБЕКОВНА** – 1958-жылы 14-февралда Кочкор районунун Кочкор айылында туулган. 1965–1975-жылы СССРдин 50 жылдыгы орто мектебин, 1975–1981-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1981–1982-жылдары НОБОдо интернатурадан өткөн. 1982–2004-жылдары кардиология бөлүмүндө врач болуп иштеп келген. 2004-жылдан бери НОБОнун ардагерлер бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Салабаттуу сылык-сыпаа башынан
Сиздин ушул мүнөзүңүзгө суктанам.
Маданият интеллекти сактаткан
Билем-билем Болот байкем жакшы адам.
Чоң атанын, чоң эненин жүгү оор
Таята да, таэне да бийик наам.
Жаратканым кыргыз элге берсинчи
Сиздерге да берип турсун аз-аздан.



**ЭСЕНГУЛОВ ЗАМИРБЕК МОМУТБЕКОВИЧ** – 1959 - жылы 17-февралда Нарын районунун Казанкуйган айылында туулган. 1966–76-жылдары Оттук орто мектебинде окуган. 1976–1977-жылдары Тяньшань мал чарба тажрыйба станциясында жардамчы чабан болуп эмгектенген. 1977–1979 - жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1979–1981-жылдары Тяньшань мал чарба тажрыйба станциясында жумушчу болуп иштеген. Атайын жолдомо менен КММИнин дарылоо факультетин 1987-жылы аяктаган. 1987–1988 жылдары Нарын облустук ооруканасында интернатурадан өткөн. 1988–91-жылдары НОБОдо өспүрүмдөр дарыгери, 1991–97-жылдары НОБОдо кардиология бөлүмүндө өзгөчө көзөмөл палатасынын врачы, 1997–1999-жылдары Атбашы райондук ооруканасынын терапия бөлүмүнүн башчысы, райондук терапевт болуп иштеген. 1999–2000-жылдары Нарын шаардык өспүрүмдөр дарыгери, 2000-жылдын декабрынан Нарын шаарындагы 2025 аскер бөлүгүндө аскер врачы, ошол эле мезгилде НОБОнун кардиология бөлүмүндө врач болуп иштеп келген. 2008-жылдын 1-мартынан бери Нарын районунун Казанкуйган айылында №4 ҮДТнун дарыгери. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Жогорку категориядагы дарыгер. Үй-бүлөлүү. 2 баланын атасы.

Жүрөктүн сактап тынчтыгын
Жакшы иштерди көп кылдың.
Жашасын деп алкашат
Жан айла тапкан дартманың.
Эл деп жүрбөй күнү-түн
Өзүңө бир аз карагын.
Жүрөк бирөө жашоодо
Жабыркатпай аны сактагын.

**КҮСӨРМАМБЕТОВА ЫРЫСКҮЛ ЭМИЛБЕКОВНА** – 1973-жылы 21-февралда Акталаа районунун Баетов айылында туулган. 1980–1990-жылдары Кайындыбулак орто мектебин бүтүргөн. 1990–1991-жылдары Акталаа району РТС аймактык ФАПта санитарка, Бишкек шаарында



«Илбирс» кийим тигүүчү фабрикасында иштеген. 1991–1998-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. Ошол эле мезгилде И.К. Ахунбаев атындагы клиникада кечкисин санитарка болуп, андан кийин медайым болуп иштеген. 1998–2000-жылдары Республикалык ардагерлердин госпиталында клиникалык ординатурада врач-терапевт болуп иштеген. 2001-жылы августтан бери НОБОдо тез жардам бөлүмүндө врач-терапевт, 2003-жылдан бери 0,5 ставка менен кардиология бөлүмүндө врач, 2004–2005-жылдары ооруга байланыштуу үйүндө болуп, 2006-жылдын апрелинен бери иштеп келет. Райакимчиликтин, жергиликтүү администрациянын, жергиликтүү профсоюз уюмунун грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

График күнүн минутка чейин иреттеп,
Ырыскүл жүрөт ыраатын менен так иштеп.
Бир буту тез жардамда, ар кайсы үйдө
Бир буту бөлүмдөгү пациентим дейт.
Көптөрү сизге көз нугун артат
Капырай, баарына бирдей жетишет деп.
Боорукер эне, үйдүн куту, жароокер жар
Бар бол, Ырыс, элиң үчүн ишиң иштеп.



**МААДАНБЕКОВ АЖЫБЕК САБИТАКУНОВИЧ** – 1963-жылы Атбашы районунун Карасуу айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1980-жылы Карасуу орто мектебин бүтүргөндөн кийин, 1981–1986-жылдары КММИнин стоматология адистигин бүтүргөн. 1986–1987-жылдары Фрунзе шаарында стоматологиялык эмканасында врач-стоматолог, 1989–1996-жылдары Нарын облустук ардагерлер ооруканасында врач-стоматолог, 1996–1998-жылдары Нарын областтык дене тарбия диспансеринде башкы дарыгер, 1998-жылдын февраль айынан 2004-жылга чейин Нарын облустук Ден соолук борборунда башкы дарыгер, 2004-

жылдан бери Нарын облустук стоматологиялык эмканасында башкы дарыгер болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоонун отличниги, дене тарбиянын отличниги. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

Стоматолог болом деп
Өспүрүм кезден тырышты.
Сыпайы жүргөн бул жигит
«Сыйлуу» орунга өзү жетишти
Согушуп кээде сыйлашып
«АОдон» араң кол үзүп,
Эми-эми мамлекетке келишти.



**КЕНЖЕБАЕВА ТОКТОКАН** – 1954-жылы 27-ноябрда Ош облусунун Жаңыжол айылында туулган. 1961–1969-жылдары Жаңыжол орто мектебинин 8-классын, 1969–1972-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1972–1978-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1978–1979-жылдары НОБОдо-интернатурадан өткөн. 1979–1983-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын мугалими болуп иштеген. 1983-жылдан бери Нарын облустунун соттук-медициналык экспертизада врач-биолог, далил заттарды аныктоо бөлүмүнүн врачы болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Москва, Ленинград шаарларынан билимин өркүндөтүп келген. 3 баланын энеси.

Татаал дагы, талабы күч бул иште,
Так иш жасап тагдырларды караган.
Ак жеринен күйбөсүн деп адамдар
Ар бир ишти таза, таптак аткарган.
Жыйырма үч жыл кызмат кылып элине
Бир да жолу жаман сөздү укпаган.
Татынакай биздин ушул эжеге
Көп адамдар алкыштарын арнаган.



**САРЫГУЛОВА БАТМА КОЖОБАЕВНА** – 1953-жылы 5-июнда Тяньшань районунун Доболу айылында туулган. 1960–68-жылдары Доболу орто мектебинен 8-классты аяктап, 1968–1971-жылдары Бишкектеги медициналык орто окуу жайынын жалпы сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1971–1974-жылдары Бишкектеги республикалык больницанын гемотология бөлүмүндө медайым болуп эмгектенген. 1974–1980-жылдары Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун дарылоо факультетин бүтүрүп, 1980–1982-жылдары КММИнин алдындагы клиникалык ординатураны аяктаган. 1982–1990-жылдары Нарын облустук ооруканасынын реанимация бөлүмүнүн бөлүм башчысы, облус боюнча реанимация бөлүмүн биринчи ачып, райондордо реанимация бөлүмдөрүн ачууга көмөк көрсөтүп, реаниматологдорду жеринде даярдоого өзгөчө салымы зор. 2000-жылдан бери врач-невропатолог болуп эмгектенүү менен жеке менчик «Сакай» неврологиялык бөлүмүн жетектейт. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Күн тынымы, түн уйкусу бөлүнүп,
Далай жылдар артта калды сүрүлүп.
Дарыгердин мыктысына жетишти
Батма эжебиз өз тобунан суурулуп.
Устаттарын чын дилинен эскерет
Акыл-насаат, иштерин кеткен үйрөтүп.
Ак эмгектин үзүрүн аздан көрүүдө
Ашык кетпейт менмин деп бой көтөрүп.

**АСАНБЕКОВА АНАРА ДҮЙШӨНАЛИЕВНА** – 1963-жылы 24-сентябрда Фрунзе шаарында туулган. 1970–80-жылдары Нарын шаарынан Киров орто мектебин, 1980–86-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүткөн. 1986–87-жылдары интернатураны Бишкектеги энени жана баланы коргоо институтунда өткөн. 1987-жылдын августунан бери Нарын шаарындагы кургак учукка каршы диспансеринде врач-педиатр, 1990–97-жылдары НОБО ымыркай бөлүмүндө врач-неонтолог, 1996-жылдан баштап Нарын облустук кургак учукка каршы



ооруканасында врач-педиатр, балдар бөлүмүнүн бөлүм башчысы болуп эмгектенип келет. Жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоонун отличниги. Элдин урмат-сыйына татыктуу. Оорукананын профсоюз уюмунун төрайымы. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Мансап, бийлик сыйлыгына кызыкпай
Гиппократтын антын ыйык, бек сактай,
Мамилеси абдан аяр балага
Ниет, пейили халатындай апакай.
Ата-энедей врачтыкты тандаган
Албайт, жебейт пара деп кол сунбаган
Арабызда Анарадай айым бар
Ак эмгегин эли-журтуна арнаган.



**БАЙБӨРҮЕВА ГҮЛМЕДИНА СРАЖИЛОВНА** – 1964-жылы 14-апрелде Бишкек шаарында туулган. 1971–79-жылдары Киров атындагы орто мектебин, 1979–82-жылдары НМУ балдар бөлүмүн бүтүргөн. 1982–88-жылдары КММИнин педиатрия факультетин аяктайт. 1988–89-жылдары Нарын облусунун балдар ооруканасында интернатурадан өткөн, 1989–91-жылдары участкалык дарыгер, 1991–97-жылдары балдар ооруканасынын реанимация бөлүмүндө врач-лаборант болуп иштейт. 1997-жылдан бери НОБОнун лабораториясында врач-лаборант, 2002-жылдан бери АДО бөлүмүнүн жооптуу врач-лаборанты. Билимин жогорулатып келет. Жогорку категориядагы врач. Жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй- бүлөлүү, 3 кыздын энеси.

Анализден ден соолукту билесиң,
Ардак менен ак халатты кийесиң.

Чын ниеттен калкка кызмат аткарып,
Алкышка арзып, мактоо угуп келесиң.
Жооптуу ишти орду менен аркалап
Гиппократ антын бийик туткансың.
Кызматыңды калкың үчүн кыла бер
Мыкты адис деп көптөрүбүз сыйлайбыз.



**ИСАЕВ МУРАТБЕК АСЕКОВИЧ** – 1965-жылы 9-декабрда Тяньшань районуна караштуу Ортонура айылында туулган. 1983-жылы Нарын шаарындагы Н.К.Крупская атындагы орто мектепти аяктаган. Ошол эле жылы Нарын шаарындагы медициналык училищанын фельдшер адистиги боюнча бөлүмүнө кирип, аны 1986-жылы февраль айында бүтүрүп чыккан. 1986-жылы февраль айынан июнь айына чейин Тяньшань райондук ооруканасына караштуу Кара-жылгадагы ФАПта эмгек жолун баштаган. 1986-жылы медициналык окуу жайдын жолдомосу менен КММИна балдар бөлүмүнө кирип, 1993-жылы балдар хирургия адистиги боюнча бүтүрүп чыккан. 1993-жылдан баштап, Нарын облустук ооруканасынын травматология бөлүмүнө облздравдын сунушу менен жумушка алынып ушул күнгө чейин эмгектенип келүүдө. 1-категориядагы адис. Үй-бүлөлүү. 3 уул, 1 кыздын атасы.

Кырсыкты Кудай салбасын
Кырсыктап калсаң сыздайсың.
Кынаптап ишин алпарып
Аткарат оорулуу талабын.
Элиңден алып алкышты
Тажрыйба топтоп такшалдың.
Илимге бир аз үңүлүп
Кандидаттыгың качан жактайсың.
Бул темпиң менен иштесең
Алкыштын көбүн аларсың.



**ДҮЙШӨНАЛИЕВ АЗАМАТ АКЫЛБЕКОВИЧ** – 1979-жылы 19-сентябрда Бишкек шаарында туулган. 1986–96-жылдары Молдобасан атындагы орто мектебин Карабүргөн айылында Акталаа районунда бүтүргөн. 1997–2004-жылдары КММАнын педиатрия факультетин, 2004–2006-жылдары ординатураны улуттук хирургиялык борборунан хирург кесиби боюнча бүткөн. 2007-жылдын январынан бери НОБОдо анестезиолог-реаниматолог-хирург. Үй-бүлөлүү, 1 баласы бар.

Ата-эне жолун улаган,
Аларды уят кылбаган.
Көбүрөөк акча табам деп,
Башка жакка качпаган.
Азаматтай жаш хирург
Алкыштан артта калбаган.
Элиңе эмгек кыла бер
Ушул калыбыңдан жазбастан.
Өнөрүн алгын үйрөнүп,
Атаң менен апаңдан.



**ИДРИСОВ АЙБЕК АМАНБЕКОВИЧ** – 1981-жылы 11-мартта Нарын шаарында туулган. 1987–98-жылдары Нарын шаарындагы Чкалов орто мектебин, 1998–2004-жылдары Кыргыз мамлекеттик медициналык академиянын дарылоо факультетин бүткөн.

2004–2006-жылдары Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана адистикти жогорулатуу институтунан, улуттук госпиталдын республикалык урологдордун илимий борборунан клиникалык ординатураны аяктаган. Адистиги – врач-уролог.

Ушул мезгилде республикалык урологдордун илимий коомунун мүчөсү. 2006-жылдын 1-сентябрынан бери НОБОдо врач-уролог, УЗИст болуп эмгектенип келүүдө. 2006-жылы НОБОнун Ардак грамотасын алган. Азыркы кезде врач-уролог болуп эмгектенүү менен бирге «Аденома безинин өнөкөт простатити менен ооругандарды дарылоо жолдорун өркүндөтүү» деген темада кандидаттык диссертациясын коргоого даярданып жатат. Илимий жетекчиси медицина илимдеринин доктору, профессор Мамбетов Жаныбек Султанбаевич менен биргеликте «Зааранын чукул токтоп калуу мезгилинде заара чыгаруунун жаңы ыкмасы» боюнча №3207 рационализатордук сунушун киргизишкен.



**АЛЫБАЕВА АЙСУЛУУ СҮЙҮНБЕКОВНА** – 1981-жылы 5-сентябрда Бишкек шаарында туулган. 1988–98-жылдары Бишкектеги №28 мектеп-лицейди бүтүрүп, 1999–2005-жылдары Кыргыз-Россия Славян университетинин медициналык факультетин артыкчылык диплому менен аяктаган. 2005-2007-жылдары ушул университеттин урология адистиги боюнча клиникалык ординатураны аяктаган. 2007-жылы июль-октябрь айлары Бишкектеги №12 УДБда врач-уролог, 2007-жылдын 3-декабрынан бери НОБОнун урология бөлүмүнүн врачы. Ата-энеси, эжеси – врачтар.

Эки жүрөк бир тилекке бирикти,
Элге кызмат кылалы деп чечишти.
Эстафета алган сымал сезилет
Эне-атадан врач деген кесипти.
Эгиз сымал ээрчишкиле ылайым
Эчен дабан тоскоолдукту жеңгени.
Эл врачы, алкыштарга татышаар
Эмдери тийип калкка жакса эмгеги.
Эстеликке жаздым ушул саптарды
Элүү жашта бир окушса дегени.



**ЧОТОЕВА ДИНАРА ОРОЗБЕКОВНА** – 1961-жылы 3 - апрелде Ысыккөл облусунун Тоң районунун Төрткүл айылында туулган. 1968–78-жылдары Төрткүл орто мектебин, 1978–1983-жылдары КММИнин стоматология факультетин бүткөн. 1984–1985-жылдары Балыкчы шаардык больницасында интернатурадан өткөн. 1985–1989-жылдары Балыкчы шаардык больницасында врач стамотолог, 1989–1991-жылдары НОБО медстат бөлүмүнүн башчысы, 1991–1994-жылдары НОБОдо врач-стоматолог, 1994–96-жылдары Тяньшань райондук больницасынын амбулатория башчысы, 1996–2001-жылдар Нарын облустук стоматология поликлиникасында врач-стоматолог, 2001-жылдан бери «Береке» АОсунун врач-стоматологу. Жергиликтүү шаардык, облустук админстрациялардын Ардак грамоталарын алган.Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Кылам деп элге кызматты
Тиш жагын эжем байкады.
Медцентр ачып өзүнчө
Кабыл алат кардарды.
Жарашык берип адамга
Жакшы иштерин баштады.
Азыраак мактай туралы,
Айтылаар дагы калганы.



**МАКЕНОВА КАЛИЧА** – 1952-жылы 10-майда Атбашы районунун Башкайыңды айылында туулган. 1959–1967-жылдары Башкайыңды 8 жылдык мектебин, 1967–1970-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын жалпы сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1970–1980-жылдары Акталаа райондук ооруканасында медайым болуп иштеген. 1980-жылдан бери НОБОнун балдар бөлүмүндө улуу медайым болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы адис. Саламаттык сактоо

министрлигинин, Жогорку Кеңештин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Карбалас басып шашылбайт
Калпыс иш такыр жасалбайт.
Каличадай эжени,
Каргалар дагы кадырлайт.
Кымбаттуу биздин эжеге
Торгойлор дагы ыр арнайт.



**КУДАЙБЕРГЕНОВА ДАМИРА БАЙМУРАТОВНА** – 1956-жылы 20-апрелде Нарын шаарында туулган. 1962–1970-жылдары Миңбулак орто мектебинин 8-классын, 1970–1973-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын балдар бөлүмүн бүтүргөн. 1973–1977-жылдары Нарын райондук ооруканасында медайым, 1977–1981-жылы НОБОдо медайым, 1981–2001-жылдары НОБОдо улуу медайым, 2001–2006-жылдардан бери НОБОнун АДО бөлүмүнүн улуу медайымы, 2007-жылдан бери ушул жерде медайым болуп иштеп келет жатат. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы адис. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын алган. Үй-бүлөлүү, 4 баланын апасы.

Дамира биздин эжебиз
Эркелетип келебиз.
Дайым тыкан ишине
Эмнеден кемтик издейбиз.
Кубантат билген адамды
Отуз жылдык ишиңиз.



**ДЫЙКАНБАЕВА ЖЫПАР АСАНАКУНОВНА** – 1964-жылы 28-ноябрда Нарын районунун Миңбулак айылында туулган. 1971–1979-жылдары Миңбулак орто мектебинин 8-классын, 1979–1982-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын балдар бөлүмүн бүткөн. 1982–1987-жылдары НОБОдо балдар бөлүмүнүн улуу эмчиайымы, 1987–1996-жылдары Нарын райондук ооруканасынын балдар бөлүмүндө улуу эмчиайым, 1998–2004-жылдары НОБОнун директордун эмчилердин иши боюнча орунбасары болуп иштеген. 2004-жылдан бери НОБОнун профсоюз уюмунун төрайымы, Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы адис. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 6 баланын энеси.

Жайдары мүнөз Жыпарга
Жакшы ырды жаздым кыйлада.
Жумуштун көбүн бүтүрөт
Тың профком чынында.
Жыйналыш, кече көркү жок,
Жыпар катышпай калганда.
Жыйынтык ишти көп жасайт,
Жардамы тийип жалпыга.



**ЖУМАЛИЕВА ЧЫНАРКҮЛ АСЫРАНБЕКОВНА** – 1971-жылы 21-мартта Нарын районунун Жалгызтерек айылында туулган. 1978–1988-жылдары Жалгызтерек орто мектебин, 1988–1991-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын жалпы сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1991–1993-жылдары НОБОнун травма бөлүмүндө медайым, улуу медайым, 1993-жылдан бери НОБОнун көз оорулар бөлүмүндө улуу медайым болуп иштеп келет. 1-категориядагы адис. Облустук, шаардык,

жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. 2 баланын энеси.

Тың десе Чынар тыңы чын
Так аткарган кызматын.
Тартиптүү жүргөн Чынарга
Тазасын айтсак алкыштын.
Тырсылдап аман жүрсүн деп
Төрт сап ыр сага арнадым.
Ыр арнаган агам деп
Жумушту унут кылбагын.



**АБУБАКИРОВА БАНУ** – 1946-жылы 15-августта Фрунзе шаарында туулган. Фрунзе шаарынан орто мектепти, 1968–1971-жылдары НМУнун жалпы бөлүмүн бүтүргөн. 1971-жылдан бери Нарын облустук бириктирилген ооруканасында кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп үзгүлтүксүз иштеп келе жатат. Саламаттык сактоо министрлигинин, облусттык, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын бир нече жолу алган. КР Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери, 4 баланын энеси.

Кадр бөлүмүн жетектеп,
Отуз беш жыл иштеген.
Өмүр жолун так айтат
Өздөрү кээде билбеген.
Компьютердей так айткан
Өрөөндө деги бар бекен.
Жаңылбай аттарын атаган
Бану эже мээси мээ экен.



**ОСМОНОВА АЙШАБҮБҮ ЖУМАМҮДҮНОВНА** – 1959-жылы 27-июнда Нарын районунун Алыш айылында туулган. 1966–1976-жылдары Алыш орто мектебин, 1976–1979-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1979–1985-жылдары НОБОдо төрөт бөлүмүндө акушерка, 1985-жылдан НОБОнун неврология бөлүмүндө медайым, улуу медайым болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы медайым. КР ардактуу донору. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси.

Секелек кыздай келбет бар,
Серпилип кетме кыял бар.
Из ишин мыкты билгенден
Неврологияда Айша бар.
Сирпилдеп катуу кетет деп
Сыркоодон кээде дат-кат бар.
Саламат болуп, эсен жүр
Сизди да сүйгөн киши бар.



**ЖАПАРКУЛОВА НАСИПА ҮСӨНАЛИЕВНА** – 1957-жылы 7-ноябрда Кочкор районунун Жданов атындагы айылда туулган. 1965–1973-жылдары Жданов орто мектебинин 8-классын бүтүрүп, 1973–1976-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын балдар бөлүмүн бүтүргөн. 1976–1977-жылдары Казарман айылында участкалык медайым, 1978–1982-жылдары Кочкор аймактык кургак учук ооруканасынын аймактык медайымы, 1982–1987-жылдары Нарын облустук оорукананын балдардын сүт ашканасынын диеталык медайымы, 1992–2002-жылдары Нарын аймактык ооруканасынын ашканасынын диеталык медайымы, 2002-жылдан бери

НОБОнун ашканасында диеталык медайым болуп иштеп келет. Шаардык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары менен сыйланган. Жогорку категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Тараза ташын шак алып
Такматак тамак таратып,
Такшалган эже ишинде
Чейрек кылым ашкана башкарып.
Диета менен ичкин дейт
Тузун мала татытып,
Кээ бирлердей жутунбайт
Үйүнө нан, сүт арттырып.



**БОРБУКЕЕВА ТАМАРА НУРМАМБЕТОВНА** – 1956-жылы 1-майда Акталаа районунун Коңорчок айылында туулган. 1962–1972-жылдары Ленин атындагы орто мектебин бүткөн. 1972–1974-жылдары Нарын шаардык нан заводунда жумушчу болуп иштеген. 1974–1976-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын балдар бөлүмүн бүтүргөн. 1976–1978-жылдары Нарын шаарынын балдар бакчасында медайым, 1978-жылдан бери тери-венерикалык диспансерде, НОБОнун жугуштуу оорулар бөлүмүндө медайым болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы адис. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Кыз кезде келип иштеген
Кыйла жыл артта калыптыр.
Кызмат, үй, чалым, – деп жүрүп
Келин кез алыс качыптыр
Кыз-уулдун көрүп сыйларын,
Чоң эне, таэнеге барыптыр.
Терс аяк байкем бар эле
Байбичелеп сыйлап калыптыр.



**ӨМҮРБАЕВА АТЫРКҮЛ СЫДЫКОВНА** – 1967-жылы 22-июнда Атбашы районунун Акмоюн айылында туулган. 1974–1984-жылдары Акмоюн орто мектебин, 1984–1987-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын балдар бөлүмүн бүтүргөн. 1987–1995-жылдары НОБО балдар бөлүмүнүн медайымы, 1995–2002-жылдары Ардагерлер ооруканасынын башкы медайымы, 2002-жылдан бери тез жардам бөлүмүндө башкы медайым болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы адис. Шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Кокустук башка келсе Кудай дейбиз,
Кичине ооруганда «скорый» деп
Кантели пендебиз да башка убакта
Кенедей бул экөөнү эстебейбиз.
Кептердин ачуу жана таттуусун да
Кесип ошол Атыркүл эшитесиз.
Кылдыратып тез жардам арабасын
Ысык-суукка чыдап коюп сиз келесиз.



**КАРАЕВА КАЧКЫНБҮБҮ** – 1958-жылы 23-июнда Акталаа районунун Баетов айылында туулган. 1964–1974-жылдары Баетов орто мектебин бүтүргөн. 1974-жылдан бери Нарын облустук ооруканасында эмгектенип келет. 1-категориядагы адис. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Кериле басып койкойгон,
Кырааты менен ыр созгон.
Кызмат үй деп жүрсө да
Какы эже дале жаш бойдон.
Калк үчүн кылып кызматты

Отуз жыл ашуун иштеген.
Кадырлайт эли эжени
Кымбат сый барбы ошондон.



**СҮЙҮНОВА ЖАЗИРА ЖУСУПОВНА** – 1968-жылы 20-апрелде Нарын районунун Лахол айылында туулган. 1975–1983-жылдары Лахол 8 жылдык мектебин аяктап, 1983–1986-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын жалпы сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1986-жылдан бери Нарын облустук ооруканасында медайым, улуу медайым болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы медайым. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Жазира алп
Бул сөз калп,
Бир ийнеге чейин санайт
Өз ишине өтө эле так.
Обон созуп ырдап берсе
Ысыганча алакандар чабылат.
Тыпылдаган бул кызыбыз
Аман болсо көпкө жарайт.



**ЧЫҢГЫШЕВА ЧОЛПОН ҮКҮЕВНА** – 1964-жылы 21-январда Нарын районунун Кеңеш айылында туулган. 1971–1979-жылдары Кеңеш 8 жылдык мектебин, 1979–1982-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын балдар профили бөлүмүн бүтүргөн. 1982-жылдан бери НОБОдо кардиология бөлүмүндө иштеп келе жатат. 2000–2007-жылдары бөлүмдүн улуу медайымы. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы адис. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарын алууга жетишкен. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

(Обончу Ж. Алыбаевди туурап)
Чейрек кылым бир жерде
Иштеп келген, Чолпонум.
Жогорку категория отличник
Багындырган, Чолпонум.
Туура эмес иштер болгондо
Бетине айткан, Чолпонум.
Кылтың ишти эч качан
Жасабаган, Чолпонум.
Ишиңдин көрүп үзүрүн
Аман жүргүн, Чолпонум.
Чолпонум, – деп көп жаздым
Аныма капа болбогун.



**БОКОШОВА АНИПА ӨМҮРКАДЫРОВНА** – 1965-жылы 30-январда Атбашы районунун Талдысуу айылында туулган. 1972–82-жылдары Талдысуу орто мектебин бүтүп, 1982–86-жылдары Аксай өрөөнүндөгү участкалык больницада санитарка болуп иштеген. 1986–89-жылдары НМУнун фельдшерлик бөлүмүн бүтүргөн. 1989-жылдан бери Нарын облустук кургак учукка каршы күрөшүү борборунда метод.статист, 2001-жылдан бери башкы эмчиайымдык кесипте эмгектенип келет. Областтык, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. 2003-жылдын эң мыкты эмчиайымы болгон. Жогорку категориядагы адис. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Аппак жүздүү ак кийимчен Анипа
Ар ишинде тыкандыгы бар тура.
Ар бир ийне, дарыга чейин так айтат
Жогору жактан улам бири сураса.
Алкыштардын алдын алып жүрө бер,
Алган жары суктангандай жан тура.

**СЕРКЕБАЕВА АЙГҮЛ КАРЫБЕКОВНА** – 1965-жылы 18-октябрда Нарын шаарында туулган. 1971–1981-жылдары №4 Ленин орто мектебин, 1981–1984-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын



жалпы бөлүмүн бүтүргөн. 1984–1986-жылдары №2 республикалык ооруκананын академик Мамакеевдин хирургия бөлүмүндө медайым болуп иштеген. 1986-жылдан бери НОБОдо медайым, улуу медайым болуп үзгүлтүксүз иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы медайым. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Жанды кыйнап бастырбады жел деген
Жок көрбөдүм жакшысын мен кеселден
Жумшак колу ушаласа денеңди
Калган дартты кубалашат светтен
Жайдары мүнөз келишимдүү Айгүлгө
Жакшы сөздүн көбүн айтсаң келишкен.
Жүргүн аман алты сап ыр арнадым
Жүрөк эмес чыкты окшойт сезимден .



**ОСОКЕЕВА ТААЛАЙКҮЛ КЕНЖЕБАЕВНА** – 1971-жылы 13-январда Нарын районуна караштуу Ийрисуу айылында туулган. 1978–1986-жылдары Ийрисуу 8 жылдык мектебин, 1986–1989-жылдары Нарын медициналык окуу жайынан балдар бөлүмүн бүтүргөн. 1989–1999-жылдары НОБОдо медайым, 1999-жылдан бери «Нарынстом» поликлиникасында улуу медайым болуп иштеп келе жатат. 1-категориядагы адис. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялар тарабынан Ардак грамоталар менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 1 баланын энеси.

Тамчы суудай тазалыгын сактаган,
Тапшырылган ишин таптак аткарган.
Түйшүктүү да тынымы жок бул иште
Таалай иштен тажабастан такшалган.
Турмуштагы тоскоолдукту кулатып
Тажрыйбаң арта берсин жыл улам.
Теңиртоолук ак халатчан бул кызга
Төрт сап ырды чын дилимен арнагам.



**ЖОЛДОШБАЕВА БЕЙШЕБҮБҮ НИЯЗОВНА** – 1957-жылы 20-марта Атбашы районунун Башкайыңды айылында туулган. 1974-жылы Нарын шаарындагы Киров орто мектебин, 1974–77-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшер бөлүмүн бүтүп, 1977–79-жылдары Тогузторо райондук больницасынын терапия бөлүмүндө медайым, 1979–97-жылдары Нарын райондук ооруканасында медайым, улуу медайым, 2001-жылдан бери кардиология бөлүмүнүн медайымы. Жогорку категориядагы медайым. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын грамоталары бар. Билимин Бишкек шаарынан 3 жолу жогорулатып келген. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Кыз кезинен медиктикти тандаган,
Кызматына кара ниеттик кылбаган.
Кара чачын ак аралап калса да,
Бейше эжебиз кайратынан жазбаган.
Биздин эже, жакшы эже, – деп көптөрү
Барктап, сыйлап салам айтышкан.
Ушул ырды сизге арнадым атайы
Дайыма эле жүрчү эже, сиз аман.



**ӨМҮРБЕКОВА АЙСУЛУУ РЫСБАЕВНА** – 1961-жылы 2-ноябрда Талас облусунун Карабуура районунун Акчий айылында туулган. 1969–1979-жылдары Акчий орто мектебин бүтүп, 1979–1981-жылдары Талас медициналык окуу жайынын жалпы сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1981–1983-жылдары Фрунзедеги №2 клиникалык ооруканада эмчи айым, 1983–1985-жылдары НООБдо неврологияда, 1985–1990-жылдары ПЭС балдар бакчасында эмчиайым, 2002-жылдан бери НООБдо урология бөлүмүндө улуу эмчиайым болуп иштеп келе жатат.

Жогорку категориядагы эмчиайым. Областтык, жергиликтүү администрациялардан Ардак грамоталар, акчалай сыйлыктар менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Шайыр-шайдоот жүргөнү
Сөгүш алып иштеп көрбөдү.
Таластан келген жеңебиз
Тастыктап ишин жөндөдү.
Туурасын айтсак чынында,
Байкемден бөлөк сүйбөдү.
Сый-урматта жүр дейли
Көп болуп жакшы күндөрү .



**КАРАГУЛОВА УУЛБҮБҮ ЖАПАРОВНА** – 1956-жылы 27-апрелде Атбашы районунун Акмоюн айылында туулган. 1963–1973-жылдары Акмоюн орто мектебин, 1975–1978-жылдары НМУнун фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1978–1982-жылдары Тяньшань ЦРБда медайым, 1982-жылы №4 башкы башкармалыгынын Нарындагы терапия бөлүмүндө эмчиайым. 2002-жылдан бери Ардагерлер бейтапканасында улуу эмчиайым. Областтык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамотасы, акчалай сыйлыктары менен сыйланган. Жогорку категориядагы эмчиайым. Адамдагы чынчылдыкты, ак ниеттикти жогору баалайт. Үй-бүлөлүү, 6 баланын энеси.

Урмат менен өз ишин аркалаган,
Ушак айың сөздөрдөн оолак качкан.
Ак ниет чынчылдыкты аздектеген,
Уулбүбү эжебиз жакшы адам.
Уул, кызы апакелеп сыйлап турса,
Жездебиз эже менен сыймыктанган.
Ушул ырды арнадым өзүңүзгө,
Убай тартпай жүрчү эжеке эсен-аман!



**КЫДЫРАЛИЕВА АЙНУРА ТОЙМАТОВНА** – 1972-жылы 22-декабрда Нарын шаарында туулган. 1980–1990-жылдары Акталаа районунун Кошдөбө орто мектебин, 1991–1993-жылдары Бишкектеги медициналык окуу жайынын жалпы сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1993–2000-жылдары Кошдөбө айылдык ооруканасында медайым болуп иштеген. 2000-жылдан бери НОБОдо медайым болуп иштеп келет. 1-категориядагы адис. Шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. 2 баланын энеси.

Кошдөбөнүн Чымындык гүлү татына
Кызыл гүлдөй сулуу биздин Айнура.
Кылган иши кынтыксыз аткарылган
Коллективи сыйлаган медсестра.
Капасы жок жүзүндө күлүп жүрөт
Куйкум сүйлөй жооп берет тамашага.
Кытыгылап бир шиңгил тыштап койдум
Катуу кетсем карындаш болбо капа.



**ӨМҮРЗАКОВА РОЗА АЛЖАНОВНА**– 1965-жылы 19-февралда Тяньшань районунун Эмгекчил айылында туулган. 1972–1982-жылдары Эмгекчил орто мектебин, 1983–1986-жылдары Нарын медициналык училищасынын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1986–2002-жылдары НООБнун терапия бөлүмүндө улуу медайым, 2002-жылдан бери наристелер бөлүмүндө улуу эмчиайым болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы адис. Жергиликтүү администрациянын Ардак грамота, баалуу сыйлыктары менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 6 баланын энеси.

Өз ишин тыкан иреттеп
Өзгөгө пайдам тийсе деп,
Өзүмчүл жагы эч бир жок,
Өрнөгү элге тиет көп.

Көптөрү жүрөт артынан
Өзүндөн үлгү алсам деп,
Наристе менен жаны бир
Ыйласа ыйлап, бир күлөт.



**ЖУМАЛИЕВА АЗИЯ САЙПИДИНОВНА**– 1963-жылы 3-февралда Жумгал районунун Дыйкан айылында туулган. 1971–1979-жылдары Дыйкан орто мектебинин 8-классын бүткөн. 1979–1982-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик бөлүмүн бүтүргөн. 1982-жылдан бери НОБОнун гинекология бөлүмүндө медайым, улуу медайым болуп иштеп келет. «2005-жылдын облус боюнча эң мыкты эмчиайымы». Жогорку категориядагы адис. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 4 баланын апасы.

Бул бөлүмдө күн жарык
Азия иштеп турганда.
Түнөрө түшөт кабактар
Эжебиз келбей калганда.
Баркыңды билет баарысы
Жаркылда эже, жаркылда.



**БЕКБОЛОТОВА ШАКЕН** – 1951-жылы 31-августта Нарын районунун Казанкуйган айылында туулган. 1958–1968-жылдары Казанкуйган орто мектебин, 1968–1972-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик бөлүмүн бүтүргөн. 1972–1977-жылдары Казанкуйган айылдык ооруканасында акушерка, 1977–1981-жылдары Бишкектеги №3 балдар ооруканасынын медайымы, 1981-жылдан бери НОБОдо медайым, улуу медайым, башкы эмчиайым болуп иштеп келет. Саламаттык

сактоонун отличниги, жогорку категориядагы адис. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Үй- бүлөлүү, 2 баласы бар.

Оорулууга имерчиктеп айланган
Апасындай аяр мамиле арнаган.
Ак дилинен кызмат кылат эжебиз
Ар убакта ачык болсун жүзүңүз.
Аман болуп элиңизге иштеңиз
Арнап койду каалоо-тилек иниңиз!



**ЖУНУШБАЕВА ЧЫНАРА БЕЙШЕНАКУНОВНА** – 1977-жылы 22-ноябрда Атбашы районунун Өзгөрүш айылында туулган. 1984–1994-жылдары Өзгөрүш орто мектебинен окуган. 1994–1996-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1996-жылдан бери Нарын облустук бириктирилген ооруканасынын жаңы төрөлгөн балдар бөлүмүндө үзгүлтүксүз иштеп келет. Шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарын бир нече жолу алган. Жогорку категориядагы медайым.

Чырпыктай болуп буралган
Чын дилден иштеп келаткан,
Чырайы сулуу бул кызды
Чыгарган келбейт жанындан.
Эмчи айымдардын сулуусу
Чыныдай тунук Чынар жан.
Чындап сүйгөн жигиттер
Чүрөк кыз менен таанышсаң.

**ЖУМАЛИЕВА ЭЛМИРА КУРМАНКОЖОЕВНА** – 1967-жылы 14-ноябрда Нарын шаарында туулган. 1975–1983-жылдары Нарын шаарындагы Киров атындагы орто мектебинен 8-классты бүтүп, 1983–1986-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1986–1993-жылдары Нарын облустук ооруканада участкалык



медайым болуп иштеп келген. 1993-жылдан бери НОБОнун кардиология бөлүмүндө медайым, 2007-жылдан бери улуу медайым болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы адис. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Ачуу сөз айтпайт эгерим
Акырын иштеп келесиң.
Сол колдоп комуз ойносо
Аз жерден ыйлап ийбейсиң.
Ак жуумал биздин Элмира
Алкыштын алды нечении,
Азыртан жакшы даярдан
Мыкты медайым наамын жеңесиң.



**МАМЫТОВА АНАРА ОСМОНКУЛОВНА** – 1966-жылы 13-февралда Нарын шаарында туулган. 1972–1982-жылдары Бишкек шаарындагы М.Абдраев атындагы орто мектебин, 1982–1984-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын жалпы сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1984-жылдан бери НОБОнун кардиология бөлүмүндө медайым болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы адис. Бишкек шаарынан 5–6 жолу билимин өркүндөтүп келген. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын алган. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Жыйырма үч жыл бир бөлүмдө иштеген
Анара деген кыйын келин бизде бар.
Ишин билет, категория жогорку,
Сөгүш алган учурлары болбоду.
Аман болсун иши жүрүп илгери,
Бул сулууга ушул ырды жолдойлу.
Жакшы жагын мактап айтып койбосок
Кабак түйүп бизге капа болбойбу?



**ЖОЛДОШБАЕВА БОЛДУ НИЯЗОВНА** – 1966-жылы 15-ноябрда Атбашы районунун Башкайыңды айылында туулган. 1972–1982-жылдары Башкайыңды орто мектебин, 1982–1985-жылы Каракол шаарындагы медициналык окуу жайынын балдар бөлүмүн бүтүргөн. 1985-жылдан бери НОБОдо реанимация, травматология, неврология бөлүмдөрүнүн медайымы болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы медайым. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Өздүк көркөм чыгармачылыкка катышат. Үй- бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Болду кыз обон созгондо
Булбулдар тыңшап угушат.
Билими ишке айкашып,
Болжогон ишин аткарат.
Жыйырма жыл ашуун стажы
Тың медайымын тастыктайт.
Биздин Болду жакшы деп
Бейтаптын көбү алкашат.
Билбейм ушул келинге
Жакшы сөз көбү жарашат.



**КЕНЖЕКЕЕВА АНАРА АЛЧАЛБЕКОВНА**– 1967-жылы 2-майда Нарын шаарында туулган. 1975–1982-жылдары Чкалов орто мектебинин 8-классын бүтүп, 1982–1985-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын жалпы сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1985-жылдан бери облустук оорукананын жүрөк кан тамыр оорулар бөлүмүндө медайым, улуу медайым, өзгөчө көзөмөл бөлүмүнүн медайымы болуп иштеп келе жатат. Облустук «Эң мыкты эмчиайым» конкурсунун жеңүүчүсү. Жогорку категориядагы медайым. Облустук, шаардык,

жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

«Кеп чынынан бузулбайт» – дейт кыргызда,
Кыйын иштеп, кыйын ырдайт Анара.
Жыйырма жылы бир бөлүмдө иштеди.
Капасы жок шайыр жүрөт дайыма
Ата-апасы медик болгон себептүү
Стаж жактан теңелем дейт аларга
Эки жолу «эң мыкты айым» болуптур
Эми дагы жеңемин дейт жазында



**КИЧИАКУНОВА ЖАҢЫЛ РАПЫКОВНА** – 1960-жылы 7-июлда Нарын шаарында туулган. 1967–77-жылдары Нарын шаарынан Ленин орто мектебин, 1977–79-жылдары Нарын шаарындагы аптекада фасовщица болгон. 1979–81-жылдары Бишкектеги медициналык окуу жайынын жалпы бөлүмүн бүтүргөн. 1981-жылдан бери Нарын шаарындагы жүрөк оорулар бөлүмүндө медайым, жогорку категориядагы медайым. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамота, баалуу сыйлыктары бар. Үй- бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Токтоо мүнөз эжекебиз Жаңылдын,
Жок көрбөдүк жумушунда каталыгын.
Көп жылдары иштеп келет тынымсыз
Билебиз оорулууга жакын жагын.
Коллектив сыйлап турса кандай жакшы,
Көргөнү ошол жумушунун натыйжасын.
Оорубай аман иштеп жүрүңүзчү
Сегиз сап ушул ырды сизге арнадым .

**МИДИНОВА НАЗИРА ТӨЛӨМҮШОВНА** – 1974-жылы 7-августта Атбашы районунун Акмоюн айылында туулган. 1981–1991-жылдары Нарын шаарындагы №7 Кыргызстандын 60 жылдыгы атындагы орто мектебин, 1991–1994-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1994-жылдан бери гастренентология



8-383



бөлүмүнө медайым, улуу медайым, облустук оорукананын башкы медайымы болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы адис. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баласы бар.

Назира тың, бул абдан чын
Жалгыз өзү сүйрөп келет
Оорукананын бир топ ишин.
Жаш келсе ишке деген чынбы?
Же кумурска менен жаны бирби?
Жигердүү иштеген ушул кызга
Жакшылык жандап жүрсүн дейли.



**МЫРЗАБЕКОВА БАКТЫГҮЛ САГЫНАЛИЕВНА** – 1971-жылы 13-майда Бишкек шаарында туулган. 1978–1986-жылдары Нарын шаарындагы Кыргызстандын 60 жылдыгы атындагы орто мектебинин 8-классын, 1986–1989-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын балдар бөлүмүн бүтүргөн. 1989–2001-жылдары НОБОнун терапия бөлүмүндө медайым, 2003-жылдан бери психонаркология бөлүмүндө процедуралык медайым болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы медайым. Шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамотасы менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Сылык сүйлөп сыпаа жүргөн медсестра
Суктангандай өнөрлөрү бар тура.
Иштен кийин сайма саят кынаптап,
Бир керемет оюу салып шырдакка.
Кызматында урматташат жамааты
Катуу айтпаган жумшак мүнөз медсестра.
Колуктумду неге мынча мактады деп,
Кагылайын күйөө бала кызандаба.



**ТОПОЛОҢОВА ГҮЛЖАМИЛА БЕЙШЕНАЛИЕВНА** – 1959-жылы 19-февралда Атбашы районунун Кызылтуу айылында туулган. 1966–1976-жылдары Кызылтуу орто мектебин аяктап, 1976–78-жылдары Фрунзе шаарындагы медициналык орто окуу жайын бүтүргөн. Алгачкы эмгек жолун 1978–1981-жылдары Фрунзе шаардык РКБда гастроэнтерология бөлүмүндө медайым болуп иштеген. 1981-жылы 10-ноябрынан баштап Нарын областтык бириктирилген ооруканасынын ардагерлер бөлүмүндө үзүрлүү эмгектенип келе жатат. 1999-жылы 8-декабрда «Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери» деген наам менен сыйланган. Нарын областтык администрация тарабынан грамота менен сыйланган, ошондой эле көптөгөн сыйлыктардын ээси. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Чейрек кылым бир жерде
Чын ниети менен иштеди.
Чыйралып жашап турмушта
Чарчадым жалгыз дебеди.
Чырпыктары бой жетилип,
Чоң эне, таэне болгон кези.
Чың ден соолук сизге тилеп,
Чүргөдүм ырдан мен дестени .



**КАЛНАЗАРОВА БАЗАРКҮЛ КАРАЧАЕВНА** – 1962-жылы 30-июнда Атбашы районунун Ачакайыңды айылында туулган. 1970–1980-жылдары Ойтерскен орто мектебин бүткөн. 1980–1984-жылдары Бишкектеги ВЛКСМ атындагы кийим тигүү фабрикасында иштеген. 1984–1987-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1987–1990-жылдары Нарын облустук бейтапканада медайым, 1990-жылдан бери НОБОнун АДО бөлүмүндө көз оорулар кабинетинин медайымы болуп иштеп келет. Жогорку

категориядагы медайым. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Таарынды түшүп көзүмө
Тар болду ушул дүнүйө.
Тезинен жардам көрсөттү,
Базаркүл болуп өбөлгө.
Мага окшошуп онтогонго
Кызматын кылды көбүнө.
Аман жүрүп, иштей бер
Жакшылык каалайм өзүңө.



**ТУЙТИЕВА АСЕЛ ТОКТОСУНОВНА**– 1974-жылы 21-августта Атбашы районунун Карабулуң айылында туулган. 1981–1991-жылдары мектепти аяктап, 1992–1994-жылдары Нарын медициналык окуу жайын бүтүргөн. 1994-жылдан бери Нарын облустук бириктирилген ооруканасынын жүрөк оору бөлүмүндө эмчиайым, процедуралык эмчиайым болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы медайым. Шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. 2 баланын энеси.

Алынган элге ишинен
Аккуудай басып керилген,
Акырын сайса ийнесин
Айлансам колунан дегизген.
Аселдей сулуу кыздардан
Башка бөлүмдө бар бекен.
Ар кимиси көз артат
Айланып кетсин изиңден!

**ИСРАИЛОВ БЕКТУР** – 1951-жылы 15-августта Тяньшань районунун Эмгекчил айылында туулган. 1958–1968-жылдары Эмгекчил орто мектебин аяктап, 1968–1971-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1971–1973-жылдары Советтик Армиянын жоокери болгон. 1974-жылдан бери Нарын облустук



кургак учукка каршы күрөшүү борборунда рентгенлаборант болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы адис. ССМинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын. баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 5 баласы бар.

Отуз жылдан ашык кармап рентген
Аркалаган кесибин жигит кезден.
Ишке келет иштеп жүрөт байкебиз
Чарчоо деген бир нерсени билбестен.
Колтугунда дайым жүрөт жеңебиз
Чогуу келип, чогуу иштен кетишкен.
Аман болуп иштеп жүрө бергиле
Оолак болуп ушаң-айың кептерден.



**ИСКЕНОВА САЛКЫН МАМЫТОВНА** – 1956-жылы 17-октябрда Жумгал районунун Дыйкан айылында туулган. 1963–1973-жылдары Көларык орто мектебин, 1973–75-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1975–2000-жылдары НОБОнун терапия бөлүмүндө медайым, 2000-жылдан бери кардиология бөлүмүндө интенсивдүү палатада медайым болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы медайым. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 6 баланын энеси.

Сулуу тарткан эжебиз Салкын,
Сылык сүйлөп, оорулууга жакын.
Отуз жылдай иштеп келет
Көрө албадык жамандык жагын.
Эмгегинин көрүп аздан үзүрүн
Сыйлыктын алды бир далайын.
Аман-эсен жүрүңүзчү
Алты сап ушул ырды сизге арнадым.



**АСАНАЛИЕВ ЧОЛПОНБЕК ЖЫРГАЛБАЕВИЧ** – 1981-жылы 3-майда Нарын шаарында туулган. 1988-жылы Нарын шаарынын Токтогул орто мектебине кирип, 1998-жылы аяктаган. 1999–2002-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын «дарылоо иши» адистигин бүтүргөн. 2002-жылдын март айынан тартып, Нарын облустук бириктирилген ооруканасынын оперативдик бөлүмүндө фельдшер болуп иштеп келе жатат. 2004-жылы Нарын облустук жаштар союзу тарабынан, 2005-жылы Нарын облустук бириктирилген ооруканасынын профсоюз уюму тарабынан Ардак грамоталар менен сыйланган. 2006-жылы 9-Май Жеңиш күнүнө карата өткөрүлгөн чуркоодо 1-орунду ээлеп, Нарын облустук бириктирилген ооруканасынын намысын коргоп, профсоюз уюму тарабынан баалуу белектер менен сыйланган. Үй- бүлөлүү, 1 кыздын атасы.

Фельдшер иним Чолпонбек
Беделдүү иштеп сөзгө бек.
Эртели-кеч көп чуркайт
Биринчиликти бербейм, деп
Бирөөгө жаман кеби жок
Бир калыпта иштеп келатат
Бактылуу болуп өмүр сүр
Батамды бердим сага деп .

**УСУПОВА НАРЫНКҮЛ ОРОЗАКУНОВНА** – 1963-жылы 8-октябрда Миңбулак айылында туулган. 1968–1978-жылдары Миңбулак орто мектебин, 1978–1981-жылдары НМУнун балдар бөлүмүндө окуган. 1981–1984-жылдары Нарын облустук санитардык эпидемиологиялык станциясынын санитардык гигиеналык лабораториясында лаборант, 1984–1987-жылдары Бишкек шаарында №1 шаардык клиникалык ооруканасынын кардиология бөлүмүндө эмчиайым, 1987–2000-жылдары Нарын облустук ооруканасынын ЛОР бөлүмүндө эмчиайым. 2000-жылдан бери улуу эмчиайым болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы медайым. Жергиликтүү, шаардык, облустук



администрациялардан алкыш, грамоталар, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Астейдил басып иш кылган
Ачуу сөз такыр айтпаган,
Ар убак барсаң жүзүнөн
Жылмаюу такыр качпаган.
Ак ниетте ишин алпарат
Нарынкүл өзү жакшы адам.
Алкышка арзып жүрө бер,
Сый-урмат алып жумуштан.



**СТАМАКУНОВА ГҮЛЖАН** – 1963-жылы 5-декабрда Нарын шаарында туулган. 1970–1981-жылдары Ленин орто мектебин бүткөн. 1981–1989-жылдары Нарын шаарынын тейлөө үйүндө бөлүм башчы болгон. 1989–1992-жылдары НМУ фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1992-жылдан бери инфекция бөлүмүндө медайым, улуу медайым болуп иштеп келет. Областтык, жергиликтүү, администрациялар тарабынан Ардак грамоталары, кызыктыруучу сыйлыктары бар. Жогорку категориядагы медайым. Бир баланын энеси. Сүрөт тартканды жана салат жасаганды жакшы көрөт. Мүнөзү ачык, түз сүйлөйт, бетке айтат, токтоо, уюштургуч, тамашакөй.

Тамаша сөздөн кыйытып,
Так точно ишин алпарып
Кечелерде Гүлжан сүйлөсө
Торгойдой сайрайт тамшантып.
Кыйналдым мен да чынында
Сулуугa араң ыр жазып.
Аман-соо иштеп жүрүңүз
Алкыш сөздөн көп алып.



**ЖАНБОЕВ ДҮЙШӨНБЕК АЖЫБАЕВИЧ** – 1955-жылы 7-мартта Жумгал районунун Өрнөк айылында туулган. 1962–1972-жылдары Миңкуш орто мектебин, 1972–1974-жылдары Фрунзедеги медициналык окуу жайынын тиш техник бөлүмүн бүтүргөн. 1976-жылдын сентябрынан Нарын жергесинде Нарын облустук стоматология поликлиникасында тиш техник, 2006-жылдын майынан бери Кызылай коомунда тиш техник болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы адис. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялар тарабынан Ардак грамоталар менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Адамга керек келбети
Айрыкча көркү–тиштери.
Амандык тилеп калкына
Тишине тең жыл иштеди.
Элүүдөн байкем өтсө да
Жигит бойдон дешеби.
Азыраак мактап ыр жаздым,
Менменсинип басып кетпейби.



**ЭЛТУЙБАСОВА БАКТЫГҮЛ КЫДЫҢОВНА** – 1971-жылы 16-ноябрда Тяньшань районунун Эмгекчил айылында туулган. 1979–1989-жылдары Эмгекчил орто мектебин бүткөн. 1989-жылдан бери Нарын облустук ооруканасынын ашканасында ашпозчу, кардиология бөлүмүндө кенже медицина кызматкери, чарбакер айым болуп иштеп келет. Облустук оорукананын «Эң мыкты ашпозчу», «Эң мыкты чарбакер айым» наамдарынын жеңүүчүсү, 2 баланын энеси.

Табак - кашык оокаттарын так санап,
Таңдан келип өз ишин ырас алпарат.
Тыкылдаган кызматка тың келинге
Жакшы сөздүн көбүн айтсак жарашат.
Турмушунда жеңип көп-көп тоскоолду
Түва дейли ырас иштеп келатат.
Тазалык, тартип орногон бөлүмдө
Ийгиликтер өзүнөн өзү жаралат.



**ТОКТОСУНОВА ШАРИПА МАКЕЛОВНА** – 1957-жылы 1-сентябрда Нарын шаарында туулган. 1966–74-жылдары Нарын мектеп интернатында окуп, 1974–78-жылдары НМУнун сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1975–85-жылдары Тяньшань райондук больницасында медайым, 1985–92-жылдары НОБОнун балдар бөлүмүндө медайым, 1992-жылдан бери НОБОнун АДО бөлүмүндө лаборантка болуп иштеп келет. Жергиликтүү, шаардык, областтык администрациялардын Ардак грамоталары бар. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы медайым.

Тартип сактап ишке тыкан эжесиз,
Наамдарга өз мээнет менен жеткенсиз.
Турмуш жүгүн тартып анан өзүнчө
Бир тууганга ата, эне, ага, эжесиз
Чыдап иштеп жашап келген Нарында
Таңгаламын күчтүү экен нервиңиз.
Быйыл эжем өзүнчө эле татына
Буюрса бир күн той жечүдөй экенбиз.

**ШОНКОЕВА НАЗГҮЛ КАЗИЕВНА** – 1974-жылы 6-апрелде Нарын районунун Карачий айылында туулган. 1981–1991-жылдары Карачий орто мектебин бүтүргөн. 1991–1993-жылдары 1-Май кийим тигүү фабрикасында тигүүчү болуп иштеген. 1993–1995-жылдары Бишкектеги медициналык окуу жайынын жалпы сестралык бөлүмүн бүткөн. 1996-жылдын февралынан бери НОБОнун кардиология



бөлүмүндө медайым болуп иштеп келет. Билимин жогорулатуу максатында борбордон билим алган. 1-категориядагы адис, массажист. Шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Токтоо мүнөз сестрабыз Назгүл,
Тоо гүлүнө окшогон татына кыз.
Тыкан иштеп тазалыкты сактаган.
Кызматынан эч кынтыкты таппайсыз.
Мүнөзү ачык ишке келет маалында.
Болгону жок сөгүш алган бир учур.
Ишиң жүрсүн, ден соолугуң чың болсун.
Майрамыңда сага арналды ушул ыр.



**ТУРУМБЕКОВА БЕГАЙЫМ СЕЙТАКУНОВНА** – 1974-жылы 27-мартта Нарын шаарында туулган. 1981–1990-жылдары Нарын шаарындагы Н.К.Крупская атындагы орто мектебинин 9-классын, 1990–1993-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын жалпы сестралык бөлүмүн бүткөн. 1993-жылдын 17-августунан айынан тартып НОБОнун кардиология бөлүмүндө медайым болуп үзгүлтүксүз иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы адис. Шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Бейчеки басканы аз, сөздөрү жок
Бегай кыз бир калыпта иштеп жүрөт.
Бир топко жумушунан таппай жүрсөк
«Наристе багып үйүмдө» – болчумун дейт.
Бейтапка мамилеси сылык-сыпаа,
Батыраак айыксын дейт өмүр тилеп.
Биз дагы өзүнө өмүр тилейличи
Башкасын Бегай сулуу өзү билет.



**КАДЫРЖАНОВА ГҮЛМИРА КӨЧКӨНБАЕВНА** – 1965-жылы 29-апрелде Акталаа районунун Кошдөбө айылында төрөлгөн. 1972–82-жылдары Кошдөбө орто мектебин, 1982–85-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик бөлүмүн аяктаган. 1985-жылдын декабрынан бери Нарын областынын кургак учук боюнча диспансеринин терапия бөлүмүндө медайым болуп эмгек жолун баштап, медайым, улуу медайым болуп үзгүлтүксүз иштеп келет. Жогорку категориядагы адис. Жергиликтүү, шаардык, областтык Саламаттык сактоо жетекчиликтеринин Ардак грамота, баалуу сыйлыктарын алган. Жогорку категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Чырпык кезден бул кесипти тандаган,
Чынар болуп канат-бутагы жайылган.
Чейрек кылым иштеп келет тынымсыз
Чеки сөздөр айтылган жок артынан.
Чыргоолонуп эти ысыса нариcте
Көпөлөктөй оорулууга айланган.
Алкыштардын алып дагы далайын
Ажыраба ушул кадыр-баркыңдан.



**РЫСКУЛОВА АЙГҮЛ АБДИЕВНА** – 1971-жылы 9-июнда Нарын шаарында туулган. 1978–86-жылдары Чкалов орто мектебинин 8-классын бүтүргөн. 1986–89-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын балдар бөлүмүндө окуган. 1989–91-жылдары Кемин шаарчасында райондук ооруканасынын инфекция бөлүмүндө медайым, 1991-жылдан бери НОБОдо операциялык медайым болуп үзгүлтүксүз эмгектенип келүүдө. Жогорку категориядагы медайым. 2000ден ашык операцияга катышкан. Үй-бүлөлүү, 1 баланын энеси.

Жаш кезинен бул кесипти жактырган,
Жан дилинен өзү сүйүп тандаган.

Ассистенти хирургдардын дайыма
Ар аспапты эч жаңылбай кармаган.
Апасындай айланчыктайт оорулууга
Айыкса деп ушул алган дартынан.
Алдыңкы айым сылык-сыпаа мүнөзү
Айгүл бизде кызматынан таанылган.



**ЫБЫШОВА ГҮЛНАРА КУРМАНБЕКОВНА** – 1964-жылдын 28-январында Атбашы районунун, Акталаа айылында туулган. 1971–1979-жылдары Калинин орто мектебинен 8-классын аяктап, 1979–1982-жылдары Нарын медициналык окуу жайын бүтүргөн. 1982-жылдан бери Нарын облустук ооруканасынын лаборатория бөлүмүндө реанимациянын лабаронты болуп үзгүлтүксүз иштеген. Жогорку категориядагы адис. Жергиликтүү, шаардык, облустук администрациялардын Ардак грамоталарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Ар кимге керек ден соолук
Ал болбосо соолудук.
Кызматтык жүгү мойнунда
Аткарган иши так болуп.
Билимине иши айкашат
Бейтаптан жылуу сөз угуп.
Эл үчүн кызмат кылыңыз,
Алкыштар сизде көп болуп.

**ТОКТОГОНОВА АКЕН** – 1948-жылы 10-июнда Нарын районунун Эки Нарын айылында туулган. Эки Нарын орто мектебин бүткөн. Нарын шаарындагы медициналык окуу жайына 1964-жылы тапшырып, 1967-жылы жалпы медициналык бөлүмдү аяктаган. Иш тажрыйбада балдар бөлүмүндө медсестра болуп иштеп баштаган. 1972-жылдан баштап эмгек эс алууга чыкканга чейин тиш эмканасында 22 жыл үзгүлтүксүз иштеген. Эмканада иштеп жүргөндө донор болуп кан тапшырып жүргөн. 1999-жылы ***«Кыргыз Республикасынын ардактуу донору»***



деген төш белгиси менен сыйланган. Азыркы учурда ГСВ №3 менчик дарыкана иштетүүдө. Жогорку категориясы бар.6 баланын энеси, 16 неберенин, 1 чөбүрөнүн чоң энеси.

Артта далай мезгил өтүү билебиз,
Ак ниетте иштеп келген эжесиз.
Ажалдан сактап көп убакта элдерди
Аянбастан каныңызды бергенсиз.
Алкыштардын көбүн айтсак жарашат,
Ардактуу апа, чоң энеге жеткенсиз.
Аман-эсен иштеп дайым жүрүңүз
Чөбүрө, жээн, бир тууганга керексиз.



**РАХМАТОВА ГҮЛЗАР ТОКТОНАЛИЕВНА** – 1965-жылдын 11-февралында Тяньшань районуна караштуу Акталаа айылында туулган. 1982-жылы Акталаа орто мектебин бүтүрүп, ошол жылы Нарын медициналык училищасына кирип 1985-жылы март айында акушердик кесипти ийгиликтүү бүтүргөн. Ошол жылдан баштап НОБО лаборатория бөлүмүндө медайым, 2007-жылдын январь айынан баштап, АДО бөлүмүндө улуу эмчиайым болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы адис. Бир нече жолу жергиликтүү, шаардык, облустук администрациялардын Ардак грамоталарын жана сыйлыктар менен сыйланып келген. Үй-бүлөлүү, 2 баласы бар.

Илбериңки өз ишин так алпарат,
Ийиктей бийлеп, обон созо ыр ырдайт.
Идиректүү татына ушул сулууга
Көп пациенти бата берип алкашат.
Жыйырма жылдай анализ менен иштеди,
Кылганы жок кызматына кыянат.
Уюштургуч, шайыр, ачык мүнөзү
Туура эмести тартынбастан бетке айтат.



**ЭМИЛОВА АНАРКҮЛ** – 1961-жылы 7-апрелде Атбашы районунун Акмоюн айылында туулган. 1968–1978-жылдары Нарын шаарынын Токтогул орто мектебин, 1978–1982-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүткөн. 1982-жылдан бери НОБОнун төрөт бөлүмүндө акушерка болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы адис. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Кыз кезинен бул кесипти тандаган
Чейрек кылым бүт өмүрүн арнаган.
Ашык бакыт жок өңдөнүп сезилет
Ымыркайга киндик эне бактынан.
Медик болуп чогуу иштеп келатат
Алмаз ага үй-бүлөгө жакшы адам.
Ачык мүнөз, колу жеңил эжеге
Аман бол деп ушул ырды арнагам.



**КАНАТАЛИЕВА БАКТЫГҮЛ АЛИШЕРОВНА** – 1965-жылы 8-сентябрда Атбашы айылында туулган. 1972–82-жылдары №2 Ленин орто мектебин, 1982–85-жылдары Бишкектеги соода техникумун бүткөн. 1985–2005-жылдары айыл жеринде эмгектенген. 2005-жылдан бери НОБОнун кардиология бөлүмүндө эмгектенет . Жергиликтүү, администрациянын громатасы бар. Үй-бүлөлүү 5 баланын энеси.

Сен менин өмүрүмдө булагымсың,
Көз өтүп кеткенимче суу алаарым.
Сен мага Аба да бол, Күн да болгун,
Кере жутуп чыйрыксам жылытаарым.
Сен менин жашоомдогу чырагымсың,
Ырдасам көмөкөйдө ырларымсың.
Жашоодо ысык суукта бир болсок деп
Бул ырды мен өзүңө багыштадым.



**НУРМАТОВА ЖАМИЛА ШАРШЕКОВНА** – 1955-жылы 18-майда, Тяньшань районунун Ташбашат айылында туулган. 1961–71-жылдары Калинин орто мектебин, НМУнун фельдшердик бөлүмүн 1974-жылы бүтүргөн. 1974–77-жылдары Тяньшань райондук ооруканасынын терапия бөлүмүндө медайым, 1978–85-жылдары ушул эле больницанын балдар бөлүмүндө медайым, улуу медайым. 1985–89-жылдары жугуштуу оорулар бөлүмүндө улуу медайым, 1989–2001-жылдары хирургия бөлүмүндө медайым, 2001-жылдан бери улуу медайым болуп иштеп келет. Саламаттык сактоо министрлигинин, Кызыл Жарымай коомунун областтык, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын алган. 2004-жылдан бери КР ардактуу донору. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы адис. Үй-бүлөлүү. 1 баласы бар.

Ай Жамила, Нур Жамила, Гүл Жамила
Хирургияга бир жаралган жан тура.
Отуз жылдай ак кызмат өтөдүңүз
Ошонуңуз кут болсо дейм калкыңа.
Элиңизге дагындагы кызмат арнап
Оорубаңыз, ыр арнадым сизге гана.



**ЖАПАРОВА АИДА ЭСЕНГУЛОВНА** – 1973-жылы 26-июлда Нарын шаарында туулган. 1980–1990-жылдары Кыргызстандын 60 жылдыгы атындагы орто мектебин, 1990–1993-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын жалпы сестралык бөлүмүн бүткөн. 1993-жылдан облустук кан куюу бекетинде медайым, 1995-жылдан бери улуу медайым болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоо министрлигинин, губернатордун, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Жогорку категориядагы медайым.

Татына биздин Аида
Так иштеп келет дайыма.
Тартиптүү кыздан сүрдөшүп,

Тура албайт жигит жанына.
Теманы айтсам турмуштан
Болот дейт байке жакында.
Бактылуу болсун ылайым
Жашоодо, үйдө, жумушта.



**ЖАНТЕМИРОВА РАХАТ КЕНЖЕБЕКОВНА** – 1973-жылы 26 - февралда Атбашы районунун Карасуу айлында туулган. 1980–88-жылдары Карасуу орто мектебинен 8-классты бүтүп, 1988–92-жылдары НМУнун жалпы сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1992-жылдан бери НОБОнун кардиология бөлүмүндө үзгүлтүксүз эмгектенип келет. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Жогорку категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү. 3 баланын энеси.

Жаркылдап келсе Рахат
Ооруган жүрөк басылат.
Дарыңды сайчы батыраак
Жаным чыгып баратат.
Колуң жумшак кебездей
Көп оорулуу алкашат.
Өтө кыйын экен деп
Кете көрбө манчыркап.



**ЖАПАРКУЛОВА НУРБҮБҮ ҮСӨНАЛИЕВНА** – 1960-жылы Кочкор айылында туулган. 1978–81-жылдары НМУнун жалпы сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 1981-жылдан бери НОБОнун АДО бөлүмүндө медайым болуп үзгүлтүксүз эмгектенип келе жатат. ССМинин, облустук, шаардык жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктардын ээси. Жогорку категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Чейрек кылым кызмат өтөп бир жерде
Чыр-чатаксыз тың иштеди жакшы эле.
Чымын жанын сактайбыз деп бейтаптын
Чырм эптеген түндөр өттү, көп беле?
Чын-чынында түйшүгү көп бул иште
Чыдап иштеп «фанат» калат өзү эле.
Чалы экөө чарчаганда окуур деп
Чымчылаган ырды жаздым терикпе.



**ОСМОНАЛИЕВА АЙЗАТ ЖАНЫБЕКОВНА**– 1980-жылы 20-сентябрда Тянь-шань районунун Куланак айылында туулган. 1986–1997-жылдары Куланак орто мектебин бүтүргөн. 2000–2003-жылдары НМУнун жалпы сестралык бөлүмүн бүтүргөн. 2004-жылдын февралынан бери Нарын шаардык аптекада иштейт. Үй-бүлөлүү, бир баласы бар. Жергиликтүү администрациянын баалуу сыйлыктары, грамоталары бар.

Жүзүндө күлкү уялап
Жылуулук элге тартуулайт.
Жумушта, мейли үйүндө
Жаман сөздү эч айтпайт.
Жайдары жүргөн бул кызды
Жактырып көбү суктанат.
Атына заты жарашкан
Жазгы гүлдөй кыз Айзат.



**ЖУМАЛИЕВ АЗИС САБЫРБЕКОВИЧ** – 1978-жылы 1-сентябрда Нарын районунун Жергетал айлында туулган. 1985–1995- жылдары А.Табалдиев атындагы орто мектебин, 1995–2000-жылдары К.Тыныстанов атындагы Ысыккөл мамлекеттик университетинин физика-математика факультетин бүтүргөн. 2000–2003-жылдары Нарын шаарында мектептерде информатика мугалими, 2003-жылдан бери Нарын облусунун медико-информатикалык борборунда, НОБОнун инженер программисти болуп эмгектенип келет. Жергиликтүү, шаардык администрациянын Ардак грамоталарын алган. Үй-бүлөлүү. 1 баласы бар.

Мыкты адис дешет Азисти
Маалында жасайт ар ишти.
Элдердин көбү сыйлашат
Менменсинбейт бул ини.
Компьютерди жат билет
Басканын көрбөйм бейчеки.
Аман жүрүп иштей бер,
Арнадым ушул шиңгилди.

# АТБАШЫ РАЙОНУ



Ак чоку бийик тоолору,
Атбашы жердин соорусу.
Аксай, Арпа, Арашан,
Атагы бийик болжолу.
Алтындай болгон жеримди,
Айтпай койсом болобу?

Катаган элин башкарган,
Кан Манас өзү бата алган.
Сексен беш жашта күрөшүп,
Жолойду жыгып даңкталган.
Кылымдап айтчу орду бар,
Кан Кошой ата чоң дастан.

Арбагы бийик зор болгон,
Акыл-эс жагы мол болгон.
Атайы келип Манаска,
Акыреттик дос болгон.
Алдыда жүрсө акжолтой,
Артында жүрсө сан колдой.
Азискандын Алманбет,
Анык баатыр эр болгон.

Акыркы сапар алганда,
Алты айлап жүрүп Сарала.
Атбашыга алып келген,
Аксакал Кошой атабыз.
Ак кепиндеп аруу жууп,
Арбагы тирүү жүрсүн деп,
Чечдободон жай берген.

Кийинки баатыр баяны,
Ажыбек шерди айталы.
Калмакты жалгыз кубалап,
Ата Журт элин сактады.
Туулган жери үчүн жан кыйган,
Баатырдын салты турбайбы.

Каректей коздүн сактаган,
Кагылам баатыр эрлерге.
Кылымдап сактап келишкен.
Кан-жанын жерге беришкен.
Кайран жерди Кытайга,
Каратып туруп беришкен.
Арбагы ураар эрлердин,
Кан болуп качып кетишкен.

Манасчы залкар Келдибек,
Айтышат анык токмо деп.
Алты айлап айтса Манасы,
Арбыган дешет улап кеп.
Арбагы менен колдосун,
Атына таазим кылам бек.

Казалын айтса сыздатып,
Калайык элди тамшантып.
Каарына калып замандын,
Кыр шибер жакка айдалып.
Казалы калып озү жок,
Казыбек жүрот даңкталып.

Болушу болуп бир элдин,
Бозою болуп келиндин.

Үкойүн боздоп ырдаган,
Кулакка тартып айдалган.
Үкойү менен Боогачы,
Ырдала берчү чоң дастан.

Таалайга бүткон таланты,
Татына эле турпаты.
Таңшыса сүйлоп бараксыз,
Тамшанып турчу жаш-кары.
Тагдыры кыска жан экен,
Таң жылдыз Жолдубай узады.

Таасын талант Жумакемди жараткан,
Атбашыдай тууган жерге суктанам.
Таазим сизге, таазим сизге зор талант,
Сиздей пенде жүз жылда бир жаралат.
Талант кочү тартаар дагы далайды,
Урпактарың обонуң созуп ырдашат.

Жашынан эңсеп билимди,
Москвадан билим издеди.
Козү ачыктай так айткан,
Сыртта эмес, ичте илдетти.
Атбашы эли урматтайт,
Баатыркандай мыкты хирургду.



**ТЕНТИМИШОВ КЕНЖЕКАРЫ** – 1950-жылы 22-июнда Атбашы районунун Карасуу айылында туулган. 1957–1967-жылдары Нарын шаарынын Токтогул орто мектебин, 1967–1974-жылдары КММИнин санитардык-гигиена факультетин бүтүргөн. 1974–1984-жылдары Нарын облустук санэпидбекетинде врач-эпидемиолог, 1984–1988-жылдары Нарын облустук ички иштер башкармасынын санэпидбекетинин башчысы, 1988–1991-жылдары Нарын райондук ооруканасынын жугуштуу оорулар бөлүмүнүн башчысы, 1989–1992-жылдары Нарын облустук Саламаттык сактоо башкармасында башкы эпидемиолог-инфекционист, 1992-жылдан бери Атбашы райондук санэпид көзөмөлдөө борборунун башкы дарыгери болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери, жогорку категориядагы врач, Саламаттык сактоо министрлигинин, КР Президентинин, облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

Климаттык катаал шарты
Керилген жер кең Атбашы.
Күнү-түнү алпурушат
Кубалашып ылаң дартты.
Көп жыл бою баш-көзмүн дейт
Тентимишов Кенжекары.
Бир ай ашык колтукта жүрдү
Президенттин грамотасы.
Катуу кетсем кечирээрсиз
Азил-чыны, тамашаны.

**АЛИЕВ НУРДИН КАРЫБЕКОВИЧ** – 1972-жылы 18-июлда Атбашы айылында туулган. 1979–1989-жылдары №2 Ленин орто мектебин, 1989–1995-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүрүп, 1995–1996-жылдары НОБОдон интернатурадан өткөн. 1996–2000-жылдары НОБОнун реанимация бөлүмүнүн врачы. 2000–2002-жылдары Нарын райондук борборлоштурулган ооруканасынын башкы врачтын орунбасары, 2002–2003-жылдары Нарын облустук ҮДБнун директорунун биринчи орунбасары, 2003-жылдын август айынан бери



Атбашы ҮДБнун директору болуп иштеп келе жатат. Облустук, райондук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй- бүлөлүү, 2 баланын атасы.

Аста басып аярлаган
Ашык сүйлөп такыбаган,
Атбашынын эли мактайт
Алиев Нурдин өсчү балаң.
Алга ишиң жүрө берсин
Эли-журтуң болуп аман.
Эки сап ыр багыштадым
Ишин көрүп кубангандан.



**КАРИМЖАНОВ РАХМОНЖАН НАСЫРЖАНОВИЧ** – 1967-жылы 25-июлда Атбашы айылында туулган. 1974–1984-жылы Терексуу орто мектебин, 1984–1990-жылдары КММИнин санитардык-гигиена факультетин бүткөн. 1990–1991-жылдары Нарын облустук СЭС-интернатурадан өткөн. 1991–1992-жылдары Алматы шаарында Орто Азиялык чумага каршы институтун бүтүп, врач-бактериолог-чумолог кесибине ээ болгон. 1992–2004-жылдары Атбашы айылдык чумага каршы күрөшүү бөлүмүндө врач-бактериолог, 2004–2005-жылдары Манас аэропортунун врач-эпидемиологу, 2005-жылдын декабрынан бери Атбашыда чумага каршы күрөшүү бөлүмүнүн начальниги болуп кызмат өтөп келе жатат. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач, ССМинин 2 жолку, облустук администрациянын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Коркунучтуу чума илдеттен сактаган,
Каримжанов Рахман деген бир балаң.
Билим жагын өркүндөтөм дегенсиң
Окуп келди кең Алматы шаарынан.
Ойдогудай иши жылып алдыга
Грамотасын Минздрав арнаган.
Коллективде ишиң жүрүп алгалап,
Бул илдетти элден алыс кубалаң.



**МАМБЕТАКУНОВА ДИНАРА БЕКСУЛТАНОВНА** – 1965-жылы 4-июнда Атбашы районунун Башкайыңды айылында туулган. 1972–1982-жылдары Баш Кайыңды орто мектебин, 1982–1989-жылдары КММИнин педиатрия факультетин аяктаган. 1989–1990-жылдары интернатураны балдар клиникалык ооруканасында откон. 1990–1998-жылдары Атбашы аймактык ооруканасында врач-педиатр, 1998–2005-жылдары Атбашы айылында №1 ҮДБнун клиникалык жетекчиси, дарылоо иштери боюнча директордун орунбасары болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоо министрлигинин, АГСВнын, областтык, райондук, администрациялардын грамоталары бар. Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлолүү, 4 баланын энеси.

Таза иштеп оз ишинен таанылган
Турмуш жолун кыз кезинен баштаган.
Талап коёт, озү дагы аткарат
Тартынышат тактыгынан бир топ жан.
Өзгочорок сизди мактап жиберсем
Татына эже бой которүп мактанбаң.
Сүйүктүү жар балдарынын энеси
Топ келишет создор жакшы жагынан.



**КАБЕНОВА ЖАМИЛА МОЛДАКМАТОВНА** – 1950-жылы 30-июлда Бишкек шаарында туулган. 1958–1968-жылдары Покровка орто мектебинен билим алган. 1968–1971-жылдары Токмок медициналык окуу жайынын фельдшердик болүмүн кызыл диплом менен бүтүргон, 1971–1977-жылдары КММИнин дарылоо факультетин аяктаган. 1977–1978-жылдары Борбордогу Мамакеевдин клиникасында интернатурадан откон. 1979–1986-жылдары Атбашы аймактык ооруканасынын врач-акушер-гинекологу болуп иштеген. 1986-жылдан бери ушул ооруканананын ЛОР врачы болуп иштеп келет.

Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Туулуп-өсүп окуса да Чүй жакта
Турмуш, сүйүү уланды Атбашыда.
Төрт тарабы шайкеш келген сулууну
Тандап жүрүп Мукан байке тапты да.
Талыкпастан чейрек кылым иштеген,
Гүлдүн түрү үйүндө өсөт бир канча.
Мээрбан эне, уз ишмерлик жайы бар
Эл деп турат врач эжем Жамийла.



**ИСМАИЛОВА КАНЫШ ИБРАЕВНА** – 1950-жылы 20-мартта Атбашы районунун Казыбек айылында туулган. 1957–1967-жылдары Казыбек орто мектебин, 1967–1973-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1973–1974-жылдары Бишкектеги №3 төрөт үйүндө интернатурадан өткөн. 1978–1986-жылдары Атбашы аймактык ооруканада врач-акушер-гинеколог болуп иштеген. 1986-жылдан бери Атбашы ТБнын төрөт бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. Айылдык, облустук Кеңештин депутаты. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Киндигин кескен балдары
Күйөөгө тийип, алган жар.
Киндик апасын унутпай
Өкүл апа кылган бар.
Отуз үч жыл иштеген
Эл сыйлаган баркы бар.
Төргө өтүңүз апа деп,
Кайсы үйгө кирсе чай даяр.



**АЛЫБАЕВА ГҮЛМИРА БАРЫКТАБАСОВНА** – 1969-жылы 14-апрелде Нарын шаарында туулган. 1977–1987-жылдары Нарын шаарындагы К.Жакыпов орто мектебин бүткөн. 1987–1988-жылдары Нарын стоматологиялык поликлиникасында кенже медкызматкер болуп иштеген. 1988–1994-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүрүп, 1994–1995-жылдары Бишкек шаарындагы №3 ооруканада интернатураны өтөгөн. 1995–1999-жылдары Нарын шаардык поликлиникада участкалык дарыгер, 1999–2002-жылдары НОБОнун наристелер бөлүмүнүн дарыгери, 2002–2006-жылдары ушул бөлүмдүн бөлүм башчысы, 2007-жылдан бери Атбашы аймактык ооруканасынын дарыгери болуп иштеп келет. 1-категориядагы врач. Облустук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары менен баалуу сыйлыктардын ээси. Шахмат боюнча 1-разряддагы оюнчу. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Сулуу кыздын баарысын
Жыйып алган Гүлмира.
Бөбөк аман болсун деп,
Ой максаты балада.
Бүркөлө түшөт кабагы
Чыргоолонуп ыйласа.
Жентек тойго чакыраар
Ырын окуп калганда.



**АЛАХУНОВА РОЗАХАН АБЫЛКАСЫМОВНА** – 1965-жылы 23-февралда Атбашы айылында туулган. 1972–1980-жылдары Ленин атындагы №2 орто мектебин, 1980–1983-жылдары НМУнун жалпы сестралык бөлүмүн кызыл диплом менен бүткөн. 1983–2001-жылдары Атбашы райондук оорукананын хирургия бөлүмүндө операциялык медайым болуп иштеген. 2002-жылдан бери тез жардам бөлүмүнүн улуу медайымы, жеке менчик «Халал» аптекасынын башчысы. Жогорку категориядагы адис,

Саламаттык сактоонун, облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамота жана баалуу сыйлыктары бар. Үй- бүлөлүү, үч баланын энеси.

Тыкан иштеп оз жумушун аткарган,
Коптор сыйлап кай бир эркек суктанган.
Калкым үчүн кызмат кылам дегендей
Аптека ачып дагы бир ишти аткарган.
Атбашыда жашап, иштейт бир сулуу
Тоо гүлүндой татына Розахан.
Ден соолукта эл алкышына татып жүр,
Атайы сизге ушул саптар арналган .



**АХМЕДЖАНОВА МАРСИЯ АБДЫЛДАЕВНА** – 1954-жылы 23-апрелинде Атбашы айылында туулган. 1963–1971-жылдары Атбашы орто мектебинин 8-классын, 1971–1973-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын жалпы болүмүн бүтүргон. 1973–1982-жылдары Атбашы аймактык ооруканасынын балдарга кеңеш берүү болүмүнүн медайымы. 1982–1986 -жылдары хирургия болүмүнүн медайымы, 1987–1993-жылдары реанимация болүмүнүн медайымы болуп иштеген. 1993-жылдан бери Атбашы ТБнын башкы медайымы болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы медайым. Саламаттык Сактоо министрлигинин, облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын, баалуу сыйлыктарын алган. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Секелек кыздан иштеген
Байбиче болуп озгордү,
Ысык-суук, ачуу-таттууну
Марсия эже коп кордү.
Атбашы менин жерим деп
Байкеге коңүл түздөдү,
Мээнети болуп ишинин
Кубанган күнү коп болду.



**ТОКТОБЕКОВА ЖИЙДЕГҮЛ** – 1957-жылы 18-сентябрда Атбашы районунун Акжар айылында туулган. 1964–1974-жылдары Акжар орто мектебин, 1974–1981-жылдары КММИнин санитардык-гигиеналык факультетин бүтүп, 1981–1984-жылдары республикалык санитардык-эпидемиялык станцияда врач-бактериолог болуп иштеп келген. 1984-жылдан бери Атбашы райондук санэпид козомолдоо борборунун санитардык врачы, болүмдүн башчысы болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. «ГИГИЕЯ» НПОсунун башчысы. Ыр жазат. Облустук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлолүү, 2 баланын энеси.

Ачык мүноз жайдары биздин эже
Айныксыз иштеп келет бир эле жерде.
Атбашы эли урматтап, сыйлай билет
Ашык соз, ушагы жок эч бирине.
Алгалап ишим жүрсо болду эле деп
Акырын жалынат дейт Теңирине.
НПО ачып элге жардам кыла билет
Мактанып мен кылдым дебейт такыр эле.



**ОСМОНОВ НУРЛАН ТЕНТИЕВИЧ** – 1970-жылы 6-августта Нарын шаарында туулган. 1976–1986-жылы Нарын шаарындагы СССРдин 60 жылдыгы атындагы орто мектебин, 1986–1989-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын жалпы сестралык болүмүн бүтүргон. 1989–1990-жылдары Нарын райондук ооруканада анестезист болуп иштеген. 1990–1992-жылдары Куралдуу күчтордүн катарында кызмат отогон. 1992–1998-жылдары НОБОдо статист, 1998–2002-жылдары Атбашы райондук ооруканада медкызматкер, 2003-жылдан бери Атбашы ҮДБнун директорунун

медициналык иштер боюнча орунбасары болуп иштеп келет. 1-категориядагы адис. Облустук, райондук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын атасы.

Жаш келсе ишке деген жакшы кеп бар,
Жигердене иштеген коптору бар.
Жашынан медиктикти тандап алган
Жайдары ишти билген Нурлан да бар.
Жүр - нары, эптеп-септеп иш жасабайт,
Жумушту убагында бүткорот шар.
Жумшак мүноз иш билги инибизге
Жашоосуна каалайлы узак сапар.



**НОГОЙБАЕВА АЙНАГҮЛ АСАНКУЛОВНА** – 1950-жылы 20-сентябрда Ысыккол областындагы Түп районунун Талдысуу айылында туулган. 1957–1967-жылдары Талдысуу орто мектебин, 1967–1974-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1974–1975-жылдары НОБОдон интернатурадан откон. 1975–1980-жылдары НОБОнун торот болумүндө врач акушер-гинеколог, 1980–1992-жылдары Тяньшань ЦРБда торот жана гинекология болүмдорүнүн болүм башчысы, ошол эле мезгилде ЦРБнын профсоюз уюмунун торайымы. 1992-жылдан бери Атбашы аймактык ооруканасында тери-венерикалык оорулар боюнча дарыгер болуп үзгүлтүксүз эмгектенип келет. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, райондук, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын Ардак грамоталарын алган. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү. 5 баланын, 7 неберенин энеси.

Отуз торт жыл элге кызмат арнаган
Оор басырык, бир калыпта мүнозү.
Өз баладай оорулууга айланган
Өмүр берди нечендеген ымыркайга
Өрнөгүн кесиптештер ардактаган.
Өмүрлош агабыз менен бирге жашап
Ырахат алгыла неберенин сыйларынан.

# АКТАЛАА РАЙОНУ



Ак топурак боз чаптарды мекендеп,
Акталаалык туугандарым созго бек.
Абалтадан жакшы жышаан жылоолойт,
Атактуулар бул жактан коп чыгат деп.

Кынаптап коргон салдырган,
Калмактар менен кармашкан.
Катынынан корүп кордукту,
Кан Шырдак олгон армандан.

Ага-ини баатыр аталып,
Атпай журттан бата алып
Атантай, Тайлак эки шер,
Ар мезгил жүрот даңкталып.

Тарыхта калды жазылып,
Соңколдүн сулуусу аталып.
Бийликтин болуп курманы,
Ак Моор кыз жүрот ырдалып.

Балакат кезден кат билген,
Байымбет аты озгоргон.
Тоголок Молдо чоң акын,
Кыргызда жоктур билбеген.

Булбулдай үнүн таңшыткан,
Биз эмес Москва тааныган.
Барган жер бүтүн ыр-күлкү,
Мусакем откон жалгандан.

Кыягын турса сыздатып,
Кыз-келин калчу тамшанып.
Кыякчынын алпы эле,
Молдобасан кетти бой салып.

Атанын жолун жолдоду,
Ар түрдүү чыгып обону.
Алатоо кыргыз эл таппайт,
Калыйдай композиторду.

Ахунбаев болгон устаты,
Мыкты адис деп чыгып атагы.
Ажалга арга жок экен,
Доктор Коккозов эрте узады.

Бобоктор сүйгон жомокту,
Чоңдор да кыйгап отпочу.
Андерсен сыйлыгын тагынган,
Шүкүрбек кыйын жомокчу.

Билимди алып абыдан,
Илимдин түшкон артынан.
Кыргызга тобосу корүнгон,
Бир тууган Акималиевдер таанылган.

Кыргызым сүйот комузду,
Керемет күүсү, обону.
Коп олко онорүн аздектейт,
Нурак–залкар комузчу.

Кыз кезден ырдап таанылган,
Кош жылдыз болуп аталган.
Каныкей, Атайбек ырларын,
Коптору сүйүп ырдашкан.

Азыркы күндо Акталаа,
Алдыга кеткен бай талаа.
Ар-намыс менен жашашат,
Ыр-күлкү чыккан шаң талаа.



**ТУРДУБЕКОВА БУКЕН ТУРДУБЕКОВНА** – 1951-жылы 12-майда Акталаа районунун 1-Май айылында туулган. 1968-жылы Тилектеш айылынын 1-Май орто мектебин, 1968–71-жылдары НМУну, 1971–78-жылдары КММИни бүтүргөн. Алгачкы эмгек жолун Акталаа райондук борбордук ооруканасында балдар бөлүмүндө балдар дарыгери болуп баштаган. 1981-жылы ошол бөлүмдүн башчысы, 1985-жылы Ленинград шаарындагы ГИДОВдо беш ай көз боюнча дарыгерлик курстан окуп келип, Акталаа районунда көз боюнча дарыгери, 1988-жылдан баштап башкы дарыгердин ВТЭ боюнча орунбасары, 1990-жылы ВТЭ боюнча үч айлык курстан Ташкент шаарында окуп келип, 1993-жылдан Акталаа районунун бейтапкана башчысы, 2001-жылдан бери Акталаа райондук үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун директору. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, ССМинин, Азия өнүктүрүү банкынын, Үй-бүлөлүк врачтардын Ассоциациясынын, КР жергиликтүү өзүн өзү башкаруу жана региондорду өнүктүрүү иштери боюнча министрдин «Соңколдү Манас жердеген» эл аралык фестивалдын дипломү, облустун, райакимдин Ардак грамоталарынын ээси. Облустук кеңештин 2 жолку депутаты. Жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери. Үй- бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Кызмат, үй деп жашаган
Калкына өзүн арнаган.
Кер мурут жигит кыла албас
Кызматтарды аткарган.
Тайтору сымал чаалыкпас
Турдубекова тың адам.
Тандап жүрүп кыздардан
Так точно байке таап алган.

**КУДАЙБЕРГЕНОВ ТЫНЧТЫКБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВИЧ** – 1967-жылы 4-августта Нарын облусунун Тяньшань районунун Доболу айылында туулган. 1974-жылы Нарын шаарындагы №4 В.И.Ленин атындагы орто мектепке кирип, аны 1984-жылы бүтүргөн. 1984–1985-жылдары Нарын шаардык «Госстрах» бөлүмүндө «страховой агент»



кызматында, 1985–1986-жылдары Советтик Армиянын катарында, ал эми 1986-1987-жылдарда Нарын райондук эл сотуна канцелярия башчысы, сот секретары кызматында иштеген. 1987-жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун педиатрия факультетине кирип, аны 1994-жылы бүтүргөн. 1994–1995-жылдары Нарын облустук балдар ооруканасына «врач-интерн», 1995-жылдын ноябрь айынан 2003-жылдын август айына чейин Нарын облустук бириктирилген ооруканасынын анестезиология жана реанимация бөлүмүндө дарыгер анестезиолог, андан кийин реанимация бөлүмүнүн бөлүм башчысы кызматтарында иштеген. 2003-жылдын август айынан 2004-жылдын декабрь айына чейин Нарын облустук Үй- бүлөлүк медицина борборунун директорунун уюштуруу иштери боюнча орунбасары, 2004-жылдын декабрь айынан баштап, Нарын облустук медициналык-информациялык борборунда директорлук кызматта. 2006-жылдын сентябрь айынан бери Акталаа аймактык ооруканасында директорлук кызматында иштеп келет. I категориядагы адис. Үй-бүлөлүү. 2 кыздын атасы.

Талабын ишке коюп бек,
Алып-жутпай так иштеп.
Жетекчи болуп келатат
Бир инибиз Тынчтыкбек.
Калыстык менен чечет дейт
Сөгүнбөй айтып сылык кеп.
Алты сап ырым арнадым
Алгалап өсүп жүрсүн деп.

**МУСАМАМБЕТОВА ЖАҢЫЛ МАМЕШОВНА** – 1958-жылы 1-январда Акталаа районунун, Акталаа айылында туулган. 1965–75-жылдары Коңорчок орто мектебин, 1975–82-жылдары Ташкенттеги САМПИнин педиатр факультетин бүткөн. 1982–83-жылдары интернатурада КНИИАПта, 1983–84-жылдары Акталаа ЦРБда врач-педиатр. 1984–87-жылдары ушул эле ооруканада бөлүм башчы. Декреттик эс алуудан кийин 1992–2002- жылдары участкалык педиатр, 2003-жылдан бери №1 УДТнун жетекчиси. Ден соолук чыңдоо



кабинетинин врачы. Саламаттык сактоонун отличниги, I категориядагы врач. Облустук, райондук, жергиликтүү администрацproperties циялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 4 баласы бар.

Жан дили менен бериле,
Жаш кезден иштеп элине.
Жакшы сөз алып келатат,
Жаңыл деген бир эже.
Жаштарга насаат көп айтып,
Жадабайт дешет деги эле.
Жакшы врачы барына,
Кубанышат эл деле.



**ИСАМАМБЕТОВА КУРМАНБҮБҮ** – 1955-жылы 5-майда Баетов айылында туулган. 1962–72-жылдары Ломоносов атындагы орто мектебин, 1972–78-жылдары КММИнин педиатр адистигин артыкчылык диплом менен бүтүргөн. 1978–79-жылдары Нарын облустук больницасында интернатурадан өткөн. 1979–2002-жылдары Акталаа райондук борбордук ооруканасында аймактык педиатр, район боюнча балдардын башкы адиси. 2002-жылы атайын курсун окуп, үй-бүлөлүк дарыгер, ошол эле мезгилде район боюнча балдардын башкы адиси кызматын ээлеп келет. 1991-жылы Ленинград шаарынан окуп келип, 1991–2002-жылдары район боюнча СПИД оорусун алдын алуу боюнча лабораторияны жетектеп келген. КР Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери. 2002-жылдан бери ардактуу донор, жогорку категориядагы врач-педиатр. КР Президентинин, облустун, райондун, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Кылдат карап оорулууну байкаган,
Токтоо мүнөз жаман ишке баспаган.
Курманбүбү деген атты унутуп,
Кадырлашып Бокин дешип сыйлашкан.
Кең Баетов шаарчада иштеген,
Жакшы врач эли абдан барктаган.
Эл батасын алып иштеп жүрүңүз,
Эмне артык элдин берген сыйынан.



**КУЧКАЧОВ МАМАШ АСКАРБЕКОВИЧ** – 1951-жылы 27-октябрда Акталаа районунун Карабүргон айылында туулган. 1959–69-жылдары Карабүргон орто мектебин бүткон. 1969–71-жылдары СССР Куралдуу Күчторүнүн катарында кызмат отогон. 1971–79-жылдар КММИнин дарылоо факультетин бүтүп, 1979–84-жылдары Ош облустук ооруканасында врач-психиатр, 1984–90-жылдары КР ИИМде врач, 1990–94-жылдары Акталаа райондук ооруканасында директордун орунбасары, 1994–95-жылдары Сокулук райондук ооруканасынын башкы врачы, 1995–98-жылдары Акталаа райондук ВТЭКтин торагасы, 1998–2002-жылдары Акталаа райондук ооруканасынын врач-психиатры, 2002-жылдан бери Акталаа ҮДБнун директорунун орун басары. Райондук профсоюз уюмдарынын координациялык кеңешинин торагасы. «Башаты Алтын булак» коомдук кайрымдуулук бирикмесинин торагасы. Облустук «Намыс» программасынын жеңүүчүсү. Кыргыз профсоюз федерациясынын Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарын алган. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлолүү, 5 баланын атасы.

Отуз жылга чукул иштеп  
Орчундуу иштерин так аткарган,  
Райпрофсоюз ишинде да  
Коомдук бирикмеде иш алып барган.  
Диагнозду так коёт дейт  
Кучкачов Мамыш деген агам.  
Жакшы иштери коп-коп болуп  
Кызматын кылып жүрсүн аман.

**АЛАШЕВА ЖЫРГАЛБҮБҮ МЕЙМАНБАЕВНА** – 1950-жылы 28-октябрда Акталаа районунун Дорболжүн айылында туулган. 1957–1967-жылдары Ломоносов атындагы орто мектебин, 1967–1974-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргон. 1974–75-жылдары Каракол облустук больницасынан интернатураны бүткон. 1975–91-жылдары Акталаа райондук ооруканасынын участкалык врачы, балдар дарыгери, 1991–2002-жылдары балдар болүмүнүн врачы, болүм башчысы. 2002-жылдан бери соматика болүмүндо балдар



дарыгери. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. ССМинин, облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Тың десе эже ал да чын
Тыкандап кылат кызматын,
Талыкпай иштеп көп жылы
Тайтору сымал чуркадың.
Эмгектин көрүп үзүрүн
Бир топ сыйга татыдың
Элиңден алып алкышты
Мыкты дарыгер аталдың.



**ЧОЛПОНБАЕВА ГҮЛЗУУРА НАЗАРКУЛОВНА** – 1962-жылы 10-сентябрда Акталаа районунун Баетов айылында туулган. 1969–1979-жылдары Карасартов атындагы орто мектебин алтын медаль менен бүтүп, 1979–1985-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1985–1986-жылдары НОБОдо интернатурадан өткөн. 1986–1987-жылдары Тогузторо райондук борборлоштурулган ооруканасында врач-гинеколог, 1987-жылдан бери Акталаа райондук борборлоштурулган ооруканасында врач-акушер-гинеколог, төрөт бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы врач, Саламаттык сактоонун отличниги. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, райондук, жергиликтүү администрациянын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары менен сыйланган. Миңдеген балдардын алтын колдуу киндик энеси.

Жыйырма жылдан ашык иштеп бир жерде,
Жумбай кирпик өттү түндөр көп эле.
Жолун тосуп салам айтып турушат
Жаш-карысы, баары киндик энеге.
Өмүр тилеп эне менен балага
Милдети ошол кылат аяр мамиле,
Акталаанын абасы, элине чыдаган
«Алтын колдуу» киндик эне чын эле.



**ТАКЫРБАШЕВА АЙТБҮБҮ** – 1947-жылы 27 - июнда Баетов айылында туулган. 1953–1964-жылдары Ломоносов атындагы орто мектебин 1964–70-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргон. 1971–76-жылдары Ленин атындагы колхоздун участкалык врачы, 1976–95-жылдары Акталаа ЦРБнын торот болүмүнүн болүм башчысы, 1995–2000-жылдары аялдар консультациясынын врачы. 2000-жылдан бери Акталаа ҮДБнун үй-бүлолүк врачы, КР Президентинин, Саламаттык сактоо министрлигинин, областтык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын алган. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлолүү. 8-баласы бар.

Акталаанын ак чабында туулган,
Ата Журтка ак эмгегин арнаган.
Арбын жылдар иштеп келди эжебиз
Алкыш создон болок кеп жок айтылган.
Алтын колдуу киндик эне «Акжолтой»
Апалардын батасы бар сандаган.
Чоң энеси, таэнеси балдардын
Ардактуу эже сыйлыгы жок албаган.



**КЕРИМБЕКОВА ТИЛЕК** – 1960-жылы 28-майда Акталаа районунун Ленин айылында туулган. 1967–1977-жылдары Ленин атындагы орто мектебин, 1978–1980-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик болүмүн бүткон. 1980–1981-жылдары Бишкек шаардык торот үйүндо медайым, 1982-жылдан бери Ленин айылынын торот үйүндо медайым болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы адис. Райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Үй бүлолүү, 4 баланын энеси.

Калайык калкым аман болсо экен деп,
Кудайдан жакшылыкты коп-коп тилеп.
Коз жарчу эне-бала омүрлорүн
Кынтыксыз аткарууда кылдат иштеп.

Айылдын эли урматтап соз кылышат
Киндик эне, колу жеңил биздин Тилек.
Картайбай аман иштеп жүрүңүзчү
Каалады торт сап ырды сизге иргеп.



**КУРМАНКОЖОЕВА КАНЫКЕЙ** – 1961-жылы 10-февралда Жумгал районунун Кызарт айылында туулган. 1968–1978-жылдары Кызарт орто мектебин, 1979–1981-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик болүмүн бүтүргон. 1982-жылдан бери Акталаа районунун Ленин айылындагы торот үйүндо улуу акушер болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы адис. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары менен сыйланган. Үй- бүлолүү, 4 баланын энеси.

Асылы жоктур кесиптин
Адамга омүр бергендей.
Жашоого келсе ымыркай
Кубанат эжем Каныкей.
Жентек той бешик боолорун
Тилек досу экоо бир жемей.
Аман-эсен жүрүңүз
Ак жүздон күлкү эч кетпей.
Алыстан жаздым алты сап
Айылыңызга түк жетпей.



**ЖУМАЛИЕВА БАКТЫГҮЛ МАКЕНОВНА** – 1960-жылы Акталаа районунун Баетов айылында туулган. 1969–1979-жылдары Баетов айылындагы орто мектепти, 1979–1981-жылдары Бишкектеги медициналык окуу жайынын балдар профили болүмүн бүтүргон. 1981–2002-жылдары Акталаа райондук ооруканасында медайым, улуу медайым, 2002-жылдан бери Акталаа ҮДБнун башкы медайымы, директордун эмчи айымдардын иши боюнча орунбасары болуп иштеп келет. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак

грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Жогорку категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Акылга калчап иш кылып,
Акырын баарын жеңесиз.
Ачуу сөз айтпай эгерим
Астейдил иштеп келесиз.
Арам жакка баспаган
Ар-намыстуу эжесиз.
Башканы билбейм байкеме
Айчүрөктөй элесиз.



**БЕШКҮРӨҢОВА НАСИПА** – 1955-жылы 3-мартта Кочкор районунун Доңалыш айылында туулган. 1964–1974-жылдары Киров атындагы орто мектепти, 1974–1976-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүтүрүп, 1976–1978-жылдары Ленин атындагы колхоздун медайымы, 1978-жылдан бери Акталаа районунун Жергетал айылында фельдшер болуп эмгектенип келет. Айылдык ФАПтын башчысы. Облустук, Саламаттык сактоо министрлигинин, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. 5 баланын энеси.

Отуз жылы иштеп алыс элетте
Өзөкү билет өмүрлөрүн тим эле.
Орден, медаль сыйлык сурап кайрылбайт
Жергеталдык Насипа деген бир эже.
Тыкан иштеп, эмдоолорун жүргүзөт,
Тазалыкты талап кылчу бул жерде.
Климаты татаал ушул айылга
Жаш кадрдан бирөө барса эмине?

**ИТИГУЛОВ АСАН** – 1951-жылы 30-майда Акталаа районунун Жергетал айылында туулган. 1967-жылы №1 Ленин орто мектебин, 1967–70-жылдары Фрунзедеги финансы экономика техникумун бүткөн. 1970–72-жылдары Советтик Армияда БАМда кызмат өтөгөн. 1972–74-жылдары Жданов атындагы колхоздо экономист, 1974–79-жылдары Коңорчок айылдык кеңешинин катчысы, 1979–91-жылдары Ленин



атындагы колхоздо талаа, мал чарба цехинин башчысы. 1991-2004-жылдары «Миңбулак» дыйкан чарбасынын фермери. 2004-жылдан бери Жергетал айылдык, Акталаа райондук, Нарын облустук ден соолук комитеттеринин торагасы. Акталаа районунун айылдарына 3 ФАП, 1 «Нива» автоунаа, 1 спорт комплекс, 10 айылга таза суу чыгарууга салымы зор. Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак грамотасы, облустук, райондук, жергиликтүү администрациянын грамоталары бар. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Президенттин Ардак грамотасын алган. Үй бүлолүү, 7 баланын атасы.

Талыкпастан омүрүн да арнаган,
Тагдырын бүт оз элине байлаган.
Талкаланган Совет доору мезгилде
Туулган жерге башка жерден кайтышкан.
Ташын түптоп озүнчо айыл куруштү
Тамын берди окушсун деп класстан.
Ден соолуктун комитетин жетектейт
Облусту, район, айыл башкарган.
Кылган ишин козүңор менен коргүло
Кыйын киши Итигулов Асан агам.



**КӨЛБАЕВ БАРАКАН ЖУМАКАДЫРОВИЧ** – 1958-жылы 10-сентябрда Акталаа районунун Баетов айылында туулган. 1965–1975-жылдары Баетов айылындагы орто мектепти бүтүргон. 1977–1979-жылдары Советтик Армиянын жоокери болгон. 1979–1993-жылдары Акталаа МЖСнин шоферу, 1993-жылдан бери Акталаа аймактык ооруканасынын, ҮДБнун шоферу болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы айдоочу. Райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Үй-бүлолүү, 4 баланын атасы.

Сапарды улап сапарга
Саресеп салып жолуна,

Саат-эмес минут кечикпей
Чейрек кылым байке рулда
Чаң жугузбай бапестейт
Чаалыкпас досу «Аккула».
Чай кайнатып коп кутот,
Чалын Салкын эже да.



**ЖУМАГУЛОВА ЖУМАБҮБҮ** – 1951-жылы 26-январда Баетов айылында туулган. 1967-жылы Жданов атындагы орто мектебинин 8-классын бүтүрүп, 1967--70-жылдары НМУнун жалпы профилдеги медайым адистигин бүткөн. 1970–73-жылдары Акталаа ЦРБ эмчиайым, 1973–2002-жылдары Акталаа ЦРБда статист, 2002-жылдан бери Акталаа ҮДБда методист болуп иштеп келет. КР «Ардактуу донору», КР Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери. Жогорку категориядагы медайым. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 9 баланын энеси.

Кыз кезинде медик болуу максатын,
Кыйын эже кынтыгы жок аткардың.
Көп өнөрдөн, ыр жагынан мақталып,
Кут болсунчу нечен ирет байге алдың.
Стат жагын алга карай сүйрөгөн,
Көп болуптур талыкпаган кызматың.
Ардактуу донор, саламаттын мыктысы,
Алкыш айтып алыстан сизге ыр жаздым.



**КӨЧӨРБАЕВА АЙНУРА** – 1958-жылы 23-сентябрда Кочкор районунун Чолпон айылында туулган. 1966–1976-жылдары Чолпон орто мектебин, 1976–1978-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүткөн. 1978-жылдан бери Акталаа аймактык ооруканасында медайым болуп эмгектенип келет. Райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси

Ачык мүнөз эжекебиз Айнура
Ак дилинен кызмат кылат калкына.

Арам ишин корбодук да, укпадык
Акталаанын эли мактайт дайыма.
Аз калса да пенсияга убакыт
Ак кире элек алигиче саамайга
Атанын да жүгүн артып келатат
Балдарына берип жакшы тарбия.



**АКМАТКАЗИЕВА ТӨЛӨНБҮБҮ** – 1956-жылы 8-ноябрда Акталаа районун Дорболжун айылында туулган. 1964–1974-жылдары Карасуу орто мектебин, 1975–1978-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик болүмүн бүтүрүп. 1978-жылдан бери Акталаа аймактык ооруканасында медайым, башкы медайым болуп иштеп келе жатат. Облус, район, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары менен сыйланган. Жогорку категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 7 баланын энеси.

Отуз жылча эмгек кылып элине
Орду менен иштеп келет бир эже.
Сүйүктүү жар, балдарынын энеси
Жаман сөздөн оолак жүрот деги эле.
Төлок дешип эркелетип тергешет
Улуу, кичүү, аяш, чалы баары эле.
Урмат-сыйга арзып жүрө бериңиз
Кызматыңыз тийип элиң, Мекенге.



**ЧЫМБАЕВА РАХАТ ЭРМЕКОВНА** – 1961-жылы 15-февралда Акталаа районунун Баетов айылында туулган. 1970–1980-жылдары Жаңытилек орто мектебин, 1980–1983-жылдары Фрунзедеги соода техникумунун бухгалтердик учет болүмүн бүткөн. 1983-жылдан бери Акталаа райондук ооруканасында экономист, бухгалтер, учурда башкы бухгалтер болуп иштеп келет. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Бизде бар мыкты бир сапат
Жакшы адамды сыйламак.
Ошол топко кошулат
Бухгалтер эже Рахат.
Жамандык ишке жолобой
Так жумушун аткарат.
Ишинен таппай «косякты»
Мент, налог башы коп катат.



**МАМАТКУЛОВА ГҮЛНАРА** – 1956-жылы 5-апрелде Акталаа районунун Тоголок Молдо айылында туулган. 1963–73-жылдары Тоголок Молдо айылындагы Сатылганов атындагы орто мектебин бүткон. Эмгек жолун райондун борборундагы райондо секретарь-машинистка болуп баштаган. 1978–81-жылдары Фрунзедеги автожол техникумунун бухгалтердик эсеп адистигин бүтүргон. 1981-жылдан 2002-жылга чейин Акталаа автобазасында экономист, башкы эсепчи, профсоюз уюмунун жетекчиси болгон. 2002-жылдан бери Акталаа райондук үй-бүлолүк медицина борборунун экономисти болуп эмгектенет. КР Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, райондук, жергиликтүү бийликтердин Ардак грамоталары бар. Үй-бүлолүү, 6 баланын энеси.

Сандардан чыкпай катасы,
Сан жылдар артка ташталды.
Саресеп салып эсептен,
Жумуштан эже такшалды.
Жигердүү иштеп талыкпай,
Жакшы экономист аталды.
Сый-урмат менен жүрот деп,
Акталаа эли макташты.

**СООРОНБАЕВ БОЛОТ ЖУСУПОВИЧ** – 1976-жылы 26-майда Атбашы районунун Акжар айылында туулган. 1993-жылы Жаналиев атындагы Акжар орто мектебин бүтүрүп, 1996-жылга чейин Акжар колхозунда эмгектенген. 1996–97-жылдары КММАнын даярдоо курсунан окуп, 1997–2003-жылдары Кыргыз мамлекеттик медициналык Академиясынын «Медициналык профилактикалык» факультетин бүтүргон. 2003–2006-жылдары Атбашы райондук санитардык эпидемиологиялык козомолдоо борборунда врач-эпидемиолог, эпидемиология болумүнүн башчысы болуп иштеген. 2006-жылдын



сентябрь айынан бери Акталаа райондук санитардык козомолдоо борборунун башкы врачы болуп эмгектенип келүүдо. Билимин жогорулатуу боюнча атайын курстардан окуп келген. Запастагы офицер. Облустук, райондук администрациялардын Ардак грамоталары менен сыйланган. I категориядагы врач. Үй-бүлолүү. 2 баланын атасы.

Ылаңы жок районго жетем деп
Болот мырза издеп келет аракет.
Бири айыкса экинчиси башталып,
Мезгил менен улам чыгат «Балакет».
Ийгиликке акырындап жетүүдо
Күн, түн тынбай коп мээнет
Азырынча азыраак мактоо айталы
Калган жагын мезгил озү корсотот.



**АХМАТАКУНОВА МАХБУРАТХАН ТОЙЧУБЕКОВНА** – 1978-жылы 22-сентябрда Акталаа районуна караштуу Кошдобо айылында туулган. 1985–1995-жылы Кошдобо орто мектебин, 1995–1997-жылдары Бишкектеги медициналык окуу жайынын диагностика-лабораториялык болүмүн бүтүргон. 1997–2000-жылдары Акталаа райондук клиникалык лабораторияда лаборант болуп иштеген. 2000-жылдан бери Акталаа райондук санитардык-эпидемиялык козомолдоо борборунда лаборант болуп иштеп келет. 1-категориядагы адис, облустук, райондук, жергиликтүү администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Үй-бүлолүү, 2 баласы бар.

Махбураткан, оу Махбураткан
Мазесин ишинин так аткарган.
Мен, менмин деп бой которбойт,
Мага жаккан бир жакшы адам
Ички сырын биле албай
Акталаага коп каттагам.
Жайдары мүноз, ачык коңул
Кара коз карындашым жүрчү аман.

# ЖУМГАЛ РАЙОНУ



Асманында бүркүт шаңшып айланган,
Айланасы тоолор менен курчалган.
Алтын чойчок жер сымалы сезилет,
Албууттанып Кокомерен чамынган.

Берекеси толуп ташкан жер болот,
Биримдиктүү меймандосчул эл келет.
Талант кенчи, баатырлары коп чыккан,
Кыздары сулуу, жигиттери шоктонот.

Кыргыз үчүн коп эмгегин жасаган,
Кытай менен жер талашып кыр-кырдан.
Коп жерлерди кыргыз элге алперген,
Кыйын барбы Байзак ата баатырдан.

Эли-жерин баскынчыдан коргогон,
Эроол менен салгылашта күн откон.
Эчен душман оз энчисин алышкан,
Эл деп туулган Качыкедей баатырдан.

Бай-манапка жебе болуп атылган,
Бал тилинен калемпир, мурч, туз тамган.

Куйручуктай кыйын копто чыгат го,
Каратаман эл таламын талашкан.

Кара жаак, жез таңдай,
Айткан сөзү түз, таамай.
Кылымда бирөө жаралат,
Кайран токмо Калыктай.

Кыргызга кызмат өтөгөн,
Каалгый бийлеп көрүнгөн.
Өмүрү кыска жан экен,
Бүбүсара кетти дүйнөдөн.

Таңшыса үнү керемет,
Эл күтчү ырдап берсе деп.
Ырлары калып, өзү жок,
Мыскал бизге эч келбейт.

Суусундабы, жериндеби биле албайм,
Таланттардын уясыбы таң калам.
Муратбекти кылымдарга мактайбыз,
Москва эмес, Лондон туруп кол чапкан.

Сахна, кино жылдызындай жаркырап,
Сан жүрөктөр көпөлөктой чапкылап.
Сапар алып эрте бизден коштошту,
Жумгал сулуусу Таттыбүбү эрте узап.

Куйкум сөздүн атасындай сезилген,
Кыз-келиндин жүрөктөрүн бийлеген.
Соңкөлүнө кайра келип ыр жазбайт,
Таасын талант эрте кеткен Мидикем.

Эл дегенде ичкен ашын унуткан,
Эркинбек деп элдин баары даңктаган.
Эх, арман күн, ичээр суусу аз экен,
Эрте жазда чыккан гүлдөй соолуган.

Эли үчүн талбай эмгек кылаарда,
Эл депутаты мандатын жаңы алганда.

Эрте кетти, ажалга айла жок экен,
Эмгеги калды эл оозунда айтыла.

Кылымдардан келе жаткан салт ушул,
Корүнүктүү адамдарды мактамай.
Капа болбос касиеттүү Жумгал эл,
Кээ залкарлар калса эгер айтылбай.

Жылга сайын молтүр тунук булактар
Чет элдик эмес оз элиң да суктанаар,
Килемчеде бир жай бою оргүсок
Коңүл сергип дене эс алып айыгаар.

Жер кендердин пайдалуусу кереги
Жараткан берген бизге Каракечени.
Өз байлыкты ирети менен урунбай
Каза албадык башка айтабыз эмнени.

Кол корком. Коркомүно коз тойбостур
Кыз сулуу. Сулуулугу суктандырат.
Боз улан кызын күтот. Күтот дагы
Жүроктор тартылышат. Сүйүү анты.

Тарыхка аты түшкон Таштулганын
Тамшантып таңгалдырат Тулпарташың.
Тастыктап эч кимиси так айта албайт
Табышмактуу мамы орноп калгандыгын.

Коркомүн карегиме сактап калсам
Коксогон кусалыгым аз-аз бассам.
Бала чактай оонасам шибериңе
Бах чиркин, калбас эле эч бир арман!



**ӨМҮРЗАКОВА АНАРА АЛАПАЕВНА** – 1955-жылы 22-июлда Жумгал районунун Чаек айылында туулган. 1962–1972-жылдары Чаек орто мектебин, 1974–1980-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткон. 1980–1981-жылдары интернатураны Республикалык больницадан откон, 1981–1986-жылдары Жумгал ЦРБда врач-рентгенолог, 1986–89-жылдары директордун уюштуруу иштери боюнча орунбасары, 1989–2002-жылдары Жумгал ЦРБда врач-статист, 2002-жылдан бери Жумгал ҮДМБнун директору. Саламаттык сактоонун отличниги. Саламаттык сактоо министрлигинин, профсоюз комитетинин, облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй- бүлолүү, 3 баланын апасы.

Жакшы адам болуш аста-аста,
Жаман болмок бир паста.
Жумгалда иштеп келатат
Жайдары эжем Анара.
Статтын Каныкейи деп
Макташкан дейт маалында.
Аман иштеп жүрсүн деп
Батырып койдум торт сапка.



**АСАНОВ КЫШТООБЕК АШЫРБЕКОВИЧ** – 1958-жылы 18-декабрда Жумгал районунун Кызылтуу айылында туулган. 1966–1976-жылдары Кызылтуу орто мектебин, 1976–1982-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүрүп, 1982–1983-жылдары Борбордогу №6 бейтапканада неврология боюнча интернатурадан откон. 1983–1985-жылдары Бишкектеги №1 ВТЭКте невропатолог, 1985–1987-жылдары Жумгал райондук ооруканан тез жардам болүмүндо болүм башчы, 1987–1991-жылы Жумгал районунун бейтапканасынын башчысы, 1991–1997-жылдары Жумгал

районунун ооруканасынын дарылоо иштери боюнча орунбасары, 1997–1999-жылдары Жумгал райондук ооруканасынын башкы дарыгери, 1999–2001-жылдары Жумгал райондук оорукана да врач-терапевт, 2001–2006-жылдары Жумгал райондук аймактык ооруканасынын инфекция бөлүмүнүн бөлүм башчысы, 2006-жылдан бери Жумгал аймактык ооруканасынын директору болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун отличниги. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Жумгалда туулуп, жеринде өсүп эр жетип,
Журт жүгүн тартчу жогорку билим изденип.
Каалаган максат ойлорун ишке ашырып,
Колтуктай келди жеңемди кошо ээрчитип.
Кыйын байке акыл пештеп иш кылат,
Аста келет элиңе эмгек сиңирип.
Кош жылдыздай ээрчише басып калышат,
Эл батасын алмак - салмак «ээлешип».



**ОРОЗОБЕКОВ ААЛЫ** – 1937-жылы 13-октябрда Жумгал районуна караштуу Кайырма айылында туулган. 1945–1955-жылдары Кайырма орто мектебин, 1955–1961-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1961-жылы Миңкуш шаарчасында медсанчастта башкы начальник, 1962–1964-жылдары Жумгал райондук ооруканасында хирург, 1964–1973-жылдары Кенес-анархай участкалык ооруканасында башкы врач, 1973–1978-жылдары Түп райондук ооруканасында башкы врач, 1978–1985-жылдары Жумгал райондук ооруканасынын башкы врачы, 1985–1996-жылдары хирургия бөлүмүнүн башчысы, учурда Жумгал ҮДМБнун врачы. ССМинин, КР Президентинин, облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамота жана сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

Талыкпай чуркап жашынан,
Тыкаттап ишин алып барган.
Кыйла жыл болгон жетекчи,
Аалы абам өзү жакшы адам.

Картайган кезде президент,
Грамотасын араң ыйгарган.
Кечигип калдың, чоңдорум,
Жумгалдын эли абама,
Эл баатырын небак ыйгарган.



**РЫСАЛИЕВ ТУКЕШ** – 1933- жылы Жумгал өрөөнүндө туулган. 1940–1950-жылдары орто мектепти аяктап, 1951–1957-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1957–65-жылдары Жумгал жеринде терапевт-врач, 1963–65-жылдары Суусамырда, 1965–67-жылдары ординатураны аяктаган. 1967–69-жылдары Воронцовкада, 1969-жылдан бери Жумгал аймактык ооруканасында, ҮДБда үзгүлтүксүз эмгектенип келет. Саламаттык сактоо министрлигинин, областтык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталардын, баалуу сыйлыктардын ээси. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 4 баласы бар.

Сайлардан аккан суулардай
Саргайган далай жыл өттү.
Солкулдак жигит кезинен
Сактайм деп элин илдеттен
Санатсыз далай күн кетти.
Саяк эли унутпайт
Өздөрү баатыр кылышкан
Рысалиевич Тукеш аганы.

**АКЫЛБЕКОВА НУРЖАМАЛ АСКАРОВНА** – 1956-жылы 18-октябрда Суусамыр айылында туулган. 1964–74-жылдары Суусамыр орто мектебин, 1974–80-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1980–81-жылдары интернатураны Бишкек шаарында №2 төрөт үйүндө врач-гинеколог, 1981–85-жылдары Панфилов ЦРБда акушер-гинеколог, 1985–89-жылдары Суусамыр участкалык больницада акушер-гинеколог, 1989–92-жылдары Миңкуш шаардык больницада акушер-гинеколог, 1992-жылдан бери Жумгал ЦРБда врач акушер-гинеколог, 2002-жылдан бери Жумгал ЦСМде врач-



11-383



эксперт акушер жана гинеколог болуп иштеп келет. Жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоонун отличниги, облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Калпыс иш жасабаган адаты бар,
Кызматты өйдө койгон талабы бар.
Кай жерде, кай мезгилде болсо дагы
Кынтыксыз иштей билген сапаты бар.
Колуктум жакшы адамдын бири деген
Байкемдин ыраазы болгон жактары бар.
Күлмүңдөп өрубастан жүрө берсин
Атына заты уйкаш эже Нуржамал.



**ИБРАЕВ АЛМАМБЕТ ҮСӨЙҮНБЕКОВИЧ** – 1959-жылы 12-августта Тяньшань районунун Жалгызтерек айылында туулган. 1975-жылы Нарын шаарынан Ленин орто мектебин, 1975–77-жылдары Нарын нан заводунда жумушчу болуп иштеп, 1977–83-жылдары КММИнин санитардык гигиеналык факультетин бүткөн. 1983–84-жылдары Тяньшань райондук СЭСте бөлүм башчы, 1984–95-жылдары облустук СЭСте бөлүм башчы, 1995–99-жылдары Тяньшань санэпидстанцияда бөлүм башчы, 1999–2000-жылдары Нарын шаардык санэпидстанцияда башкы врач. 2000–04-жылдары облустук СЭСте бөлүм башчы, 2005–06-жылдары Нарын облустук СПИД центрде врач-эпидемиолог, 2006-жылдын июнь айынан бери Жумгал районунун СЭСте башкы врач, I категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, райондук, шаардык, жергиликтүү администрациялардын грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Арышын керип чуркаган
Аргымак дагы ташыркайт,
Ачуу ДОС менен арбашып
Алманбет агам чарчабайт.
Алдыга ишибиз жүрүшмөк
Абысындай эрчишпей
Арак, гүл менен коштошсок
Айжаркын жеңем кубанмак.



**ДҮЙШӨНАЛИЕВ ТОКТОШ ДҮЙШӨНАЛИЕВИЧ**– 1946-жылы 5-майда Жумгал районунун Чаек айылында туулган. 1954–1964-жылдары Чаек орто мектебин, 1964–1971-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1971–1972-жылдары Бишкек шаарында интернатурадан өткөн. 1972-жылдан бери Жумгал районунда участкалык врач, бөлүм башчы, райондук оорукананын директорунун орунбасары болуп иштеп келген. Учурда Жумгал райондук ҮДБнун үй-бүлөлүк дарыгери болуп иштейт. Жогорку категориядагы врач, Саламаттык сактоонун отличниги. АГСВнын, облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 6 баланын атасы. 1 кызы врач болуп иштейт.

Калыбын жазбайт так иштеп,
Кадамын бузбайт жай шилтеп.
Карылык каада күткөндөй
Компоёт агам жай сүйлөп.
Кандай айтсак жарашат
Кезинде кызматын кылган жан үрөп.
Кытыгылап ыр жаздым
Абаке, коё көрбөңүз төпөштөп.



**СУЛТАНОВА САЛТАНАТ АРАЛБАЕВНА**- – 1966-жылы 2-октябрда Кочкор районунун Кочкор айылында туулган. 1973–1983-жылдары Октябрдын 40 жылдыгы атындагы орто мектебин, 1983–1989-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1989–2002-жылдары НОБОдо интернатурадан өткөн. 1990-жылдан бери Жумгал районунун аймактык ооруканада участкалык врач, тери-венерикалык оорулар врачы, төрөт бөлүмүндө врач-гинеколог, 2002-жылдан бери директордун орунбасары болуп иштеп келет. АГСВнын, облустук, райондук,

жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Койкоё баскан врачыбыз Салтанат,
Кыйла жылы Жумгалда иштеп келатат.
Кадыры бар райондун элине
Замдиректор милдетин так аркалап.
Өлүм азайып, оорулар жок болсо деп
Эли үчүн кылып келет далалат.
Калкың менен аман иштеп жүрө бер,
Карындашым ушул ыр сизге арналат.



**КЕМЕЛОВА БАЯН ЖАПАРБЕКОВНА** – 1962-жылы 9-мартта Фрунзе шаарында туулган. 1969–79-жылдары орто мектепти, 1979–85-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүткөн. 1985–86-жылдары интернатураны Токмок шаардык больницада өтөгөн. 1986–1999-жылдары Чүй-Токмок шаардык №1 больницада участкалык врач. 1998-жылы Чүй-Токмок эксперименттик ҮДБ-1 жетектеген. 1999-жылдан Жумгал ЦРБда ГСВ–3тө иштөө менен бирге райондогу болгон ҮДБларды координациялап турган. 2002-жылдын февралынан бери Жумгал ЦСМдин директорунун орунбасары. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. МАКтын штаттан тышкаркы эксперти. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, райондук, жергиликтүү жетекчиликтердин, АСГВнын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Койкоё басып керилген,
Бой келбети келишкен.
Жумгалдан чыкты бир сулуу,
Өз ишин мыкты билгенден.
Өйдөлөп иши жүрүшсө,
Дарылайт жакшы кеп менен.
Чымчыкей ырдан мен жаздым
Кара көз эже терикпең.



**КУРЕГЕНОВА КАУХАР АБЛАСБЕКОВНА** – 1959-жылы 10-декабрда Фрунзе шаарында туулган. 1967–1977-жылдары №5 А. С. Пушкин атындагы орто мектебин, 1977–1983-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1983–1993-жылдары Жумгал районунун аймактык ооруканасында врач-неонтолог, 1993–2002-жылдары врач-инфекционист болуп иштеген. 2002-жылдан бери №4 Т.Бокчубаев атындагы ҮДТнун дарыгери, клиникалык жетекчиси болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы врач. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Туулуп өсүп чоңойсо да Чүй жакта
Өмүр көчүн улап келет Жумгалда.
Өйдө-төмөн көп акча издеп барбады
Дарак гүлдөйт бир жерде деген кеп барда.
Сүйүктүү жар, балдарынын энеси
Кадыр-барктуу өзү иштеген калкында,
Ден соолукта аман иштеп жүрүңүз,
Врач биздин Каухар эже–татына.



**НАСИРДИНОВА ОКИН** – 1953-жылы, 19-майда Чүй облусундагы Деңарык айылында туулган. 1960–1970 жылдары Чаек орто мектебин бүтүп, Фрунзедеги медициналык окуу жайынын жалпы бөлүмүн бүтүргөн. 1976-жылдан бери Жумгал аймактык ооруканасында үзгүлтүксүз иштеп келет. Жогорку категориядагы медайым. Саламаттык сактоонун отличниги. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамота, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Калыбын жазбай иштеген
Куудуң-шуудуң билбеген.
Кызматын кылат кынтыксыз
Окин деген бир эжем.
Отуруп Сизге ыр жаздым,
Ойгонуп кетип түшүмдөн
Оорубай эсен жүрүңүз
Буюрса чайыңызды көп ичем.



**АБДЫЖАПАРОВА НАВАТ** – 1957-жылы 25-сентябрда Жумгал районунун Кызарт айылында туулган. 1964–74-жылдары Кызарт орто мектебин, 1974–77-жылдары НМУ жалпы бөлүмүндө окуган. 1977-жылдан бери Жумгал ТБда жугуштуу оорулар бөлүмүнүн улуу медайымы. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын грамоталары бар. Жогорку категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Көп жыл иштеп тажрыйба топтогон,
Көп тагдырдын келечегин ойлогон.
Жооптуу да, ары мүшкүл бул иште,
Нават иштейт эч бир уят болбостон.
Ишин билет категория жогорку,
Грамота, сыйлыктары коштогон.
Элге иштеп аман-эсен жүрүңүз,
Эч убакта чыкпай ушул түз жолдон.



**АЛЫМБАЕВА ЖИЙДЕГҮЛ** – 1956-жылы 16-сентябрда Ысыккөл облусунун Ортоөрүктү айылында туулган. 1964–74-жылдары Ортоөрүктү орто мектебин, 1974–80-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргөн. 1980–83-жылы Ысыккөл балдар ооруканасында врач, 1983–84-жылдары ушул оорукананын бөлүм башчысы. 1982–84-жылдары Москвадан балдар реаниматология жана интенсивдүү терапия боюнча атайын курстан окуп келген. 1984-жылдан бери Жумгал территориялык больницасында төрөт бөлүмүндө врач-неонтолог. Саламаттык

сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Мээрим төгүп ымыркайга өзгөчө
Санаа тартат бир-эки күн көрбөсө.
Элге кылган эмгектерин санасак
Эки томдук китеп болуп кетет го.
Элден алган бата менен келатат
Эшик жыртып барганы жок өкмөткө.
Эли сыйлап, барктап келет ар убак
Эң негизги сыймык ошол экен го.



**БЕКТЕМИРОВА САМАРА ДЕРБИШОВНА** – 1955-жылы 26-мартта Жумгал районунун Кайырма айылында туулган. 1963–1973-жылдары Кайырма орто мектебин, 1973–1976-жылдары НМУнун фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1976-жылдын 26-мартынан тартып Жумгал райондук ооруканасында терапия бөлүмүндө медайым, улуу медайым, ВТЭнин медайымы болуп иштеген. 2002-жылдан бери жугуштуу ооруларды көзөмөлдөө боюнча медайым болуп эмгектенип келүүдө. Жогорку категориядагы адис. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарын алган. Үй- бүлөлүү, 7 баланын энеси.

Кайырмалык бир эже бар Самара,
Отуз жылдай элине иштеп дайыма.
Орден, медаль албаса да барктанып,
Оруну бар татыктуулар сабында.
Оору-сыркоо чыкпасын деп жугуштуу,
Күнү-түнү тынбай элдин камында.
Кайратыңыз кайтпай иштеп жүрүңүз,
Каалоо тилек арнап жаздым ырыма.

**САРМАЛДАКОВА ГҮЛНАРА МУСАЕВНА** – 1959-жылы 6-февралда Миңкуш айылында туулган. 1967–1977-жылдары Чаек орто мектебин бүтүрүп, 1977–1980-жылдары Фрунзедеги ВЛКСМ атындагы кийим тигүү фабрикасында тигүүчү болуп иштеген. 1980–1982-жылдары



Фрунзедеги медициналык окуу жайынын балдар бөлүмүн бүткөн. 1983–1987-жылдары Миңкуш шаарчасында патронаждык медсестра, 1987–2002-жылдары Кайырма айылдык ФАПта медайым, 2002–2004-жылдары улуу медайым, 2004-жылдан бери үй- бүлөлүк медайым болуп иштеп келе жатат. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын грамоталары, баалуу сыйлыктары менен сыйланган. Медайымдардын 2-съездинин делегаты, жогорку категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Бала ооруса энесиндей айланат,
Быйтыгыйым айыкса деп жалынат.
Чейрек кылым иштеп келет талыкпай,
Наристени көрбөй калса сагынат.
Өз кесибин жүрөктөн сүйгөн медиктер,
Жумгал жакта арбын эле саналат.
Алдыңкы топко кошулсам деп эртерээк,
Гулнара эже кылып келет далалат.



**САДЫБАКАСОВ КЫДЫРМА** – 1940-жылы 13 -июнда Жумгал районунун Чаек айылында туулган. 1947–57-жылдары Чаек орто мектебин, 1957–64-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1964–1967-жылдары Бишкек шаарынан ординатураны аяктаган. 1969–73-жылдары Жумгал райондук ооруканасында балдар бөлүмүнүн башчысы. 1973–94-жылдары ушул ооруканада энелерди жана балдарды коргоо боюнча башкы дарыгердин орунбасары, 1994–2002-жылдары невропатолог дарыгери, 2003-жылдан бери балдар дарыгери болуп эмгектенип келет. Саламаттык сактоо министрлигинин, областтык, райондук, жергиликтүү администрацияларддын Ардак грамоталары, В.И. Лениндин 100 жылдык юбилейлик

медалы менен сыйланган Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы, 3 неберенин чоң атасы.

Отуз беш жыл бала менен иштеген
Оору жок дейт Кыдырма агай билбеген.
Онтоп келген оорулууну сакайтат
Так дарысы, жакшынакай сөз менен.
Врач жетишсиз айлык азына карабай.
Иштеп келет пенсиядамын дебестен
Ак дилимден арнап жаздым алты сап
Алкыш алып жүрө бериңиз элинден.



**САРБАНОВ БАКАС** – 1933-жылы Жумгал районунун Бештерек айылында туулган. 1942–1952 жылдары Чаек айылынан орто мектепти, 1952–58-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1958-жылдан бери Жумгал аймактык ооруканасында терапия, жугуштуу оорулар бөлүмүнүн, поликлиниканын, азыркы мезгилде тез жардам бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенип келет. «В.И. Лениндин 100 жылдык юбилейлик», «Улуу Ата Мекендик согуштун жеңгендигинин 50 жылдык» медалы менен сыйланган. Саламаттык сактоонун отличниги. ССМинин, облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталарынын ээси. Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү. 2 баласы бар.

Тамаша сөзүн кынаптап
Тактыкта жумушун аркалайт.
Анча - мынча ноокасты
Аския сөз менен дарылайт.
Жарым кылымдык ишинде
Бакас ababыз барктaлат.
Шайдоотмун азыр балдар деп
Тез жардам жагын башкарат.



**МОЛДОЖУСУПОВА СААДАТ** – 1957-жылы Жумгал районунун Байзак айлында туулган. 1964–72-жылдары Байзак орто мектебинин 8-классын бүтүрүп, 1972–75-жылдары НМУнун жалпы сестралык бөлүмүн аяктаган. 1975-жылдан бери Жумгал аймактык ооруканасында хирургия бөлүмүндө операциялык медайым болуп үзгүлтүксүз эмгектенип келүүдө. Жергиликтүү, райондук, облустук администрациялардын Ардак грамоталары бар. Жогорку категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү. 3 баланын энеси.

Кең Жумгалдын абасын кере жуткан
Кериле басып милдетин так аткарган.
Отуз жылы талбай иштеп хирургияда
Операцияда врачына берген жардам.
Өтө көп сөз эжени мактай берсек,
Өйдө-төмөн сүйлөбөгөн ырас адам.
Оорубай тың, тарс иштеп жүрүңүзчү
Балдарыңыз, байкем менен болуп аман.

# КОЧКОР РАЙОНУ



Кылымдардан кылымдарга сырката,
Кырка тоолор бири-бирине уланып.
Кар жаабаган мол түшүмдүү жылына,
Кара Кочкор жери жатат чалкайып.

Кара тоолор ичтери толо байлык,
Келечекте кыргызым кетээр байып.
Чоңтуз элге кызмат кылып келүүдө,
Дагы канча кендер жатат катылып.

Манасы бар кыргыз элим ыйыктай,
Манас бизге сыймык менен тумардай.
Жарым миллион сапты билген Сагынбай,
Өзүнчө бир океанбы капырай.

Келечек болчу окуя,
Кырааты менен сайраган.
Кадимки Калыгул олуя,
Кара Кочкордо жашаган.

Акылы менен калк бийлеп,
Ар амал менен жоо жеңген.
Кыргызда биринчи хан болуп,
Ормон хан чыккан бул элден.

Жоо дегенде сүйүнгөн,
Жекеге билек түрүнгөн.
Жолборс жүрөк бул эрдин,
Көптөрү корккон сүрүнөн.
Кайгуулда буту сынса да,
Кокуй деп кабак түйбөгөн.

Туткундап алып Балбайы,
Үч жолу бутун бурады.
Кыңк этип бир үн чыгарбай,
Кайраты менен чыдады.
Көркөмдөп айтса сөз жетпейт,
Төрөгелди ата баатырды.

Кат-сабаты эрте жоюлган
Калеми түшпөй колунан.
Куштардын жазып жомогун,
Молдо Кылыч кетти жалгандан.

Жазмакер акын аталган,
Калкынан көптү жыйнаган.
Осмонаалы жазып санжыра,
Кыйла мурасын калтырган.

Өз учурунун чыгааны,
Замандын болгон курманы.
Эл душманы деп атылган,
Тыңдардын тыңы – Баялы.

Алиппесин жазып дааналап,
Ар бир сөзүн кынаптап.
Өлбөс ишин аткарган,
Ишенаалы бүтпөс чоң дастан.



**ЖУМАЕВ МЕДЕТБЕК** – 1956-жылы 30-декабрда Кочкор районунун Кумдөбө айылында туулган. 1963–73-жылдары Кумдөбө орто мектебин, 1973–80-жылдары КММИнин дарылоо факультетин, 1980–81-жылдары Чүй райондук ооруканасында интернатурадан өткөн. Бул ооруканада хирург, хирургия бөлүмүнүн бөлүм башчысы болуп 1996-жылга чейин эмгектенген. 1996–2001-жылдары Кочкор районунда башкы дарыгер, 2001–2003-жылдары Кочкор аймактык ооруканасында амбулаториялык изилдөө бөлүмүнүн башчысы, 2003-жылдын 17-сентябрынан тартып райондук үй-бүлөлүк медицина борборунун директору. 1993-жылы Чүй айылдык Кеңешинин, 2000-жылдан тартып Нарын облустук Кеңешинин депутаты. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Кочкор жакка барып калсаң
Конокторум абайласаң,
Төрөгелди чоң атам, – дейт
Жумаев Медет деген акаң!
Коконду заматта жулуп алат
Кокус ага кыйшактасаң.
Тамашалап чымчыладым
Медет байкем эң жакшы адам.
Мээнеттенип жүрө берсин
Эл-журту менен болуп аман!

**РЫСКУЛБЕКОВА СВЕТА РЫСКУЛБЕКОВНА** – 1955-жылы 6-июнда Акталаа районунун Тоголок Молдо айылында туулган. 1962–1972-жылдары Тоголок Молдо орто мектебин, 1972–1978-жылдары КММИнин педиатрия факультетин, 1978–1979-жылдары Бишкектен энени жана баланы коргоо институтунун неврология кафедрасында интернатурадан өткөн, спецневролог. 1979-жылдан бери Кочкор аймагынын ооруканасында балдар бөлүмүнүн бөлүм башчысы, райондун балдардын башкы дарыгери, райондук балдардын жана аялдардын төрөтү боюнча башкы дарыгердин орунбасары, райондук оорукананын башкы дарыгердин дарылоо иштери боюнча орунбасары. АДО бөлүмүнүн башчысы. 2007-жылдын апрелинен бери райондук



больницанын директору. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, райондук жергиликтүү администрациялардын Ардак грамота, баалуу сыйлыктары бар. Саламаттык Сактоонун ардактуу кызматкери. КР Ардактуу донору, жогорку категориядагы дарыгер. Үй-бүлөлүү, 4 баласы, 3 небереси бар.

Жогорку билим, жооптуу ишти аркалап,
Жылдар өттү бирин бири сабалап.
Жетекчинин иши бир топ жооптуу
Жүрөт көбү жамандык издеп акмалап.
Жамааттагы ар бир кызмат адамын
Жүрөт эже ыгы менен тең карап.
Кыз Сайкалдай жакшы көргөн эжеме
Жүрөгүмдөн жаздым ушул ырды арнап.



**БОРУКЧИЕВ ҮСӨНБЕК ТУРСУНАЛИЕВИЧ** – 1960-жылы 10-январда Кочкор кыштагында туулган. 1967–77-жылдары Калинин орто мектебин бүткөн. 1977–83-жылдары КММИнин санитардык гигиена факультетин аяктаган. Саламаттык сактоо министрлигинин жолдомосу менен 1984-жылдан 1998-жылга чейин Акталаа райондук санврачы, башкы врачтын орунбасары, башкы врач болуп эмгектенген.

Саламаттык сактоо министринин буйругу менен 1998-жылдан бери Кочкор СЭКБнун башкы врачы болуп иштеп келүүдө. Областтык, райондук элдик контроль комитетинин, профсоюз уюмдарынын Ардак грамоталарын алган. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын грамоталары бар. «Саламаттык сактоонун Ардактуу врачы» наамын алган. Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

Кычыткы, ылаң кылбайм деп
Кочкордун элин сурап бек,
Кынтыксыз иштеп келатат
Агабыз – Борукчиев Үсөнбек.
Кара Кочкор куттуу жер
Кылымдап келген сыйлуу эл.
Кырсыксыз иштеп жүрүңүз
Болбосун жаман нерселер.



**МАМБЕТОВ ТОКТОБАЙ ШАРШЕНОВИЧ** – 1958-жылы 22-октябрда Атбашы районунун Кызылтуу айылында туулган. 1965–1975-жылдары Кызылтуу орто мектебин, 1975–1981-жылы КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1981–1982-жылдары НОБОдо интернатурадан өткөн. 1982–1983-жылдары облустук ооруканада участкалык дарыгер болуп иштеген. 1983–1986-жылдары облустук балдар ооpу-канасынын башчысы, 1986–1987-жылдары облустук балдар ооруканасынын башкы дарыгердин дарылоо иштери боюнча орунбасары, 1987–1990-жылдары кенже балдар бөлүмүнүн бөлүм башчысы, 1990–1993-жылдары облустук балдар ооруканасынын башкы дарыгери, 1993–2003-жылдары Акталаа аймактык ооруканасынын башкы дарыгери, 2003–2007-жылдары Кочкор аймактык ооруканасында директор болуп иштеп, 2007-жылдан бери Воронцовкадагы ооруканада дарыгер болуп иштеп келет. Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, шаардык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

Кызматын кылат жайма-жай
Кыйкырып, сөгүп бакырбай.
Кыйын жетекчи чынында
Кымбаттуу агам Токтобай.
Кай жерге барып иштесе
Кадырын сактайт Бакайдай,
Кандай мактоо айтсак да
Жарашат агама чайырдай.

**МУХАМЕДАЛИЕВА ФАТИМА МУХАМЕДАЛИЕВНА** – 1943-жылы 12-январда Кочкор айылында туулган. Кочкор айылындагы орто мектебин 1950–60-жылдары Алтын медаль менен бүткөн. Артек пионер лагеринде болгон. 1960–67-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. Ошол эле жылы Нарын медициналык окуу жайында мугалим, 1970–80-жылдары окуу жайынын директордун орун басары, 1980–84-жылдары Атбашы райондук борборлоштурулган ооруканасынын



бейтапкана башчысы, 1984–87-жылдары Кочкор райондук борбордук ооруканасынын тери-венерикалык бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенип келе жатат. Жети жолу билимин өркүндөтүп Москва, Ленинград, Ташкент, Новокузнецк, Бишкек шаарларынан окуп келген. 1991-жылы «Эмгек ветераны», 1997-жылы КР Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери, КР «Ардактуу донору». 2001-жылы КР «Эмгек сиңирген врачы» наамын алган. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси. 1 уул, 2 кызы, жолдошу Садырбаев Эсенбек да врач. Тогуз неберенин чоң энеси.

Мээнетин бүт элине берген эже,
Майнабын ишинин да алган эже.
Алган жары, уул-кызы баарысы тең
Кут болсун медицинада иштегенге.
Жетекчи кызматтарда жүрсө дагы
Адамга мамилеси сыйлуу эже.
Аман-эсен элиң менен жүрүңүзчү
Ардактап эли сүйгөн Баатыр эне!



**АБДРАХМАНОВА КАЛБҮБҮ МЫРЗАКУЛОВНА** – 1960-жылы 28-январда Кочкор районунун Төлөк айылында туулган. 1977-жылы Соңкөл орто мектебин бүтүрүп, КММИнин даярдоо курсуна кирген. 1984-жылы КММИнин педиатрия факультетин бүткөн. 1985–86-жылдары Нарын облустук тери-венерикалык диспансерге врач дерматовенеролог, 1986-жылдан бери Төлөк айылдык ооруканасында башкы врач, 2003-жылдан бери башкы врач, ҮДТнун клиникалык жетекчиси. Саламаттык сактоо-нун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Айылдык аялдар кеңешинин төрайымы. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Кар жаабаган касиет жер Төлөктү
Калбүбү иштеп бир топ эле көтөрдү.

Проект жазды, волонтерго сүйлөшүп,
Айтканга оңой иш жүзүндө көрсөтүү.
Ары сыймык, түйшүгү бар бул иште
Арбын эмес жыйырма жылын өткөрдү.
Азырынча алкыш айта туралы
Алдыдагы иштерин дагы көрөлү.



**ТУРСУНАЛИЕВА КАМАРА** – 1946-жылы 28-сентябрда Панфилов районунун Кумарык айылында туулган. 1964-жылы Карабалтадагы Макаренко атындагы орто мектебин, 1964–71-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүткөн, 1971–72-жылдары интернатураны Москва райондук ооруканасында өткөн. 1972–73-жылдары Петровка айылдык ооруканасында, 1973–74-жылдары Панфилов райондук балдар ооруканасынын педиатры, 1974–75-жылдары Миңкуш шаарчасынын балдар врачы. 1975-жылы атайын специализациядан өтүп, врач-инфекционист болуп Кочкор ТБнын инфекция бөлүмүнүн бөлүм башчысы. Жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоонун отличниги. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Тоо суусу тынбай шар агат
Токтотуп эч ким тура албайт.
Тоодой ишти аткарган
Камараны эли кадырлайт.
Токтоолук менен иш кылат
Анализ дартын дааналап.
Аман соо, эсен жүрсүн деп
Алты сап жаздым сизге арнап.

**АКМАТБЕКОВ ЭСЕНГУЛ** – 1948-жылы Кочкор районунун Кочкор айылында туулган. 1966-жылы Балыкчы шаарындагы №2 Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектепти, 1966–1972-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1972–1973-жылдары Ош облусунун Октябрское ооруканасында врач-уролог, 1973–1975-жылдары Советтик Армиянын катарына чакырылып, Амур облусунун Белогорск шаарында



аскер-врачы кызматын өтөгөн. 1975-жылы Кочкор районунун ооруканасына врач-хирург, оорукананын башкы врачынын орунбасары, хирургия бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы. Жогорку категориядагы врач-хирург. Үй- бүлөлүү, 4 баланын атасы.

Касиеттүү Кочкордо бар бир ага
Кичи пейил, жакшы карайт бейтапка.
Кочкорлуктун Мамакееви деп коёт
Кадыры бар, көп жасап операция.
Колу жеңил, диагнозун так билет
Мындай талант чанда берилет адамга.
Мыкты хирург эмгек сиңирген дарыгер
Үзүрүн берген көп жылдык тажрыйба.



**ЖУМАБЕКОВ ТУРАТБЕК ЖУМАБЕКОВИЧ** – 1962-жылы 5-мартта Нарын облусунун Кочкор районунун Теңдик айылында туулган. 1979-жылы «Кыргызстандын 50 жылдыгы» атындагы орто мектебин, 1980–1986-жылдары Ташкент шаарында Орто Азиялык педиатриялык медицина институтун бүтүргөн. 1987-жылы Нарын облустук ооруканасында врач-реаниматолог болуп иштеп баштаган. 1988-жылы Кочкор райондук ооруканасында реаниматолог-анестезиолог болуп иштеген. 1995-жылдан бери врач-хирург-травматолог ортопед болуп иштеп келе жатат. Биринчи категориядагы врач. 2003-жылы «Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери» медалынын ээси, көптөгөн облустук мактоо баракчалары бар. 1995-жылдан бери дагы бир кесип, япондук аппарат аркылуу ашказан, кызыл өңгөч, он эки эли ичеги ооруларын аныктайт. Кочкор аймактык ооруканасынын профсоюз уюмунун төрагасы. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Билимди алып кепкенен
Борбордон алыс Ташкенттен.

Гиппократ антын бек тутуп
Ишинен кынтык кетпеген.
Беш - алты өнөрдү аркалап,
Чебер дарыгер дедирген.
Эли сыйлаган ушул жигит
Эмгегин бир топ сиңирген.



**ОСМОНАЛИЕВ КОЖО** – 1942-жылы Кочкор районундагы Акчий айылында туулган. 1959-жылы Чолпон орто мектебин бүтүрүп, айылда жумушчу, малчы болуп эмгектенген. 1963– 66-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1966–68-жылы Чолпон совхозунда малчы болгон. 1968– 71-жылдары КММИнин тиш дарыгери факультетин артыкчылык диплом менен бүтүргөн. 1971-жылдан бери Кочкор өрөөнүндө тиш дарыгер. 1973– 75-жылдары Төлөк айылдык ооруканасында башкы врач, 2004-жылы пенсияга чыккан. Учурда Чолпон ҮДТда тиш дарыгери болуп эмгектенет. Облустук, жергиликтүү, администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү. 8 баласы бар.

Эс-акылы бүт элет деп жашаган
Эр жеткенден ден соолук деп келет.
Эркиндиктин, демократия шартында
Элди эмдеп имамдыкты аткарган
Өзү догдур, шариятты сыздатат
Өссүн ага алкыштан бөлөк нени айтам.
Эсен болуп элиңиз үчүн иштеңиз
Акын агам, үч ишти бирдей алпарган.

**ЖАНАМАНОВА ЛИДА АСАНАКУНОВНА** – 1961-жылы 20-мартта Ысыккөл облусунун Ысыккөл районунун Чырпыкты айылында туулган. 1968 – 78-жылдары Чырпыкты орто мектебин бүтүп, 1978–80-жылдары айылдык балдар бакчасында тарбиячы болуп иштеп, 1981–87-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргөн. 1987–88-жылдары Нарын облустук больницада интернатураны өтөгөн. 1988–90-жылдары Кочкор ЦРБ педиатр врач, 1991–95-жылдары Балыкчы шаарында өспүрүмдөр врачы, 1996–2002-жылдары Кочкор ЦРБда



педиатр врач, 2002-жылдан бери Теңдик айылынын үй-бүлөлүк дарыгери. Саламаттык сактоонун отличниги, 1-категориядагы врач. Райондук, жергиликтүү администрациялардын грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Ак сүйүүсүн аздектеген атасы,
Лида деп орусча ысым арнады.
Атына да заты жарашып эжеге,
Ашык сүйлөп, жаман ишке баспады.
Айлы менен ардакташат ак дилден.
Айтыңызчы андан өткөн сый барбы?
Чындыкты айтат, калпычыны жактырбайт,
Так аткарат өзүнө койгон талапты.



**КАЗИЕВ АЗИМЖАН** – 1952-жылы 2-апрелде Кочкор районунун Аккыя айылында туулган. 1959–69-жылдары Кочкор айылындагы Калинин атындагы орто мектебин, 1969–75-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1975–76-жылдары НОБОдо интернатурадан өткөн. 1976-жылдын 4-октябрынан баштап, Кочкор райондук борборлоштурулган ооруканасында терапевт врач, андан кийин атайын специализациядан өтүп, инфекционист врач, 1984-жылдын 10-сентябрынан тартып тез жардам бөлүмүнүн дарыгери болуп эмгектенген. 1985-жылдын 10-апрелинен бери №3 Каракүңгөй ҮДБнын клиникалык жетекчиси.

Кырчын кезден кызматы элге арналып,
Кара чачтын көбүн кардай ак басып.
Каракүңгөй эли сыйлайт аганы
Консультацияга Бишкектен бери барышып.
Рентген, узи сыяктанып колдору
Таң калтырган диагнозун так айтып.
Көз тийбесин түва-түва дейличи
Жүрсүн ага ак кызматын аткарып.



**КУРМАНАЛИЕВА УУЛКЕЛДИ АБЫЛАБЕКОВНА** – 1966-жылы 13-сентябрда Кочкор районунун Каратоо айылында туулган. 1974–1984-жылдары Кыргызстандын 50 жылдыгы атындагы орто мектебин, 1984–1991-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1991–1992-жылдары республикалык инфекциялык ооруканада интернатурадан өткөн. 1992-жылы Кочкор райондук борборлоштурулган ооруканасынын балдар бөлүмүндө врач-ординатор болуп иштеген. 1996-жылдан бери балдар бөлүмүнүн бөлүм башчысынын кызматын аткарып келе жатат. 1-категориядагы врач. 2002-жылы облустук «Жылдын эң мыкты дарыгери» наамынын жеңүүчүсү болгон. Облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Кемпир-чал да, келин-уулу сыйлашат,
Кызматы так ушул келин айтылат.
Калкы үчүн иштеп келет талыкпай,
Колу жеңил, кичи пейил аялзат.
Камкор эне, үйдүн куту, ырысы,
Күйөөсү экөө жаман кептен айтышпайт.
Кагазга жазып каалоо-тилек арнадым,
Капа болбо кетсе осол сап катараак.



**ГҮЛАНБАЕВА МУНАРА НАРЫНБАЕВНА** – 1971-жылы 11-ноябрда Кочкор айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1978–88-жылдар ВЛКСМдын 40 жылдыгы атындагы мектепти алтын медаль менен бүтүп, ошол эле жылы Кыргыз мамлекеттик медициналык институттун дарылоо факультетин бүткөн. Аталган окуу жайды 1994-жылы ийгиликтүү аяктап, физиотерапевт адистигине ээ болгон. 1995–96-жылдары республикалык кургак учук илим изилдөө институтунда эмгек жолун диагностика-дарылоо бөлүмүндө дарыгер болуп

баштаган. 1996- жылдын декабрь айында үй-бүлөлүк шартына байланыштуу, Кочкор райондук борборлоштурулган ооруканасына ишке алынып, өспүрүмдөр дарыгери, Кыргыз-Швецариялык саламаттыкты сактоодогу реформаларды колдоо долбоору менен иш алып барган. Ден соолукту чыңдоо кабинетинин адиси, райондук балдар дарыгери, райондук үй-бүлөлүк медицина борборунун директорунун уюштуруу-методикалык иштер боюнча орунбасары болуп эмгектенген. 2007-жылдын март айынан тартып, аталган борбордо кургак учук оорусу боюнча райондук координатор болуп эмгектенүүдө. Райондук, администрациянын грамоталары бар. Үй-бүлөлүү. 2 баласы бар.

Талапты коюп сураган
Тастыктап кызматын аткарган.
Татына ушул врачка
Жакшы сөздөр арналган.
Бой көтөрүп менсинбейт
Бир калыбынан жазбаган.
Ушул темпте жүрүңүз
Элиңиз аман, сиз аман!



**Иманалиев Саяк Иманалиевич** – 1938-жылы 13-апрелде Кочкор районунун Кочкор айылында туулган. 1947–1957-жылдары Калинин орто мектебин бүтүргөн. 1957-жылы Советтик Армияда кызматын өтөгөн. 1958-жылы СССР Коргоо министринин жогорку пограничный военный училищасында окуп, КПССтин мүчөсүнө кабыл алынган. 1959–1965-жылдары КММИнин стоматология факультетин бүтүргөн. 1965–1966-жылдары Төлөк айылдык ооруканасынын башкы дарыгери, 1967–1979-жылдары Кочкор райондук борбордук ооруканасынын башкы дарыгеринин 1-орун басары, 1979-жылдын октябрь айынан 1986-жылга чейин Кочкор райондук борбордук ооруканасында башкы дарыгер болуп иштеген. 1986-жылдан бери Кочкор райондук аймактык ооруканасында дарыгер-методист. СССР, Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы адис. Саламаттык сактоонун, Кызыл Кресттин областтык, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, «Эмгектеги каармандыгы

үчүн» медалынын ээси. Үй-бүлөлүү, 8 баланын атасы. 2007-жылы ноябрда катуу оорудан каза болгон.

Жетимишке келсе да
Жигиттей басып тың жүргөн.
Жарым кылымга чукул мүчөсү
Компартиясын чын сүйөт.
Жетекчи болуп кыйла жыл
Жеп-ичкенди билбептир.
Жаштарга айтып насаатын
Метод-стат жагын тейлептир.



**МАМБЕТЖАНОВА ГҮЛСАЙРА** – 1952-жылы 6-апрелде Кочкор районунун Доңалыш айылында туулган. 1959–1967-жылдары К. Мамбеталиев атындагы орто мектебинин 8-классын, 1967–1969-жылдары Кумдөбө орто мектебин бүтүп, Фрунзедеги медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн 1972-жылы бүтүргөн. 1972-жылдан бери Кочкор райондук ооруканасында тез жардам бөлүмүндө фельдшер, 2001-жылдан бери Кочкор ҮМБнын тез жардам бөлүмүнүн фельдшери болуп иштеп келе жатат. Жогорку категориядагы адис. Райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 5 баланын энеси.

Кыз кезден келип иштеген
Кызматын элге сиңирген.
Келин курак кетсе дагы кылчайбай
Эжекебиз, кетпептир өң келбеттен.
Кызмат, үй , эне милдетин
Кыраатты менен тескеген.
Өкмөт бербесе да сыйлыгын
Эл өз баасын эбак беришкен .

**ТУРГУНАЛИЕВ АБДИЖАЛИЛБЕК** – 1956-жылы 15-июнда Кочкор районуна караштуу Чекилдек айылында туулган. 1963–1971-жылдары Чекилдек орто мектебинин 8-классын бүтүргөн. 1972–1974-



жылдары Советтик Армияда кызмат өтөгөн. 1974-жылы Кочкор автомектебинде окуп, 1975–1976-жылдары Кочкор автобазасында, Кочкор ПМКсында айдоочу, 1989-жылдан бери Кочкор аймактык ооруканасында тез жардам бөлүмүнүн айдоочусу болуп иштеп келе жатат. Жергиликтүү администрациясынан Ардак грамоталары бар. Биринчи класстагы айдоочу. Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

Тулпары менен сырдашып
Кырсыксыз ишин алпарып,
Кыйла жыл иштейт талыкпай
Кыйын айдоочу аталып.
Калк сыйлаган бул ага
Калыбын бузбайт жай басып,
Оорубай иштеп жүрүңүз
Калкыңдан урмат-сый алып.



**СУЛТАКЕЕВ САГЫНБЕК** – 1954-жылы 18-ноябрда Кочкор айылында туулган. 1971–73-жылдары Фрунзедеги медициналык училищаны бүткөн. 1973–74-жылдары Кочкор ТБсында эмгектенген. 1974–76-жылдары Советтик Армияда кызмат өтөгөн. 1977-жылдан бери Кочкор жергесинде эмгектенип келүүдө. Жогорку категориядагы адис. Үй-бүлөлүү, 5 баласы бар.

**МУКАШЕВА ГҮЛНАРА** – 1957-жылы 30-сентябрда Кочкор районунун Жаңыжол айылында туулган. Калинин орто мектебинин 8-классын бүтүп, 1973–75-жылдары Пржевальскидеги медициналык окуу жайынын жалпы бөлүмүн бүткөн. 1975-жылдан бери Кочкор ТБсында хирургия бөлүмүндө медайым, 1979-жылдан бери физкабинетте улуу эмчиайым болуп эмгектенип келүүдө. Райондук, жергиликтүү



администрациялардын Ардак грамоталары бар. Жогорку категориядагы эмчиайым. Үй-бүлөлүү, 5-баласы бар.

Калк урматын күтө билиш чоң ырыс
Сыйга жетиш андан дагы эң зор иш.
Отуз жылы талбай кызмат аткарды
Массаж жасап, светке кактап эжебиз.
Бүтүндүгүн бүлөңөрдүн бек сактап,
Биргелешип жашап, иштеп келесиз.
Стаж канча деп сурасаң байкеден
Ошончо жыл канча болсо тишибиз.



**МАКЕЛЕЕВА ЧЫНАРА** – 1966-жылы Нарын шаарында туулган. 1973–83-жылдары Нарын шаарынан Киров атындагы орто мектепти, 1983–85-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1985-жылдан бери Кочкор районунун Аккыя айылдык ФАПында фельдшер болуп үзгүлтүксүз иштеп келе жатат. Жергиликтүү, райондук администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарын алган. I категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Чын ниеттен иштеп калкына
Чейрек кылым иш ыкма
Чыгып кетпей эч жакка,
Көгөрөт дарак бир жерден
Болсо эгер баары жайында.
Элиң менен бир болгун
Жакшы сөз уккун дайыма.
Үйүңө бакыт куш консун!

# НАРЫН РАЙОНУ



Туулган жерим түбөлүктүү турагым,
Сенде өткөн тентек бала курагым.
Кабыл алгын керемettүү Соңкөлүм,
Сага арнап ыр дестемди сунамын.

Керимсел жел бетти турат аймалап,
Түркүн гүлдөр жердин бетин саймалап.
Көз кумарым таркаганча көрсөм да,
Көлүм сени көргүм келет кайталап.

Соңкөлүм, касиеттүү кең Соңкөлүм,
Жакшы күн жаманын да өткөргөнүм.
Сулуусун көп жерлердин көрсөм дагы,
Сенден артык эч жерди мен көрбөдүм.

Каректе ар бир жылга белестериң,
Карааныңды алыста көп эңсеймин.
Жашоодон көзүм өтүп кетээрде да,
Акыркы ирет өзүңдү бир эстээрмин.

* * *

Кең Соңкөл жээги. Ободо торгой сайраган,
Жазгы жел согот. Жыты бар селки жыттанган.

Жээкте басам. Таң эрте турчу адатым,
Кусалык бар го, сага дейт жүрөк самаган.

Таңга жуук жамгыр нөшөрлөп кетти бир жакшы,
Чөптөргө жакты дилимди бир топ тазартты.
Чыгалбай турган бой керсе турчу ыргалып,
Бетеге тулаң жамгырдан кийин өзгөчө кооз жашарды.

* * *

Келдим сага касиеттүү Соңколум,
Көзгө сүйкүм ар бир жылга, торлоруң.
Эң бир чебер сүрөтчүсү дүйнөнүн,
Тартып бүтпөйт, тартып бүтпөйт көркөмүң.

Кооз жайлоо, керемettүү Соңкөлдү,
Кимдер келбейт суктанышып көргөнү.
Япон, швед, кытай, немис, француз,
Американык, негр жана бөлөгү.

Көлү көркөм, үстү толгон канаттуу,
Тынч кезинде кудум күзгү сыяктуу.
Толкун болсо көбүк чачат жинденип,
Тажаалданган көк бет долу мисалдуу.

Гүлдөрү көпкөгү, сары, кызгылты,
Суктандырып селки көзүн кызытчу.
Искеп көрсөң жыттары да бөлөкчө,
Илеп тартсаң көкүрөктү ысытчу.

* * *

Ай келет, кырдан ашып шоола чачып,
Апаппак нурун текши чачыратып.
Ай сымал мен да жалгыз ушул түндө,
Арбалам ыр дүйнөгө жүрөк балкып.

Ыр түрмөк келип турса толкуп ташып,
Колдорум жазайын деп калам шашып.
Мемиреген жанга сүйкүм ушул түндө,
Ырларым өлбөсө экен элге жагып.



**МУРАДИЛОВ ТУРАТБЕК ЖЫЛТЫРОВИЧ** – 1953-жылы 4-апрелде Тяньшань районунун Ташбашат айылында туулган. 1959–69-жылдары Калинин орто мектебин, 1969–76-жылдары КММИнин санитардык-гигиеналык факультетин бүткөн. 1976–80-жылдары Нарын облустук ички иштер башкармасынын амбулаториясында врач-эпидемиолог болуп эмгек жолун баштаган. 1980–85-жылдары Нарын облустук санэпидстанциясында бөлүм башчы, 1985–92-жылдары Атбашы райондук санэпидстанциясында башкы врач, 1992-жылдан тартып Нарын райондук мамлекеттик санэпид көзөмөлдөө борборунун башкы врачы болуп эмгектенип келет. Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери. Жогорку категориядагы врач. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, райондук администрациялардын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

Отуз жыл иштеп чарчабай,
Омоктуу ишти аркалай.
Орундуу кызмат аткарат,
Турат деген бир агай.
Жетекчи болуш оңойбу
Ылаң, дарт турса сагаалай.
Көп оорулар азайды,
Сырын айтсаңыз жашырбай?!



**ЖУМАЕВ ДАНИЯР АБДЫБЕКОВИЧ** – 1966-жылы Нарын районунун Жанбулак айылында туулган. 1972–1982-жылдары Жанбулак орто мектебин, 1982–1989-жылдары КММИнин педиатрия факультетин бүтүргөн. 1989–1990-жылдары Бишкектеги №3 клиникалык ооруканада ординатураны өтөгөн. 1990–1994-жылдары Нарын райондук оорукананасынын реанимация бөлүмүнүн башчысы, 1994–1996-жылдары Нарын облустук аскер горнизонунун аскер врачы, 1996–2000-жылдары башкы дарыгердин

орунбасары, 2001–2002-жылдары Нарын райондук борборлоштурулган ооруканасынын башкы дарыгери, 2002–2004-жылдары Нарын облустук үй-бүлөлүк медицина борборунун директору. 2004–жылдан бери Нарын райондук үй-бүлөлүк медицина борборунун директору болуп иштеп келет. КР Саламаттык сактоонун отличниги, 1-категориядагы врач. ССМинин, облустук, шаардык, жергиликтүү администрациянын Ардак грамоталары бар. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Эл үчүн деп ыйлап айтты
Минздравга кат да жазды.
Жогорку жак мелтейишет
Бербей бир да машинаны.
Айтматов Чыңгыздын каармапы
Ак үйгө обон жазаарында,
Баары биригип уялгандан
Бир «скорый» бере салды.
Элди сыйлап министр аке
Эми бир унаа кайрылабы?



**ӨСКӨНБАЕВ КАСЫМ АБДЫЛДАЕВИЧ** – 1950-жылы 1-мартта Нарын шаарында туулган. 1957–67-жылдары Эмгекчил орто мектебин бүтүргөн. 1967–70-жылдары чарбада бухгалтер болуп эмгектенген. 1970–76-жылдары КММИнин санитардык факультетин бүтүргөн. 1976–78-жылдары Нарын облустук санэпидстанциясында врач-бактериолог болуп эмгектенген. 1978–91-жылдары облустук санэпидстанцияда лаборатория башчысы, 1991–93-жылдары облустук СЭСтин башкы врачынын орунбасары, 1993–95-жылдары Нарын шаардык СЭСтин башкы врачы, райондук СЭСтин башкы врачынын орунбасары, 1998–2000-жылдары райондук СЭСтин бөлүм башчысы. 2000–2004-жылдары Нарын шаардык СЭСтин башкы врачы. 2004-жылдын августунан Нарын райондук санэпид көзөмөлдөө борборунда врач-эпидемиолог. Нарын шаардык Кеңешинин 2 жолку депутаты, Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери. Жогорку категориядагы бактериолог, эпидемиолог. Иш тажрыйбасында 5 жаңы ыкма, лабораториялык изилдөөлөрдү киргизген. Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

Өрнөктүү эч бир иш кылбай
Өмүрү суудай өткөн бар,
Өз иши менен таанылган
Өскөнбаев Касым бар.
Кадырлайт калкы шаардын
Ардактуу атуул наамы бар.
Депутат, жетекчи, новатор
Чемодан толо сыйлык бар.



**ДАНИЯРОВ АЗИМ ШУРАБАНОВИЧ** – 1952-жылы 10-февралда Жумгал районунун Чаек айылында туулган. 1959–69-жылдары Чаектеги М. Алыбаев орто мектебин. 1969–71-жылдары Жумгал спорт мектебинде күрөш боюнча тренер болгон. 1971–73-жылдары СА Түндүк флотунда кызмат өтөгөн. 1973–80-жылдары КММИнин стоматология факультетин бүтүрүп, 1981-жылдан бери Нарын райондук ооруканасынын тиш оорулар бөлүмүнүн башчысы. Профсоюз уюмунун төрөгасы. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы врач. Нарын облаcттык, райондук, шаардык администрациялардын Ардак грамоталардын баалуу сыйлыктардын ээси. Эркин күрөш боюнча I разряддагы спорт чебери. Үй-бүлөлүү. 2 кыз, 2 уулдун атасы. Баарысы жогорку билимдүү. Жолдошу жогорку категориядагы мугалим.

Аздектеп ишин сүйгөндөн
Азимдей агам бар дешет.
Тиш сууруп, салган жагынан
Агайга кээси теңешпейт.
Ал эле эмес күрөштө
Көптөрүн таза жеңген дейт.
Жакшы иштеп келет көп жылы
Профсоюз жагын жетектеп.

**МОЛДАЛИЕВА ЧАГАЛДАК** – 1951-жылы 1-декабрда Кочкор районунун Фрунзе колхозунда чабандын үй-бүлөсүндө туулган. 1958–68-жылдары Фрунзе шаарындагы №1 мектеп-интернатын, 1968–76-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1976–79-жылдары



Тяньшань райондук ооруканасында терапевт, 1979–88-жылдары Миңбулак айылдык ооруканасында башкы дарыгер, 1988–91-жылдары Жергетал айылдык ооруканада терапия бөлүмүнүн башчысы, 1991–2005-жылдары Нарын шаарында №1 УДТнун клиникалык жетекчиси. 2005-жылдан бери №3 УДТнун клиникалык жетекчиси. Жогорку категориядагы адис. Саламаттык сактоонун отличниги, жергиликтүү, райондук, шаардык, областтык администрациялардын Ардак грамотасын алган. Айылдык, райондук кеңештердин депутаты. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Чымчык сымал өттү жылдар көп эле,
Чарчоо билбей иштеп келет бул эже.
Чөлкөм барктап эжекелеп сыйлашат,
Чикерттесең жетип барат тез эле.
Чал-кемпири, баласы да баркташат
Чыр-чатакты жактырбаган «көл» эже.
Чың ден соолук иште болсун ийгилик,
Чын пейилден кызмат кылат элине.



**МАМАТОВ УЗАКБЕК МАМАТОВИЧ** – 1959-жылы Кочкор районунун Көкжар айылында туулган. 1966–1976-жылдары Көкжар орто мектебин. 1976–1984-жылдары КММИнин дарылоо факультетин бүтүргөн. 1984–1985-жылдары борбордо фтизиатрия боюнча интернатурадан өткөн. 1985–1987-жылдары Тяньшань райондук ооруканада башкы дарыгер, 1987–1988-жылдары Кочкор райондук ооруканада врач-реаниматолог, 1988–1992-жылдары Кочкор райондук борборлоштурулган ооруканада башкы врачтын орунбасары, 1992–2002-жылдары Лахол айылдык ооруканада башкы врач, 2002-жылдан бери №6 ҮДТнун клиникалык жетекчиси болуп иштеп келе жатат. Саламаттык сактоо министрлигинин, профсоюз комитетинин, облустук, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак

грамоталары бар. Айылдык Кеңештин 2 жолку депутаты. Саламаттык сактоонун отличниги, жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

Кадырың бар калкың сыйлайт дайыма,
Качан болсо ден соолуктун камында.
Каракужур катаал жерде иштеген
Узак ага мыкты врач чынында.
Санжырадан кеп козгосоң капыстан
Күнү-түнү уккуң келет жанында.
Эли үчүн эмгек кылган агама
Каалоо-тилек жаздым ушул саптарга.



**АКУНОВ ИШЕНБАЙ** – 1949-жылы 25-ноябрда Нарын шаарында туулган. 1956–66-жылдары Токтогул орто мектебин бүтүргөн. 1966–68-жылдары НМУдан фельдшердик бөлүмдү бүтүп, 1968–70-жылдары Эки-Нарын аймагында фельдшер, 1970–76-жылдары КММИнин дарылоо факультетин аяктап, 1976–77-жылдары НОБОдо интернатурада, 1977–80-жылдары Акталаа районундагы Кошдөбө айылдык ооруканасында башкы врач, 1980–84-жылдары НМУда мугалим, 1985–87-жылдары Нарын шаарында физкультуралык диспансердин башкы врачы, 1987–89-жылдары Нарын шаардык наркологиялык диспансердин башкы врачы, 1989–93-жылдары ушул диспансерде уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1993–2004-жылдары Нарын райондук ооруканада участкалык психиатр, 2004-жылдан Нарын областынын ҮДБнын врач-координатор-наркологу, 2006-жылдын декабрынан бери Нарын районунун ҮДБнун врач-психиатры болуп эмгектенип келүүдө. Жогорку категориядагы врач. Үй-бүлөлүү, 5 баласы бар.

Отуз жыл ашык иштеди,
Чарчоону анча билбеди.
Жамандаган көп сөздү
Кулагына илбеди.
Акунов десе көптөрү
Ачуу сөз айтпайт эзели,
Анткени билет бул байке
Көзүнөн таанып наркошту.



**ТОКТАЛИЕВА НАРЫНКҮЛ ТААБАЛДИЕВНА** – 1967-жылы 2-мартта Нарын районунун Жыланарык айылында туулган. 1974–84-жылдары Жыланарык орто мектебин, 1984–87-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүткөн. 1987-жылдан бери Нарын райондук ооруканасында медайым, реанимация бөлүмүнүн медайымы. 1999-жылдан бери ҮДБда улуу медайым болуп эмгектенип келүүдө. Саламаттык сактоо министрлигинин, облустук, райондук жергиликтүү администрацияларды Ардак грамоталары бар. Жогорку категориядагы медайым. Саламаттык сактоонун отличниги. Үй-бүлөлүү. 3 баланын энеси.

Каадасын бузбай түз басат.
Калпыс иш такыр жазабайт.
Жумаев эмес бул кызды
Дубанда айымдар ардактайт.
Жүзүнөн кетпей жылмаюу
Жин келсе да байкатпайт.
Жактырып калдым дегенди
Жашачы көпкө деп айтат.
Жайдары мүнөз Нарынкүл
Жүрөктүн көбүн жаралайт.



**САДЫКОВА БАКТЫГҮЛ** – 1968-жылы Тяньшань районунун Ийрисуу айылында туулган. 1974–1984-жылдары Ийрисуу орто мектебин, 1984–1986-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. 1986–1989-жылдары облустук ооруканада жугуштуу оорулар бөлүмүндө медайым болуп иштеген. 1989-жылдан бери Жеркөчкү ФАПынын фельдшери болуп иштеп келе жатат. Райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. 1-категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 2 баланын энеси.

Кар түшпөгөн катаал жер Каракужур,
Какшайт шамал жайы-кышы утур-утур.
Катаал жерде бел чечпей иштеп келет,
Кара тору сулуу айым Бактыгүл.
Калк үчүн ак кызматын кылам деп,
Күн тынымы, түн уйкусун көп бөлүптүр.
Кадырлашкан элиң менен эсен болгун,
Кайран өмүр келбейт кайра бул учур!



**БЕКТЕМИШОВА НУРГҮЛ ЖАБУЕВНА** – 1968-жылы 1-мартта Нарын шаарында туулган. 1975–1985-жылдары Ленин №4 орто мектебин, 1985–1988-жылдары НМУнун балдар бөлүмүн бүтүргөн, 1988–1993-жылдары Нарын облустук ооруканасынын неврология бөлүмүндө, 1996–2001-жылдары Нарын облустук балдар ооруканасында, 2002-жылдан бери Нарын райондук ҮМБнын тери-венерикалык оорулар бөлүмүндө медайым. Жогорку категориядагы медайым. Жергиликтүү администрациясынан грамоталары, баалуу сыйлыктары бар. 1985-жылдан бери Кыргыз Республикасынын ардактуу донору. Үй-бүлөлүү, 1 баланын энеси.

Токтоо мүнөз сестрабыз Нургүл
Толук элге кызматыңды кыла жүр.
Тыкан иштеп өз милдетин түшүнөт
Болгону жок сөгүш алган бир учур.
Ишиң жүрсүн, ден соолугуң чың болуп
Иргеп сөздөн Сизге арнадым төрт сап ыр .

**АЙСАРАКУНОВА ТОКЖАН АБАСОВНА** – 1971-жылы Атбашы районунун Терексуу айылында туулган. Терексуу орто мектебин 1988-жылы бүтүрүп, ошол эле жылы НМУнун фельдшердик бөлүмүнө тапшырган. 1991-жылдан бери Каражылга ФАПында акушер-фельдшер болуп эмгектенип келет. Көбүнчөсүн ат менен кыдырып иштөөгө туура



келет. Райондук, жергиликтүү администрацияларды Ардак грамоталары бар. I категориядагы адис. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Алыскы Каражылга малчыларын
Атчан жүрүп Токжан сулуу кыдырасың.
Ат үстүндө шамалдай жүрөт десе
Азамат деп мен сага суктанамын.
Анча-мынча жигиттен ашып түшөт
Ат токуп, суутуп, барктап минген жагың.
Аман жүр элиң менен алыс жерде
Айылыңа барып калсам жарышамын.



**КӨЧӨКБАЕВ МАЙРАМБЕК ИШЕНАЛИЕВИЧ** – 1952-жылы 8-ноябрда Нарын районунун 8-Март айылында туулган. 1959–69-жылдары Нарын районундагы ветстанциянын санитары, 1971–74-жылдары Нарын райондук санэпидстанцияда дезинфектор, 1974–77-жылдары НМУда фельдшердик бөлүмдө, 1977–96-жылдары Нарын райондук ооруканасында, Аксай өрөөнүндө ФАПтын башчысы, 1996-жылдан бери Нарын районунун ҮДБда медстатист. Саламаттык сактоонун отличниги. Жогорку категориядагы фельдшер. Областтык, райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары бар. 7 баланын атасы. 3 баласы фельдшер.

Жайы салкын, кышы ызгаар Аксай деп
Облус эмес Кыргызстанда жүрөт кеп.
Ошол жерде калк саламаттыгын сактаган
Көптөрү айтат Майрамбек кыйын фельдшер.
Шартка карап келип калып Нарынга
Иштеп жүрөт стат жагын жетектеп.
Кээ күндөрү сагынгансып Аксайын
Тоо кыдырып басып келет сейилдеп.
Азыр деле аксайлыктар самашат
Өзү жүрөт жиберсе кайра барам деп.



**НУРДИНОВА КУНДУЗ ТАБАЛДИЕВНА**– 1974-жылы 8-апрелде Нарын шаарында туулган. 1981–1991-жылы Нарын шаарындагы Ленин атындагы орто мектебин, 1991–1994-жылдары Нарын медициналык окуу жайынын акушердик бөлүмүн бүтүргөн. 1994-жылдан бери Нарын районунун Жалгызтерек ФАПында акушер, медайым, фельдшер болуп иштеп келет. Облустук «2006-жылдын эң мыкты фельдшери» наамынын жеңүүчүсү болгон. Райондук, жергиликтүү администрациялардын Ардак грамоталары, баалуу сыйлыктарынын ээси. 1-категориядагы адис. 2 баланын энеси.

Тыпылдаган айылдык сары келин
Тыкыр кармап тилимди айтам кебим.
Тынымы жок күнү-түн иштеп жүрүп,
Жеңип алган «Жыл мыктысы» ыйык наамын.
Жеңишине шыктанып чарчоо билбейт
Жок укпадым, бейчеки баскан жагын.
Жайдары мүнөз жаркылдаган келиниме
Жүрөгүмдөн суурул ушул ырды жаздым.
Өзүң өңдүү сулуулары көп-көп болуп
Жалгызтерек өсүп-өнүп жаркылдасын!



**ЧҮКҮШОВА ГҮЛЗАМИРА МАЛИКОВНА** – 1973-жылы 1-январда Нарын районунун Куланак айылында туулган. Куланак орто мектебин 1989-жылы аяктап, 1991-жылы НМУга өтүп, 1993-жылы бүтүргөн. 1996-жылдын 25-сентябрында Куланак участкалык ооруканасына акушерка болуп иштеп баштаган. 2002-жылы март айында жаңы реформага ылайык үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда үй-бүлөлүк медсестра болуп эмгектенип келет. Кыргыз мамлекеттик кайра даярдоо жана адистикти жогорулатуу институтунда «Медициналык сестра» кесиби боюнча кайра даярдоо курсун бүтүргөн. 2004-

жылы сестралар күнүндө Нарын облустук үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун жетекчилиги жана профсоюз уюму тарабынан Ардак грамота менен сыйланган. 2005-жылы майда өткөн медсестралар күнүнө арналган медсестралар конкурсунда 1-орунду жеңип алган. I категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.

Айыл жери кут төгүлгөн береке жер,
Айыл эли меймандосчул сыйчыл эл.
Айылда иштеп ден соолукту сакташат,
Ак халатчан ага жана эжелер.
Арасында кызмат кылып келатат
Ишке дилгир Гүлзамира айым бар.
Калк кадырын алып иштеп жүрсүн деп
Арналды сизге чын ниеттен бул саптар.



**КҮРҮЧБЕК УУЛУ ЖЫЛДЫЗБЕК** – 1977-жылы 22-апрелде Нарын шаарында туулган. 1984–1994-жылдары Нарын шаарындагы №3 С.М.Киров атындагы орто мектебин, 1994–1997-жылдары Нарын шаардык медициналык училищасынын фельдшердик бөлүмүн бүтүргөн. Ошол эле жылы Нарын облустук психонаркологиялык бөлүмүндө палатный фельдшер, Нарын облустук санэпидстанциянын сангиг-лабораторияда жардамчы санврач, 1999-жылы Нарын облустук Саламаттык сактоо башкармасынын информация бөлүмүндө медстатист, 2002-жылдан бери Нарын облустук медициналык-маалымат борборунда бөлүм башчы, 2007-жылдан бери облустук ден соолукту чыңдоо борборунда иштеп келет. Экинчи категориядагы адис. Облустук, жергиликтүү администрациялардын грамотасы менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 2 баланын атасы.

Компьютер менен сырдашып,
Кызматын тың, тарс аткарган.
Маалыматтты шак тактайт,
Минут, саатын так алып.
Маектин чыгарат мазесин,
Макал, анекдот кошо айтып.
Мимо кетпейт эч кимден,
Менсинбей саламын түз айтып.



**ЖАНЫБЕКОВА УПАГҮЛ –** 1970-жылы Атбашы районунда туулган. 1977–1985-жылдары орто мектептен 8-классты бүтүрүп, Нарын медициналык окуу жайынын сестралык бөлүмүнөн билим алган. 1987-жылдан бери Нарын районунун Кызылжылдыз айылдык ФАПында эмгектенип келет. Жергиликтүү райондук, облустук администрациялардын Ардак грамота, баалуу сыйлыктардын ээси болгон. 1-категориядагы медайым. Үй-бүлөлүү, 4 баланын энеси.

Айыл эли мээнеткеч да, түйшүкчүл
Догдурдан качып башыңа салат көп мүшкүл.
Баарысына чыдап иштеп келатат
Чыйрак келин Карачийлик Упагүл.
Чалчык кечип, эл кыдырат аязда,
Убарасын жанында жүрүп карап тур.
Чарчадым деп кабак түйүп кейибейт,
Кызматын сүйгөн чыны менен «Фанаткүл».

# ЫРЛАР

*«Ден соолуктун кадырын ооруганда билесиң».*
*Кыргыз эл макалы.*

## МЕДИКТЕРГЕ

Иш дегенде ичкен ашын унуткан,
Имерчиктеп оорулууга айланган.
Пейли таза, өзүңөр да таптаза,
Перизаттай медиктерге суктанам.

Оорулуунун алын сурап айланган,
Оорусуна не бир себеп таба алган.
Медиктердей мээрбан киши бар бекен,
Мен силердин кызматыңа багынам.

Гиппократ антын сактап аркачан,
Өлүм менен тике туруп кармашкан.
Ай медиктер, эмгегиңер зор тоодой,
Өмүр үчүн ажал менен арбашкан.

Адам жанын сактап жүргөн медиктер
Элиң үчүн эң керектүү элсиңер.
Ден соолукта аман-эсен болгула,
Калкыңарга дагы да көп берчүңөр.

Үйүңөргө ырыс-бакыт кут толсун,
Ишиңерде ийгиликтер мол болсун!
Элибиздин ден соолугу чыңалып,
Алдыңарда зор байсалдуу жол болсун!

* * *

Имерчиктеп айланган оорулууга
Экинчи үйү болуп калган оорукана.
Эмгегиңер акталып тилек кылган
Эч кимиси өлбөстөн айыгышса.

Ата-энеңдей караган оорулууга
Аш ичсе да оюнда оорукана.
Айыгышып дарылаган кеселманың
Аттиң десең өлүшпөй койсо кана.
Бири кетсе, башка бирөө төрөлүп
Адам деген ушинтип жашайт тура.

* * *

Жалаңдаган ийнени кармап турган,
Оорутпастан эттерин оорулуунун
Дарыларын акырын сайып турган
Ак халатчан чепчикчен эжекеге
Жагаарымды канткенде билбей турам.
Жан кыйналып кейисем этим ысып,
Энекемдей чекемден сылап турган

## АПАКЕМ

Алыс сапар тартаарымда өзүңдү,
Аман тур, – деп ак бетиңден өпчү элем.
Жолум тосуп ал сапардан кайтаарда,
Көлөкөм, – деп эркелетип тосчу элең.

Кичинемде багыш үчүн өзүмдү,
Асыл апам канча азап тартпадың.
Этим ысып чыргоолонуп ыйласам,
Канча жолу түн уйкуңдан калбадың.

Жаным апа, боорукерим апаке,
Жаман тилек каалабайсың биздерге.
Таманына кирген тикен баламдын,
Кирсе экен деп тилейсиң сен чекеңе.

## АПАЛАР

Апалар – аткан таңдан артыксыңар,
Апалар – жарык чачкан күндөйсүңөр.
Апалар – жазда тоодо өсүп чыккан,
Байчечекей,кызгалдак гүлдөйсүңөр.

Апалар – таңкы тунук булаксыңар,
Апалар – түндө жанган жылдызсыңар.
Апалар – өмүр бою ырдай берээр,
Турмушумда түгөнбөгөн ырымсыңар.

## ЭЛИМЕ

Таарынба, капаланба элим менин,
Талпынып кызматыңды кылып келдим.
Турмушта көп жеңилип, кээде жеңип,
Тар кечүү, тайгак жолду басып келдим.

Аккан суу топурагың алтын мага,
Ат токуп жеңиш тилеп бердиң бата.
Ак бата үмүтүңдү таш каптырбай,
Ар убак намыс туусун алдым сага.

Туура түшүн кагылайын кутман элим,
Тушунда шумкар кылып таптап келдиң.
Ак сүтүң үмүтүңдү таш каптырбай,
Намыс туусун көп жолу алып бердим.

Таарынба сыртың салба ыйык элим,
Тушуңда тулпар болуп чуркап бердим.
Жарышта жаза баскан күлүк сымал,
Ташыркап аксап баспай турган кезим.

Жаш кезде тентек ишти кылсам керек,
Жаштыкка айла барбы? Көп-көп себеп.
Жамандык оюмду бүт жууп келдим,
Жайдары көңүл бөлчү ушул ирет.

Капаланып кайгырба куттуу элим,
Картайып чарчап турган кезим менин.
Дагы эле көп намысың алып берет,
Артымда мен өстүргөн инилерим.

Чуркаймын колдон келсе дагы алыска,
Сүрөгөн арка-жөлөк силер барда.
Сыйымды колдон келген берип кетем,
Садагам элим сага бул жалганда.

Таарынба түшүн мени кутман элим,
Талпынтып барчындарың таптап бердим.
Менден да көп намысың алып берет,
Намыскөй мен үйрөткөн жигиттерим.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Ар кимге туулган жери кымбат келет,
Алыста жүргөнүңдө дем-күч берет.
Асылын көп жерлердин көрсөм дагы,
Атыңа таазим кылам Жалгызтерек.

Жери бар берекеси толуп ташкан,
Көк кашка мөңгү суусу көбүк чачкан.
Ырыстуу жакшы элден болуп келет,
Кылымдап Соңкөл, Жапырык жердеп калган.

Элимде ынтымак бар, ырыскы бар,
Эшиги ачык келет меймандарга.
Эңишип, улак тартса жигиттери,
Эзелтен алып жүргөн аңдары бар.

Кыз куумайда мөрөй алса кыз-келини,
Күлүгү, жорголору көп байгелүү.
Ордодон башка оюндан алдырышпайт,
Намыска бекем турат жигит эли.

# «ДЕН СООЛУК» ЧАЙНВОРДУ



## Саат жебеси боюнча:

1. Кыргыз элинин сыймыгы, эпос.
2. Тергөөчүгө бересиң.
3. Космонавттар багынтат.
4. Япон фирмасы.
5. Большевиктердин гезити.
6. АКШдагы штат.
7. Жөтөлгөндө ичесиң.
8. Фармацевтика фирмасы.
9. Тоо түрү.
10. ... де Жанейро.
11. Аба катмары.
12. Ыйык даам.
13. Санак эсебинин түрү.
14. Айылдын филармониясы.
15. Атактуу орус окумуштуусу.
16. Ыйык адамың.
17. Улукмандын өз аты.
18. Баш ооруганда ичесиң.
19. Медицина шайманы.
20. Өлгөн адам элеси.
21. Анод эмес.
22. Дарак түрү.
23. СССРди көп жылы башкарган.
24. АКШнын 28-президенти.
25. Уулуу зат.
53. Кымбат баалуу таш.
54. Өтүккө окшош мамлекет борбору.
55. Медиктер бетине тагынат.

## Туурасынан:

26. Врачтар антын берет.
27. Көзгө чыгат.
28. Шахмат боюнча дүйнөнүн 12-чемпиону.
34. Операция үчүн колдонулат.
35. Асмандагы чекит.
36. Адырдын агасы.
37. Эл аралык уюм.
44. Кыргыз элинин белгилүү профессору.
45. Бокс королу.
46. Кичине планета.
47. Германиядагы көмүр кени.
48. Буга тартылабыз.
56. Португалиядагы дарыя.
57. Орус кыз ысымы.
58. Медициналык каражат.

## Тигинен:

26. Венадан куюлган дары.
29. Богоктун орусча аталышы.
30. Жугуштуу оору.
31. Жаан-чачында колдонобуз.
32. Эки нерсенин жалгашышы.
33. Жазуучу Марк...
38. Жүрөк оорусунун дарысы.
39. Африкадагы мамлекет.
40. Сагыз түрү.
41. Жаратка коюлат.
42. Кымбат баалуу таш.
43. Ыр түрү.
44. Учурдагы кеңири тараган оору.
50. АКШдагы штат.
51. Балдар оюнчугу.
52. Тыгындын орусча аталышы.
53. Суулуу жер.
59. Шаарлардын телефон дареги.

Түзгөн *Жолдубай Сүйүнбаев*

## «Кдан» куралган кабарчылардын күлкүлүү командировкасы

Каарман кезитибиздин керилген көрүнүктүү кымбаттуу кабарчысы Кайып керебеттен кербездене керилип келип, кечкиден калган коньяктан кыркты кулкунга кулк куюп, көйнөк-костюмун күбүнүп кеңсесин көздөй кызматка катуусунан келатты. Киров көчөсүнүн кесилишинен көздөрү көнөктөй Күмөн карп-курп кезигип, кечээки Кытайдын көк кылтыры каллаларын катуу каңгыратып койгонун кейип-кепчип кеп кылды. Кеңсеге кирип келишсе карчарбадан кабар камдаганга Кайып Кочкордун Каракужуруна, Куртканын комхозунун көрсөткүчүн Күмөнгө камдап келишке, командировочныйларын колуна карматышты. Кесиптештерине коштошуп, колтукташа келишип «Кереметтен» «Кербезден» кырлары кетилген күрүшкөгө кылтылдата көктөн куюшуп, кара казандын катыган, калдыраган каттамасынан кемиришип, коюн-колтукташа коколорунан кур-кур кылышып, кайта-кайта командировочныйлары кемип калганына кейише кеп кылышып, кеңседеги кесиптеши Кайырга кеңешкени келишсе кашайып Кайыр көйнөк - кечесин камдап, келин көргөнү кеткенин катчы келин Кади кабарлады.

Карайлап калышкан кыраандар Калыктын кассир келининен карызга кыркты кармашып, кыйратышчудай катарлаша кайра келишип, камоктогу Кадыралынын кара кызы Калыймандын кызыл книгесине карызга катталып кытайдын көгүнөн кекиртектерине куюшту. Кудайдын колдоосун кайра-кайра көксөшкөн Кайып кайнатасынын карындашынын кайнисинин келинине кошулганына кудуңдап, Кочкордун Каракужуруна кетти. Күмөн Кошойкоргондук Керимдин коммерсант колуктусуна кыт-кыт күлө кыналышып, КАВЗда кайкалап Куртканы көздөй кайыды. Каракужурга келсе көптөн күткөн Көчкөндүн көрөр көзү Кайып акемди кой көргөн карышкырча каарлана карады. Көп катары кабылдаган Какем колун калчылдатып кары картаңдардын көмүрдүн кымбат, кумшекердин катып калганына кейишкендерин көк китепчесине кыйытма кабарына киришмекке калемин камдады. КАВЗда көшүп келген Күмөн Курткадан көзүн кымыңдата күлүмсүрөй келинди колтуктай комхоздун кеңсесине

келсе, короолчусу кичинекей кандегин каңшылатып, короодо кишилердин катыган кыгын күрөктөп келатып, комхоздун кызматчылары кетип калышканын кеп кылды. Коммерсант келиндин колун кармап Күмөн курсташы Канаттын кичинекей квартирине келип, казы-карта, күлчөтай, карынга курсагын кампайтышып кучакташа конуп калышты. Кийинки күнү комхоздун көлтөйгөн келининен көрсөткүчүн кагазга калемин кайкалата кабарын каалагандай казып, кайрадан коммерсант келинин колтуктап Комбиде кыналышып колтуктары көрүнгөнчө күлүшүп келип, Киров көчөсүнүн кесилишинен кошунасынын короосунун калиткасын калдыр-кулдур каккылап келинчегине кайран Күмөн күлүмсүрөй келип калды. Колуктусу Күмөндү көрүп коркуп кетти. Көрсө, кайранымдын көйнөгүнө коммерсантканын кылдары кадалып, кызыл-кызыл краскасы көйнөгүнө катып калыптыр.

Кайындарына келген Кайыпты кайненеси кара койдун катып калган карчыгасын кара казанга кайнатып коноктоду. Коноктогону курусун, кара коюнун карчыгасын кадимки Каракужурдун курттары каптап кетиптир. Кытайларчасынан курттарды кызып калган Кайып кырча-кырча кемирип курсагын кампайтып коңурукка кирди. Кийинки күнү кабарына канааттанган Кайып Кочкордун Каракужурунан кечээ кечинде келип, колуктусу Күлүйпанын көөдөнүнө күрс кулады. Колуктусу Кайыпка кара казанга кырынан кылып картошканы кызарта кууруп коюптур. Картошкага кошуп кечээги коньяктын калганын кекиртегине коңторгон Какем кериле келип керебетке карс кулап, коңурукка катуусунан киришти. Катуу кетсем кечирээр, капачылыктан кийин келбедикпи, кыргызбайларым.

Кымбатчылыкта кичине-кичине күлүп койсок күнөөлөшпөс.

«Клар» калбай калды.

*Кандидаттыкка калемин кайраган Ж.С. калемгер.*

# СОҢКУ СӨЗ

*Мына урматтуу окурмандарым, замандаштарым, каармандарым! Жүрөгүмдү түпөйүл кылып, өзүм ойлоп ишке ашырсам деп кыялданып жүргөн китебимдин соңку барагын жаап отурасыздар! «Элден өткөн сынчы жок» деген жакшы сөз бар. Кайсы ырымката, кайсыл эмгегим жараксыз экендигин ачык айткан сынныңыздарды угууга даярмын. Николо Фосколо учурунда минтип айткан экен. «Адабият – бул күнкор эмес эркин өнөр. Эгер ал сатылган болсо баары сокур тыйын». Таамай айтылган сөз. Сөзүмдүн соңунда жалпы кыргыз элине бакыбат жашоо, бейпил турмуш каалайм! Сиздерге өмүр, ден соолук, бакыт, жакшылык каалап Алыкулдун төрт сап ыры менен сөзүмдү аяктайын.*

*«Бар бололу түгөнбөйлү, курдаштар*
*Узак, узак, узак болсун бул сапар.*
*Жашоо бүтүп дүйнөдөн жок болсок да*
*Кайра кайтып жолугушчу жолдор бар».*

---

ЖООПТОРУ:

**Саат жебеси боюнча:** 1. Манас. 2. Сурак. 3. Космос. 4.Сони. 5.Искра. 6.Аляска. 7.Адреналин. 8.НЭМАН. 9.Нар. 10.Рио. 11.Озон. 12.Нан. 13.Нак. 14.Клуб. 15.Боткин. 16.Апа. 17.Абу Али ибн Сина. 18.Аспирин. 19.Носилка. 20.Арбак. 21.Катод. 22.Дуб. 23.Брежнев. 24.Вильсон. 25.Никотин. 53.Сафпир. 54.Рим. 55.Маска.

**Туурасынан:** 26.Гиппократ. 27.Тирсек. 28.Карпов. 34.Наркоз. 35.Зенит. 36.Тоо. 37.ОБСЕ. 44.Иса. 45.Али. 46.Икар. 47.РУР. 48.Рентген. 56.Зезири. 57.Ира. 58.Иод.

**Тигинен:** 26.Гемодез. 29.Зоб. 30.Бруцеллёз. 31.Зонтик. 32.Контакт. 33.Твен. 38.Валидол. 39.Лесото. 40.Орбит. 41.Тампон. 42.Нефрит. 43.Терме. 44.Инфаркт. 49.Нуклеин. 50.Невада. 51.Топ. 52.Помпа. 53.Саз. 59.Код.

# М А З М У Н У

Автордон....3
Медицина илимдеринин доктору, профессор ....5
Медицина илимдеринин кандидаттары....6
Нарын жергеси ....12
Облустук үй-бүлөлүк медициналык борбору ....15
Нарын облустук ден соолукту чыңдоо,
окутуу борбору жана жетекчилер ....43
Милдеттүү медициналык камсыздоонун
Нарын аймактык башкармалыгы ....50
Нарын облустук санитардык эпидемиологиялык
көзөмөлдөө борбору....54
Нарын облустук бириктирилген ооруканасы ....60
Атбашы району ....130
Акталаа району ....141
Жумгал району ....156
Кочкор району ....171
Нарын району....186
Ырлар
Медиктерге ....199
Апакем ....200
Апалар ....200
Элиме ....201
Туулган жерим ....202
«Ден соолук» чайнворду ....203
«Кдан» куралган кабарчылардын күлкүлүү командировкасы ....205
Соңку сөз ....207

---

**Жолдубай Сүйүнбаев**

**ТЕҢИРТООЛУК МЕДИКТЕР**

**Өмүр баяндар жана арноолор**

Редактору *Жакин Теңирбергенова*
Компьютердик калыпка салган *Рустам Атабаев*
Сүрөтчүлөрү *Элдияр Мукамбет уулу, Элеонора Шаршеналиева*

Басууга 18. 06. 2008-ж. кол коюлду.
Көлөмү 13 б.т. Нускасы 1000. Заказ № 383.

«Учкун» ААКнын басмаканасында басылды.
720054, Бишкек ш., С. Ибраимов көч., 24.